***Мурат Мусабаев***

# *ТАЗА МАМЛЕКЕТ*
## *ЧАКЫРЫГЫ*

### *«ТАЗА МАМЛЕКЕТ ТЕОРИЯСЫ» ДЕГЕН ЭМНЕ?*

#### *1-тема. Аң-сезим, диндер жана ыймандуулук жөнүндө*

XXI кылым... Бул – азыркы цивилизациянын алдындагы орчундуу маселелерди адам баласы кайрадан андап билер мезгил. Коомдошуунун буга чейинки нуктары адамзаттын тийиштүү өнүгүү баскычындагы рухий абалы менен керектөөсүнө жараша маданий, адеп-ахлактык жана саясий баалуулуктарын калыптандырып келди. Тарыхый тажрыйба, анын натыйжалары адам баласын Кудай жараткандыгын бирдей түшүнүүгө жол ача элек, бул жагынан ар кайсы диндер дагы эле рухий изденүү-адашуу доорун баштан кечирүүдө. Бирок азыр жалпы адамзат биримдигине негиз болуучу эрежелердин оркойгон каталары жана өксүктөрү көрүнө баштады.

Адамдын ээелки касы (азезил же шайтан) деп кимди атоо керек деген суроого көнүмүш жооп издөө аракети тарыхый өнүгүүнүн учурдагы баскычында динди, анын каалагандай формаларын каралоого, кадырын кетирүүгө багытталып калды. Дүйнө элдери өздөрүнүн коомдошуу нуктарынан такыр көнүлдөрү сууду. АТАЖУРТ деген түшүнүк адамдардын жүрөгүн толкундатпай, туулган жерге имерилген сезим өчүп баратат. Кыстаган турмуш элди кайдигерликке, жек көрүмчүлдүккө көндүрүүдө! «Каерде жерде жакшы жашасаң, ошол жер – сенин мекениң» деген жаңы макал пайда болду. «Жакшы жашоо» деп материалдык муктаждыктарын гана канааттандырууну түшүнүшөт. Ошентип, мурда жектелип, эл сабынан, киши катарынан четке сүрүлүп келген «күн тийген жердин күкүктөрү» азыр эч кымырынып-кысынбай, тескерисинче, ар кимге жол көрсөтө баштады, «акылдуу болсоң, эмне үчүн кедейсиң?» деп.

Бүгүнкү кырдаалды карасак, Азезил-Шайтандын мүдөөсү бул жагынан абдан ыкчам ишке ашып баратканын көрөбүз… Биз социалдык-саясий агымдын эпкинине туруштук бере албай, жан-дүйнөбүз улам жардыланып, бүлгүнчүл окуялардын айлампасына тартылуудабыз. ***Дили сергек адам менен руху күчтүү Эл гана дүйнөдө бүгүн эмне болуп баратканын даана түшүнө билет!*** Бирок түшүнүү менен эле чектелип, токтоп калбоо керек. Бүлгүнчүл, кыйраткыч агымга туруштук берүү үчүн ишеничтүү таяныч таап, күч-кубатыбызды арттырышыбыз зарыл. Биздин таяныч – саясий, экономикалык же диний каражаттар эле эмес, эң оболу ***Акыл-эс, Рух жана Дене-бойдун жуурулушкан БИРИМДИГИ***. Биз кээ бир көнүмүш түшүнүктөрүбүздү кайра караштырууга аргасыз болобуз. Биринчи кезекте булар: акча, жеке менчик, саясий бийлик, коомдук-экономикалык мамилелер, улуттук коопсуздук жана, атүгүл, дин сыяктуу көрүнүштөргө тиешелүү. Канчалык таң калычтуу көрүнсө да, дин кош миздүү канжарга окшош, ал адамды өлүмдөн арачалап калышы да, бейажал өлтүрүп коюшу да мүмкүн! Мунун баары ошол «канжар» кимдин колуна тиерине жараша болот!

Соңку кезде дүйнөдө Акыр заман жөнүндө уу-дуу кеп күчөдү. Кыямат кайым жакындап калды дегенге ишенгендер да, муну такыр акылга сыйбас нерсе катары четке каккандар да көп. Бул ыңгайда адамдарды ***үч түргө*** бөлүүгө болот. Ар бир типтеги кишилер өздөрүнүн ыймандык дөөлөттөр системасында жашап, Дүйнө тууралуу өздөрүнүн көз карашын жакташат, Дүйнөнү өздөрүнүн жекече тааным деңгээлинде кабылдашат. Индуизм дининде адамдар жашоодогу үч башка *гунн*да болгонуна жараша айырмаланат: ***1) <u>изгилик гунну;</u> 2) <u>кумар гунну;</u> 3) <u>наадандык гунну.</u>*** Иудаизм,

христианчылык жана ислам диндерин тутунган адамдардын көпчүлүгү индуизмди көп кудайлуу дин деп жактырбай, анда айтылгандардын баарын жокко чыгарууга умтулушат. Өздөрү Жалгыз Кудайга ишенебиз деп ойлогондуктан, «гунн» сыяктуу түшүнүктөрдү дегеле билүүгө кызыгышпайт. Бирок өзүң жетик билбеген нерсе жөнүндө үстүрт, тайыз тыянак чыгарууга шашылуунун эч кажети жок. Анткени ошол эле үч «гунн» тууралуу Ыйык китепте, Муса пайгамбардын Тооратында айтылган. Ырас, түздөн-түз эмес, каймана түрдө, палеографиялык (купуя жазма) тилде туюнтулгандыктан, муну өздөрүн чыныгы динчил эсептегендердин көпчүлүгү баамдай албайт. Жер жүзүн каптаган топон суу жөнүндөгү символдуу мааниси терең баянды эстейличи. Ошондо Нук пайгамбар өзү курган кемеси менен аман калып, Арарат тоосунан турак табат эмеспи. Анын үч уулу: Сим, Хам жана Иафет да тирүү калган. Демейки көз караштан алганда, булар – кадимки эле тоо жана кадимки эле адамдар. Бирок рухий маңызын эске алсак, анда такыр башкача болуп чыгат!

Көрсө, ошондо бүгүн абдан көп айтылып жаткан «Акыр заман» болгон тура. Ошол доорго чейин жашап келген ***цивилизация кыйраган*** экен. Ошол ааламдык алааматтан соң «топонго чейинки» адамзат тукумунун материалдык жашоо чөйрөсү өзгөрө баштаптыр. Мунун символу – СУУ. Эмне үчүн ал цивилизация пайдубалына чейин ураган? Себеби мурдагы адамзат тукуму ***изгилик жолунан тайып,*** жалаң гана ***наадандык менен айбандык пас кумардын*** кулдарына айланып бүткөн экен. Нук пайгамбар сыяктуу саналуу гана пенделер азгырыкка жеңдирбей, аман калыптыр. Тооратта адамзаттын аман калган бөлүгү «Нук» деген ысым менен купуя аталган (шифрленген). Анын үч уулу – баягы эле үч гунндун символдору: ***«Сим» – изгилик, «Иафет» – пас кумар,*** ал эми ***«Хам» – наадандык***. Гунндар – бул адам табиятынан айрып алгыс рухий үч абал! Булардын ар бири – адам тандай турган ЖАШОО ЖОЛУ. Нук пайгамбардын «балдары» ошол үч башка ЖОЛдун башталышын билдирет. Жомоктордо да каармандар үч айрылыш жолго кез келип, тандайт эмеспи. «Симдин» жолу – изгиликтин, актыктын жолу. «Иафеттин» жолу – пас кумарга кул болгондордун жолу. «Хамдын» жолу – наадандыктын караңгы, туңгуюк жолу. Символдук мааниси бар «Ааламды топон суу каптаганга» чейин да адамзат ошол эле «үч айрылыш» жолго кез келген. Бирок пас кумар жана наадандык жолдорун тандагандыктан, ал топон суунун астында кала берген. Азыркы заманда биздин цивилизация дагы айбандык менен наадандыктын кулу болуп алгандыктан, өзүнчө «ТОПОН СУУнун» түбүнө чөгүп баратат! ***<u>Бул айтылгандарды шашпай ойлонуп көрүңүзчү!?</u>*** Эми деле замандаштарыбыздан руху бекем, дили ак инсандар аман калышат да, болочок адамзаттын көчүн улашат!

Индуизм жана буддизмде адамдын психоэнергомагниттик борборлору – ЧАКРАлар – жөнүндө окуу бар. Чындыгында ошол эле «чакралар» тууралуу ***Тоорат*** (Эски осуят), ***Инжил*** (Жаңы осуят) жана ***Куран*** үчилтигинде да айтылган. Болгону биз диндерди пас кумар менен наадандыктын алкагында тутунуп, сырткы түзүмү менен формаларын гана сактап келебиз. Биз диндеги терең ойлорго, акылмандыкка кызыкпайбыз, жалпылыкты, тектештикти, ЧЫНДЫК бирдигин издештин ордуна, ар кайсы диндер ортосундагы жалган карама-каршылыктарга гана көңүл бурабыз!!! Ыйык Куранда (3-сүрөөнүн 7-аятында) мындай деп айтылган эмеспи:

***«Ал сага (Мухамедге) Ыйык Китепти жиберди,***
***Андагы айрым аяттардын мааниси ачык-айкын,***
***<u>Китеп Энеси</u> сыяктуу,***
***Башкалары – чечмелөөгө купуя».***

Курандын орус тилиндеги эң мыкты котормосун Ислам дүйнөсүндө «Иман» деген наамга арзыган тилчи аалым, дин таануучу Валерия Порохова редакциялаган. Ошондо жогорудагы сүрөө мындайча чечмеленген: ***«… сөз Ыйык Жазуунун Энеси тууралуу, б.а. <u>качан, ким аркылуу жиберилгенине карабастан</u>, Ыйык Жазуунун өзөгүн түзгөн эзели эскирбес <u>Чындык</u> тууралуу болууда. Анткени Ачылыш-айкындалыштардын түрү***

***өзгөрө берет, <u>Акыйкат болсо дайым бирдей</u> бойдон кала берет, ал өзгөрүлбөйт, анткени ал түбөлүк. Чындык түбөлүк, демек, өзгөрүлгүс. Биздин пенделик сезим-туюмубуз (көзүбүз, кулагыбыз ж.б.) формалардын өзгөрүлмөлүгүн гана кабылдаганга жарайт, ошондуктан түбөлүк нерсени биз эч качан жетик аңдап биле албайбыз. <u>Пенделик тар түшүнүктөрүбүздүн чидеринен бошонсок гана,</u> денебиздин заттык касиеттерине эмес, аң-сезимибиздин тереңине сүңгүп кирсек гана Чындыкка жете алабыз, Чындыкка таянып, Китеп Энесиндеги улуу акыйкатты аңдап биле алабыз. Пенделик жашоо ыңгайына карай Чындыкты бурмалаган же жалганга алмаштырган адамдар көпчүлүктү ээрчитип, азгырат. Алар акыйкатты жеңил-желпи, ыңгайлуу кылып тайызданткандыгы, өздөрү каалагандай коолдоп бурмалагандыгы үчүн эле эмес, азгырылган пенделердин адашкандыгы үчүн да жооп беришет…»***

Диндеги ич тардык, көрө албастык жана жагынуучулук гана Ыйык китептердеги чындык сөздөрдүн терең маанисин аңдап билүүгө тоскоол болууда. «Жаратуучу» деп аталган 35-сүрөөнүн 31-аятында айтылгандай:

***«Сага (Мухаммедге) аян кылып***
***Биз берген бул китептегилердин <u>чындыгы</u>***
***<u>Ага чейин башка пайгамбарларга жиберилгендердин</u>***
***<u>Акыйкаттыгын бекемдеп турат.</u>***
***Аллах Өзүнө кызмат кылуучуларга тиешелүү***
***Нерселердин баарын билет жана көрүп турат».***

Бул айтылгандардан Жаратканга ишенген ар бир адам башка диндердин өкүлдөрүнө аксым, текебер жана кастык менен мамиле жасоо Кудай алдындагы зор күнөө экендигин түшүнүүгө тийиш. Бул «Кечирүүчү» деп аталган 40-сүрөөнүн 78-аятында да тастыкталган:

***«Сага чейин да башка пайгамбарларды жибергенбиз,***
***<u>Айрымдарынын баянын сага үгүзүп,</u>***
***<u>Башкаларынын окуяларын сага айтпадык;</u>***
***Бирок алардын эч кимиси Аллахтын амирисиз***
***Жерге аян алып келген эмес».***

Ушул сүрөөдөн ар бир адам мындай тыянак чыгарышы керек: эгер Тооратта, Инжилде же Куранда кайсы бир пайгамбар жөнүндө айтылбай калган болсо, ошолордун окуулары сөзсүз эле «түз жолдон четтегендик, бузуктук» (ересь) боло бербейт, сөзсүз эле баарына каршы туруунун кажети да жок! Бул пайгамбарлардын аяндары менен окуулары Кудайдын амири менен гана жиберилген, демек ал диндерге каршы «согуш ачууга» бир дагы пенденин акысы жок. Эгер Жер жүзүндөгү кайсы бир эл кудайга башкача сыйынса, өзүнүн каада-салттарын карманса, буга Жараткан өзү жол берген эмеспи?

Курандагы «Зыярат» деп аталган 67-сүрөөнүн 22-аяты ушул ойдун тууралыгын толугу менен бекемдейт:

***«Биз ар элге сыйынуунун***
***<u>Өз каадаларын бекиттик,</u>***
***Ошолорду алар сактоого тийиш.***
***Бул суроонун тегерегинде***
***Сени менен эч ким талашпасын».***

Акырында, Кудайга ишенгендер жана динге жаңыдан киргендер сыйынуу жана намаз окуу учурунда кийиле турган сүннөт кийим тууралуу «Ибрахим» деп аталган 14-сүрөөнүн 4-аятын окуса, иштин маңызын даана түшүнө алат:

***«Жана <u>өз элинин тилин жетик билбеген</u>***
***Бир дагы пайгамбарды биз жиберген жокпуз –***
***Маани-маңызды айкын айта алсын деп…»***

Ыйык Китептерди жатка билген, каалаган жеринен так үзүндү келтире алган, бирок тийиштүү аяттардын, саптардын терең маанисин түшүнбөгөн имамдар, пасторлор көп эле

кездешет. Ушундай наадан динчилдердин жана баёо такыбалардын дааваты, үгүт-насыяты кылымдар бою адамзатты жиктеп, бөлүп-жарып, диний жана расалык касташууга жетелеп келбеди беле? Бул эки топтогулардан тышкары көптөгөн эки жүздүүлөр менен «керек болуп калаар» («чын эле кудай бар болсо…») деген ээрчимелер да бар. Орозону калтырбай кармап, намазын үзбөй окуган же сыйынган, кайыр-садага да берип жүргөн, атүгүл өз каражатынан мечит же чиркөө кургандар да бар. Алардын бул кылгандарын жокко чыгарууга болбойт. Бирок… Лука баяндаган Инжилде – Иса Пайгамбардын Жакшы Кабарынын 20-бабында, 46-сапта минтип айтылган: ***«Тоорат окутуучулардан сак болгула. Алар узун этектүү кийимчен жүрүшөт, эл көп жерде саламдашсаң, сыйынуу жайларында жана аш-тойлордо төрдө отурушат. Алар жесирлердин үйлөрүн жакырлантып, эл көзүнө узактан-узак сыйына беришет. Мындайларды тозоктун оту күтүп турат».***

Бүгүнкү күндө да динге чакырган үгүтчүлөр жайнап кетти. Алар өздөрүн Кудайдын өкүлүндөй санап, кээде оройлук да кылышат. Бир гана Жараткан өзү өзгөчө аян, белги аркылуу тандап, тапшырар бийик мүдөөнү түшүнбөй туруп, дин мыйзамдарын өз эркинче чечмелегенге, элге таңуулаганга алардын кандай акысы бар? Матай (Матвей) баяндаган Инжилде – Иса Пайгамбардын Жакшы Кабарынын 5-бабында, 17-20-саптарда мындай делет: ***«Силер Мени Тооратта же Пайгамбарлар Китебинде айтылгандарды жокко чыгаруу үчүн келди деп ойлобогула. Мен жокко чыгаруу үчүн эмес, аткаруу үчүн келдим. Акыйкатты айтам: көк менен жер жок болмоюнча, Ыйык Китептеги бир дагы тамга, бир дагы сызыкча жоголбойт – баары орундалат. Ушул буйрукту кичине эле бузган же бузууга башкаларды үйрөткөн пенде Чын дүйнөдө эң начар, майда болот, ал эми Ыйык Китептегилерди туура аткарган жана аткарууга башкаларды үйрөткөн пенде Чын дүйнөдө улуу болот. Силерге айтам: эгер такыбалыгыңар Мыйзам сактоочулар менен Тоорат окутуучулардын (китепчилер менен фарисейлердин) такыбалыгынан ашпаса, силер Кудай падышалыгына кире албайсыңар».***

Азыркы мусулмандардын көпчүлүгү Ыйык Курандын өзүн деле жок дегенде бир жолу баштан аяк толук окуп чыккан эмес! Тооратты, Пайгамбарлар баянын, Забурду же Инжилди айтпай эле коёлу. Чындыгында бул Китептердин баары биригип гана Исламдын диний окуусун толук баяндайт эмеспи! Иудейлер менен христиандар Эски жана Жаңы Осуяттарды чечмелөөдө кандай жаңылыштыктарды кетириши мүмкүндүгүн анык түшүнүү үчүн Ыйык Куран менен да таанышып көрүшсө жакшы болмок. Биз сөз кылып жаткан үчилтиктин индуизм жана теңирчилик менен кандай жакындыгы бар? ***Дүйнөдөгү бир дагы диндин бир тамгасы да башка динге каршы келбейт, айырмасы – ар бир дин Кудайды ар кайсы өңүтүнөн таанайт!***

Эзели эскирбес Чындык же «Китеп Энеси» Кудайдын (Космостун) Жетилик мыйзамында камтылган. Дал ушул себептен «7» саны бардык элдерде ыйык деп эсептелет. Адам микрокосмосунун Кудай макрокосмосуна түстөштүгү, окшоштугу алардын энергетикалык түзүмүнүн **жети**лигине байланышкан. Диний фанатизм болсо – наадандык менен пастыктын айкалышы, бул эч кандай ИЗГИЛИК же Кудайга жаккан трансценденттик абал эмес!

Ошентип, наадан, кереӊ динчилдердин кемпай көз карашынан эмес, рухий маани-маңызынан алганда, адамдын жети «чакрасы» менен Манастын урпактары болгон кыргыздардын «Жети Атасы» эмнени билдирет? «Чакралар» – бул адамдын назик денесинин психоэнергомагниттик борборлору. Аларга Болмуштун ачыкка чыга элек пландарынан ультрафизикалык (азезилдик) күчтөр же энергиялар таасир этет. Ар бир «чакранын» Болмуш обосундагы өз жыштыгы бар. Бардык ыйык китептерде жана аларды жайылтуучу окууларда Ааламдык Космостук Энергия жөнүндө айтылат да, Чындыкты таанып билүү жана Аң-сезимди кеңейтүү Жолу көрсөтүлөт. Космостук Энергия – бул жашоо негизи, күнүмдүк турмуштагы биздин бардык иш-аракеттерибиздин жана

кадамдарыбыздын нугу. Космостук Энергияны түшүнүү, ал тууралуу билим топтоо – бул рухий Чындыкты таанып-билүү Жолу. Бул Касиеттүү Энергия бирде жыйрылып, бирде жазылып, Жашоону жаратат, ал бардык нерселерден айкындалат. Бири-бирин утурлай «өйдөдөн – төмөн» жана «төмөндөн – өйдө» тынымсыз жүрүп турган өзүнчө эле «Өмүр Айлампасы» болуп саналат. Көк – Ата, Жер – Эне, алардын ортосунда адам улам көтөрүлүшү керек болгон бийиктөөнүн жети баскычы, адамдан айкындалуучу жети энергетикалык чөйрө бар. Бул «шатынын» ар бир тепкичине тийиштүү психофизикалык процесстер, рухий абалдын жана аң-сезимдин деңгээли туура келет.

Ошентип, биринчи «чакра» – МУЛАДХАРА, «Уңгу, Негиз», жашоо өзөгү дегенди билдирет. Ал кызыл түс менен белгиленген, материалдык тартылууну, материалдык элементтердин биригип айкалышуусун туюнтат. Муладхара «Жер» башатынын жана энергияларынын символу болуп саналат. Бул «чакра» адамдын жан сактоо жана аман калуу туюмдарын белгилейт. Ыйык Китепте бул «чакра» биринчи пайгамбар – ***Нук*** аркылуу берилген. Жашоону сактап, аман калуудагы өжөрлүгү, талыкпастыгы жагынан Эски осуяттагы Нукка эч ким тең келе алган эмес: ал Жер жүзүн топон суу каптаганда алдын ала курган кемесине түшүп, өлүмдөн кутулган, түркүн жан-жаныбардан бирден жупту сактап калган. Нук кемеси менен калкып сүзүп, энелик башатка, Арарат тоосуна таянат. Материалдык энергия жердин түпкүрүнөн кубаттанат, тамыр алат, «тамырлары» биздин денебизде. Бул Борбор руху тирүү адам жеңип өтүүгө тийиш болгон коркуу сезимдеринин (сестенүү, кыжаалаттык, чүнчүү) уюлу. Дал ошондуктан Ислам growninde Нук адамзаттын алгачкы пайгамбары деп барктаалат. «Нук» чакрасы – «бийиктөө шатысынын» биринчи тепкичи же теңирчилердин «Түп Атасы»…

***Ибрахим*** жаш кезинде эле өзүнүн акыл-эсиндеги Түбөлүктүү Кудайдын үнүнө кулак салып, «атасынын» үйүнөн кетсе да, рухий Чындыкты таанып билүү жолуна түшсө да, 99 жашында рухий мурасы жок болгон. Экинчи психоэнергомагниттик борбор «СВАДХИСТАНА» чакрасы деп аталат, анын элементи – «Суу». Ал күрөштү, Табияттагы карама-каршы негиздердин (күчтөрдүн, энергиялардын) биримдиги менен күрөшүн билдирет. Бул – адамдын күнү менен түнү, эркектик жана аялдык негиздер. Табияттагы карама-каршылыктуу күчтөрдүн тынымсыз агымы биримдикке жана теңсалмактуулукка умтула берет. Биздин изги жана бузуку мүдөөлөрүбүз, керектөөлөрүбүз, сезимдерибиз, кумар-туюмдарыбыз ушул Борбордо уюлдашат! Дал ушул жерде адам буркан-шаркан түшө жуурулушкан кумар-туйгулар менен каалоолордун кучагына бой таштайт!

Кудурети улук Кудай Ибрахимге рухий өсүштүн мүмкүн эместигинин себебин көрсөтөт: ***«Содом жана Гоморранын шору ушунчалык кайнады, күнөөлөрү ушунчалык оор – элдин мага жетип жаткан ачуу кыйкырыгынын чын-төгүнүн, арамдыкка канчалык баткандыгын Мен түшүп барып көрөм. Эгер андай эмес болсо, Мен тааныйм».*** Кудай Содом менен Гоморрага күкүрт менен от-жалын каптатканда гана Ибрахим рухий зор мээнет кылып, Исхактын «уулу» катары анын рухий мурасына ээ болду. Манастын урпактары – кыргыздар бул «чакраны» «Экинчи Атанын» ысымы менен аташты. Аны эстегенде, «Содом менен Гоморранын» күнөөлөрүнүн оордугун жана алардан арылуу зарылдыгын да эске түшүрөбүз. Мындай энергиялар – адамдын ой-кыялын алып учуп, ниетин, иш-аракеттерин бузуп азгырып, жууп кетирилгис күнөөлөргө батыруучу азезил күчтөр! Эгер адамдын купуя ойлорун, ниеттерин телевизордун экранындагыдай карап көрүү мүмкүн болсо, анда биз өзүбүздүн эле ойлорубузду көргөндө төбө чачыбыз тик турат эле. Анткени ойлордон каалоо, ниет жаралып, түркүн иш-аракеттер башат алат эмеспи! Бийик рухий энергиялар гана бул азезил күчтөрдү тизгиндей алат. Бирок биздин ой-санаабыздын тазалыгы же ыпластыгы Коомдун МАКСАТ катары туу туткан ыймандык дөөлөттөрү менен тикелей байланышкан.

Кылым көчүн баштап, дүйнө элдерине өрнөк көрсөтүүгө дымактуу умтулган Европа жана Америка азыркы кезде СЕКСУАЛДЫК ЧЕКСИЗ ЭРКИНДИКТИ үгүттөп, жайылтып жатат! Эгер мындай көз карашты жактабасаң, артта калган, түшүнүгү чектелүү кишиге

окшоп калчудайсың. АКШда аскер кызматындагылардын ээн-эркин жыныстык катнашуусуна уруксат берген мыйзам кабыл алынды. Европада бачабаздар менен бузуктардын укуктарын коргоп, эркек менен эркектин, аял менен аялдын никелешүүсүнө жол ачышты. Бул өлкөлөрдүн парламенттери жана өкмөттөрүнүн, атүгүл католик чиркөөсүндөгү диний кызматкерлердин көпчүлүгү – бузуктар, алар атүгүл балдарды жыныстык катнашка пайдаланууну акташат. Эң мыкты мусулман катары Ибрахим тууралуу Тоораттын дал өзүндөгү баянда адамды бузуку жолго баштоочу, пас кумарларга жетелөөчү азгырык күчтөрдү, биздин руху чабал жаныбыздын терс умтулууларын тыйып туруу зарылдыгы туюнтулган. Ошентип, мында «Ибрахим» (ал эми теңирчилер үчүн – «Экинчи Ата») деген ат менен экинчи Чакра шифрленген…

***<u>Исхак эмненин символу</u>?*** Исхак атасы Ибрахимдин доорунда казылып, кийин ал өлгөндө «филистимдиктер» көөмп салган кудуктарды тазалады, атасы койгон аталыштарын кайра жаңыртты. «Филистимдиктер» – бул адамдын азаптуу шектенүүлөрүнүн символу, ал эми шектенүү, ишенбестик Ыйык Китепте айтылгандай, оор күнөө болуп саналат. Исхактын малайлары «өрөөндө» казып отуруп булак суусу бар «кудук» табышты. ***«Суу» –*** материалдуулуктун, табигый күчтөрдүн эле эмес, Таза Аң-сезимдин жана Арууланууу абалынын символу. ***«Өрөөн»*** – пенделик убарагерчиликтин, түйшүктүн, түркүн кумарлардын белгиси. Ыйык Китептерде тоо, суу, чоку, чөл, булак, ар түрдүү жерлердин жана нерселердин аталыштары сыяктуу символдор көп кездешет. Герардык койчумандар Исхактын койчумандары менен чатакташып калышты. Ошондуктан ошол жердеги кудукту Исхак ***«ЕСЕК – ТАЛАШ»*** деп атады. Андан соң башка кудук казганда, дагы чыр чыкты, аны Исхак ***«СИТНА – КАСТАШУУ»*** деп атап койду**.**

Үчүнчү психоэнергомагниттик борбор: «чакра – МАНИПУРА», анын элементи «От», «сары түстөгү» лотос менен белгиленет. Биздин рухий Жолубуз «Жер» жана «Суу» аркылуу «Отко»» багытталат. Бул Борбор материянын, анын пас касиеттеринин таасир күчүн жеңип өтөт. Бул жерде адам өзүнүн «МЕНин –Эгосун» таанып билет. Материалдык энергия «азезил күчтөр»: агрессия, кастык, талаш-тартыш жана карама-каршылык, зордук-зомбулук жана кекчилдик менен таасир эте алат. Дал ушул борбордо адамдын Эрки менен Күч-кубаты ачыкка чыгат да, бардык окуялар менен процесстерге түрткү берет. Булардын тыюу адам үчүн кыйын, рухий чындыкты издөө жолунда жүргөн талыкпас дин адамы гана буларды жеңе алат. ***Ушул «чакраны» басынткан оор күнөөнүн өзүн Исхак жеңип өткөн!*** Бул борбордо жаратуучу гана эмес, бүлгүнчү да күчтөр бар. Адам өзүмчүлдүгүн тизгиндеп, өз каалоо-ниетинин кожоюну болууга, аларды жаратман нукка багыттоого тийиш. Үчүнчү «чакра» Бийлик башатын, анын мүмкүнчүлүктөрү менен көңүл калтырар жактарын ачып берет. Бирок ал өзү тынчтык менен шайкештикке (гармонияга) да өбөлгө түзөт! Ыйык китепте бул жагдай Исхак менен Ави-Маликтин элдешип, макулдашууга жетиши түрүндө каймана туюнтулган. Ошондон кийин эле Исхактын адамдары казган үчүнчү кудуктан «суу» таап: ***<u>«Биз сууга жеттик!»</u>*** – деп сүйүнчүлөштү. Рухий энергетиканын ээси болгон Исхак жана адамдары «суулуу кудуктарды» топурак (жер) менен көмгөн, б.а. материалдык ылдыйкы энергетиканын ээси болгон Ави-Малик элдешип, оң жана терс энергиялар теңсалмактанды (***«<u>Теңирчилик</u>»).*** Исхак бул «кудукту» «РЕХОВОТ – МЕЙКИН ЖАЙ» деп атады! Мунун мааниси – эгер Коом азезил күчтөрдүн оор таасиринен арылса, анын чыгармачыл жаратуучулук жана өнүгүү жолу ачылат деген чындык. Азезил күчтөрдүн үчүнчү «чакрага» тийгизген таасирин биротоло жеңип өткөндө гана Исхак рухий мураска татыктуу болот да, ага аялы Рабига эгиз уул төрөп берет. Исхактын Есав жана Жакып аттуу уулдары ушундайча дүйнөгө келет.

Бүгүнкү Египет, Сирия, Ливия, Иран, Афганистан жана башка мусулман мамлекеттерин караңызчы?! Сирияда баары жакшыдай көрүнгөн эле: экономикасы өнүгүп, саясатта туруктуулук орноп турбады беле? Бирок бул өлкөнү заматта ойрон кылып салышты. Башар Асад элдин таламын коргойм деп ойлойт, анын каршылаштары

Алла Тааланын амирин орундайбыз дейт. Ошентип чыр-чатак ырбай берип жарандык согушка айланып кетти! Чындыгында эки тарап тең өздөрүнүн үчүнчү ылдыйкы «чакрасына» Шайтан жана анын азезил күчтөрү таасир этип, «курал» катары пенделердин саясий каражаттарын пайдаланып жатканын аңдабай келет. Эки тарап тең элдин бактысы үчүн согушуп жатабыз деп ойлойт, бирок иш-аракеттери тополоңдун баары Шайтандын эрки жана жетеги менен жасалууда. Бир ууч копт уруусун айтпаганда, Египеттин калкы жалаң мусулмандардан турат. Бир кудайга сыйынып, бир Куранды окушкандай көрүнөт. Бирок кептин баары окуу жана билүү (эстеп калуу) бир башка, окулган нерсени ТҮШҮНҮҮ деген такыр башка экендигинде. Элдин көзүн тунартып, окуганын туура түшүнүүгө ким тоскоолдук кылып жатат? Ким экенин өзүңүз деле баамдап калдыңыз го!

Азыркы заманда адамзат ЭКОНОМИКАны баарынан өйдө коюуда! «Материя биринчи, Рух андан кийинки орунда» же «Болмуш Аң-сезимди аныктайт» дешет. Бирок Ыйык Китепте айтылгандай, Авелди Каин өлтүргөндүгүн Кудай кечирилгис күнөө санаган. «ӨКҮТ» (раскаяние) сөзү күнөөсүн моюнга алып көз жашын төгүүнү эмес, Рухту Биринчи, Жетектөөчү орунга, материяны андан кийинки, көз каранды катарга коюуну билдирет. Байыркы кыргыз үчүн «Үчүнчү Атанын» мааниси мына ушундай жашоо нугун туюнтат: ***«__Жети атаңды билбесең – кул болосуң__!» (башкача айтканда, Кудайдын жетилик Мыйзамын түшүнбөсөң, кулсуң).*** Эгер Жакынкы Чыгыштын элдери Исламдын бийик идеяларын туура түшүнүшкөн болсо, азыркыдай алааматка тушукпас эле! Шайтанга азгырылган ар кайсы уламалар Ислам чындыгын мен гана анык билем деп эрегише берип, акыры Чыгыштын Мусулман коомун бөлүп-жарып тынышты. Адамзат өзүнүн ылдыйкы психоэнергиялык магниттик борборлоруна – «чакраларына» азезил күчтөрдүн бүлдүргүч таасирине кабылганын, ал таасирдин жайылышын токтотмоюнча, Шайтандын көкүтүүсү менен бузукулук, зордук-зомбулук, кан төгүү, касташуу улана берет! «Исаак-Исаак» чакрасынын мааниси ушундай…

***__Жакып пайгамбар эмнени туюнтат__?*** *Жакып* ысымы «Согончогун кармаганды», т.а. «алдаганды» билдирет. Жакып агасы Есавдан кылымдар бою мурасталып келген төл башылыкты «жарма аталага» сатып алат. Муну менен эле токтоп калбастан, ал карып-арыган, көзү көрбөй калган атасы Исхактын батасын (апасы Рабиганын жардамы менен) алууга жетишет. ***Төртүнчү «чакра» 12*** желекчелүү «жашыл лотос» менен белгиленген. Жакыптын ошончо уулу болгон, демек, израил эли ошончо атадан тарагандыгы Тооратта баяндалат. Бул психоэнергомагниттик борбордун элементи – «Аба». Мында дилгирликке, ысык сүйүүгө жана ынак достукка жетишилет. Бул – чыныгы сүйүү «чакрасы». Анда эркек жана аял, рухий жана жан-дил башталыштары теңдешет, жүрөк башка жүрөктөр менен шайкеш кага баштайт, Кудай дүйнөсү менен адамдар дүйнөсү биригет! Өз жүрөгүңүздүн сырын түшүнүү аркылуу сиз Дүйнөнүн жүрөгүн таанып билесиз, толук ийкемдикке, шайкештикке (гармонияга) жетишесиз.

Бирок бул магниттик борборго азезил күчтөр (калпычылык, алдамчылык, үстөмдүк кылуу далалаты, көрө албастык, ич тардык, кызганыч, дүйнөкордук, атаандаштык, чыккынчылык, башкалардын пикирин четке кагуучулук, билермансынып кекирейүүчүлүк ж. б. у. с.) да таасир этүүгө умтулат. 20 жыл бою өзүнүн жан дүйнөсүн өркүндөтүү аркасында талыкпай мээнет кылып, жогоруда саналган өксүктөрүн жеңип өтүп, «өкүткө түшүп» гана, Жакып агасы Есавга кайтып келет да, анын алдына тизе бүгүп чөгөлөйт. Бир туугандар кайра ЭЛДЕШИП, ***Жакып аруулукка жетишет!*** Ошондо… Теңирчилик келип чыгат! Шайтандын ачыла элек таасир күчүнөн арылуубузга мүмкүндүк бере турган биздин «ТӨРТҮНЧҮ АТАнын» маани-маңызы дал ушунда. Мунун баары өзүңдү өзүң, өз инсандыгыңды жана анын басынтуучу өзүмчүлдүгүн жеңүүнүн Рухий Жолу, өзүңдүн баштапкы аруу касиетиңе кайтып баруу ыңгайы. Бул Мухаммед пайгамбар (Кудай аны жалгасын) үндөгөн ***Улуу жихаддын*** дал өзү!

Бийлик үчүн жүргүзүлүүчү арамза күрөш; экономикалык атаандаштык, дүйнөкордук, келечектен коркуу (үмүтсүздүк), бирөөнүн байлыгына көз артуучулук; бирөөгө

жардамдашууну эмес, аны кууп жетип, озуп кетүүнү эңсегендик; алдамчылык, бирөөнүн кайгысына кубануу, мүдүргөндү жыгытуу, жыгылганды табалоо сыяктуу бузук мүдөөлөр… Буларга бизди ким түртүп, чыныгы дин, элдин акылмандыгы жана салттары ушул деп ким азгырып жатканын ойлонуңузчу?! Мунун баары чыныгы ХАЛИФАТКА жол чаба турган Таза Мамлекет Теориясынын өзөгүн түзөт. Бул диний наадан фанаттар ураан чакырып жүргөн халифат эмес. Бул – идеалдуу ТЕҢСАЛМАК жана АКЫЛМАНДЫК коому, муну азыркы саясатчылар СОЦИАЛДЫК МУНАСА деп аташат! Мына ушул – биздин чыныгы Жолубуз жана Максатыбыз, ал эми «Жакып» чакрасы адамдын өз дилинде эмне менен күрөшүүсү керектигин көрсөтөт…

Адамзаттын Ибрахим, Исхак жана Жакып басып өткөн рухий изденүү жолуна түшө элек бөлүгү – Нуктун эли Топон суунун астында калган. Дал ошол себептен ***Исламда бул үчөө: Ибрахим, Исхак жана Жакып эң мыкты мусулмандар катары баркталат!*** Алар баскан жолду өзүңүздүн сапарыңызга, алардын рухий бейнесин өзүңүздүн түспөлүңүзгө салыштырып, абийириңиз алдында жооп бериңизчи: «Сиз, айрыкча эгер бийликтеги киши болсоңуз, ушундай оор күнөөлөрүңүздөн арылдыңызбы?». Же сиздин такыбалыгыңыз «китепчилер менен фарисейлердин» такыбалыгы менен чектелээр?

«Акыр Замандын» жышааналары азыртан эле ар түрдүүчө аян болууда! Булардын эң башкысы – ***ДҮЙНӨДӨГҮ БИЙЛИК ТӨБӨЛДӨРҮ ЭМИ МАСЕЛЕЛЕРДИ МУРДАГЫ ЫКМАЛАР МЕНЕН ЧЕЧЕ АЛБАЙ КАЛГАНДЫГЫ!*** Бир караганда баары эч өзгөрбөй тургансыйт: баягы эле саммиттер, конференциялар, «ири сегиздиктин», «жыйырмалыктын» форумдары баягы эле ааламдашуу, дүйнөлүк системалашуу, улуттук экономикалардын өсүш ылдамдыгын арттыруу, технология жаңылыктарын жайылтуу жана инвестициялоо сыяктуу кемпай ураандарды чакырууда, ***бирок маселелер ого бетер татаалдашып баратат го***?! Каршылык чаралары, митингдер, социалдык жарылуулар жер шарынын бакыбат жашап жаткан региондорун да тынчсыздандырууда. Мунун башкы себепчиси – адамдардын жан дүйнөсүн бүлдүргөн жана Рухун жок кылган ДҮЙНӨДӨГҮ ЖАЛГАН ДЕМОКРАТИЯ жана АКЧА АЙЛАНТУУ МЫЙЗАМЫ!

Сиз менен биздин «чыгаан саясатчыларыбыз» мурдагыдай эле Дүйнө кезип кайыр сурап жүрүшкөнсүйт, кылган иштеринен эч дайын жок. Өлкөбүз газ менен электр жарыгы өчүрүлүшүнөн тукулжурап калууда! Биздин өлкөгө ашынган бетпак «энергетикалык диверсия» жасалды – кыш чилдеси кычырап турган мезгилде карапайым адамдар жарыксыз, отунсуз калышты. Мамлекеттин акчасы каякка агып кеткени студенттерге да түшүнүктүү: баягыдай эле шайлоого, бул ирет калыбына келтирилиши кыйынга турган жергиликтүү кеңештерге шайлоого эбегейсиз чоң өлчөмдөгү каражат чачылды. Партиялар өлкөдөгү миңдеген мааленин, кварталдын ар биринде үгүтчүлөргө партиялар 10000,0 миң сомдон таратышты. Эч кимге кереги жок жарнамалар, плакаттар, жалган ураандар ж.б. акыр-чикирге өлчөөсүз каражат ысырапталды. Биз кайра эле өткөндүн саркындысы болгон «САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРГА» добуш бердик. Эми бул суроого жооп берип көрүңүзчү: «Алар иш жүзүндө мамлекеттик бийликте биздин таламдарыбызды коргоого жарайбы?».

Бирок бүгүн Мезгил Демин сезбеген жаңы сокурлар эл үчүн иштейбиз деп жанын жеп, эч кимге кереги жок жаңы партияларды түзүүнү улантууда. Чындыгында коомдогу өзүмчүлдүккө, жалганчылыкка, алдамчылыкка негизделген, «саясий жана экономикалык атаандашуу» деп кооз атап коюшканы менен, иш жүзүндө байлык менен бийлик үчүн жанталашып күрөшүүгө негизделген мамилелер системасын өзгөртүү зарыл. Азыр дүйнөдө элдин баары ойлогондой базар экономикасы өнүгүп жаткан жок! Дүйнө жүзүндөгү азыркы коомдук-экономикалык мамилелердин эң таамай аныктамасы – ААЛАМДЫК ЧАЙКОО СИСТЕМАСЫ! Дал ушул системаны биздин саясатчылар жалган демократия менен кошо 21 жылдан бери Кыргызстанда орнотууга аракеттенип келет. Бирок адамзаттын өнүгүүсүндөгү бул эчак эскирип бүткөн жолдун келечеги жок, зыяны гана бар! Сиздер менен биз ар кайсы диндерди, өлкөбүзгө таңууланып жаткан саясий жана

экономикалык стандарттардын зыяндуулугун түшүнө албаган наадандыктан арылууга милдеттүүбүз. Болбосо революциялык, диний же улут аралык касташуудан чыгуучу согушта өз каныбызга тумчугуп калабыз!

Бул жагынан алганда, диний экстремизм баарынан коркунучтуу! Дин жаман эмес, аны наадандчасынан түшүнүп чечмелегендер жаман, ошолордун иш-аракеттери кооптуу. Эгер кимдир бирөө башкаларга өзүнүн кемпай көз карашын таңуулап, өзүнүн ички дүйнөсүндө эмес, тышкы Дүйнөдө Жихад жарыяламакчы болсо, ал эң жийиркеничтүү күнөөгө батат! Мындайлардын Акыреттеги барар жери наадан үгүтчүлөр айткандай Бейиш эмес, эң катаал жаза ордосу – Тозок!..

***Адамзаттын мындан аркы максаты бирөө гана болушу мүмкүн!*** Бул – Жусуп, Муса, Иса пайгамбарлардын (алар биздин ***«бешинчи, алтынчы жана жетинчи аталарыбыз»*** эмеспи) чындык рухунун жолу менен илгерилей берүү, алардын эзотерикалык энергетикасы аркылуу ***Бирдиктүү Чыныгы Кудайды таануу!*** Бул Жол мусулмандарга, христиандарга, теңирчилерге, иудейлерге, буддачыларга, индуисттерге, теңирчилерге – дегеле бардык ыймандуу адамдарга көрсөтүлгөн. Дал ошол себептен сиз менен биздин даңазалуу ата-бабаларыбыз ***«Жети атаңарды билбесеңер, кул болосуңар!»*** деп эскерткен. Адам үчүн диндин ички түзүмү же жети атанын жөн гана ысымдары эмес, алардын нукура рухий маңызы негизги мааниге ээ. ***Жакып*** өзү алдамчылыктын, үстөмдүк жана биринчиликке умтулуунун башаты жана себепчиси болсо да, рухий мээнет жана изденүүлөр аркылуу жетилди да, өкүнүп, күнөөдөн арылды. Ал эми ***Жусупту*** бир туугандары адегенде өлтүрмөкчү болуп, анан кулчулукка сатып ийишти. ***Жусуп*** кулчулукка сатылгандан кийин Египетте жалаага кабылып, зынданга түштү. Анын Кудайдан ыроолонгон түш жору касиети жана акылмандыгы бар эле. Жусуп фараондун аян түшүн даана жоруп, байгерлик жылдардан соң ачарчылык, кыйроо жылдары келерин туура болжолдойт.

***Бүгүнкү Дүйнөнүн абалы деле ушундай эмеспи – экономикалык дүркүрөп өсүүдөн кийин бардык жерлерде башаламандык, бүлүнүү жана социалдык каатчылык болду го?*** Жусуп жөнүндөгү уламыштын абдан терең рухий мааниси бар. Кеп анын жети жылдык байгерлик мезгилде Египет үчүн үрөөн жана азык-түлүк камдап койгонунда эле эмес. Ал бири-биринен озунууну жана керт башынын жыргалчылыгын гана ойлогон кемакыл бир туугандары үчүн «АМАН КАЛУУ ЖОЛУН» күн мурунтан даярдай билди. Биринчиден, ал туугандарына кек сактабай, боордоштук, ырайымдуулук жана күйүмдүүлүк сезимдерин көкүрөгүнөн өчүргөн жок. Жусуп бир туугандарын «опуртал аймактан» алып чыгып, ачарчылыктан, азаптуу өлүмдөн куткарды да, израилдин 12 атадан тараган урпактарын сактап калды. Адамдын эки табиятын – Денесин жана Рухун теңдештире жүрүү зарыл. Фараон Жусупту Египет «***жеринен бийик***» тургузуп, манжасына ***«мөөрлүү шакек»*** салып, ажайып арабага мингизип жүрүүнү, алдынан «Жол бергиле!» деп жар чакырууга буйрук берди. Мындагы ***«жер» – Дене Табиятынын символу***, демек, Жусуп ылдыйкы табиятты жеңип өтүп, ***андан бийик болууга*** жетишти!

Өзүнөн мурдагы пайгамбарлар сыяктуу эле, Жусуп өзүнүн рухий жана материалдык табияттарын теңдештирүүгө (Теңирчиликке) жетишти, ошентип, рухий бийиктикке – «кийинки баскычка» же өзүнүн бешинчи **«<u>ВИШУДХА</u>»** «чакрасына» көтөрүлдү. Жусуп өзүнүн атасына жана бир туугандарына мындай дейт: «Мен фараонго барып, бул кишилер – малчылар, баккан малдарын айдап келишти дейм… Ошентсем, ал силердин Гошен жергесинде турушуңарга уруксат берет, анткени ***египеттиктер малчылардан жийиркенет»***. Египеттиктер ***«жер иштетишкен».*** Ыйык Китептин мындан мурунку эле беттеринде баяндалган уламышта ***Авел малчы,*** ал эми ***Каин жер иштетүүчү*** болгону айтылган эле го. Демек, ошондо «Дене» табияты «рух» табиятын өлтүргөн экен…

Бул «чакра» көгүлтүр түстүү, Асманга түспөлдөш. Мында дирилдек күү ойгонот: үн толкундары ойкуштап, керемет чөйрөлөрдүн музыкасы жаңырат. Ал сизди чындыкка, Космосту түшүнүүгө жана кабылдоого жетелейт! Адам дилинин тереңинен шексиз

Ишеним көтөрүлүп чыгат, ал адамдын чыгармачыл дареметин ачат. Ушул нокоттон Чындыкка карай кеткен таасын Жол башталат, анткени трансценденттик абалга жетишилет – адам өзүн материалдык нерселер жана өз каалоолору менен бирдей санабай калат! Аң-сезимдин ушул деңгээлинде баалуулуктарды туура сезүү жөндөмү калыптанат. Адам үчүн менчик жана материалдык байлык мааниге ээ болбой калат. Рухий жетилүүнүн ушул деңгээли же ушул магниттик борбор гана азезил күчтөрдүн бүлдүрүүчү, күнөөгө батыруучу таасиринен арылтуучу бийик, жаркын рухий таасирлерди өзүнө тарта алат. Айлана чөйрөңүзгө көз чаптырып, бардык тааныштарыңызды, алардын ичинен биздин тагдырыбызды чечип жүргөн саясатчыларды, имам сөрөйлөрдү, дили керең пасторлорду жана башка үгүтчүлөрдү эстеңиз да, бул суроого жооп берип көрүңүз: ***«Алар Жусуптун же Бешинчи Атанын деңгээлине жеткенби???»***. Жусуп түштү жаңылбай жоруп, маанисин даана ачып берүү касиетине ээ болгон. Ал туура жолду көрсөтүүчү купуя күчтөр менен бекем байланыш түзүүгө жетишкен. Ошондуктан ал элдерди ачарчылыктан куткарып, фараонго аман калуунун жолун таап берди. Жусуп фараондун бут алдына түркүн байлыктын баарын – бүтүндөй материалдык дүйнөнү төшөп койду, бирок өзү чидерленбей, эркин бойдон калды! Ал Кудай алдына жүзү жарык келди. Бирок Египетте жашаган 430 жыл аралыгында анын урпактары кайрадан «Египет кулдарына» айланышты. Наадандыктын, пас кумарлардын туткунунда калган бул адамдар бул Дүйнөнүн баалуулуктарына байланып калышты.

Ошондо ***Муса пайгамбар келип,*** өз элин бул символдук Египеттен жана андагы күнкордуктан кутулуп кетүүгө чакырды. ***Алмамбет Манаска*** **келип,** Бейжинге Кичи жана Чоң казатка чыгууга үндөгөндөй! «Египет» менен «Кытайды» жер картасындагы географиялык нокоттор, ал эми «Манас» эпосун катардагы фольклордук чыгарма катары кабылдаган жарабайт! Бул эпос абдан терең мааниси, мазмуну жана маңызы бар рухий-диний булак болуп саналат! ***«Египет»*** жана ***«Кытай»*** – бул Дүйнө туюунун, Дүйнө кабылдоонун, Дүйнө тартибинин, адамзат цивилизациясынын Рухий жана ыймандык дөөлөт системалары. Бүгүнкү күндө болсо Европа менен Америка өздөрүнүн жашоо дөөлөттөрүн Дүйнө элдерине таңуулап жатат эмеспи! ***Муса*** аркылуу туюнтулган алтынчы «чакра» ***«АДЖНА»*** деп аталат. Анын символу – көк түстүү лотос, анын кош желекчеси энергиянын эки агымын бир агымга бириктирет. Эки агым – бул Муса менен Харун. Эки энергия тең эки каштын ортосунан кошулуп, бирдиктүү нур болот да, «Үчүнчү Көздү» ачат. Бул жерде баарын билүү, аян көрүү, дааналануу жана айкын билүү борбору жайгашкан! Бул – Билимдин чексиз Нуру, ал адамдын бул дүйнөдөгү жалган элес жана алдамчылык туманын жиреет өтүшүнө мүмкүндүк берет. Муса өз элинин мүдөөсүн, эңсөөсүн, каалоосун, кооптонуусун байкап, куткаруунун бирден-бир туура жолун тапты, ошондуктан элин «Египет туткундугунан» бошотууга жетишти. Ушул зор эрдиги үчүн пайгамбарга Кудай өз ысымын айтты! Ошентип, Муса урпактарга беш китептик Мыйзамды – «Тооратты» мурас калтырууга жетишти. Адамзаттын түркүн каатчылыктарды жеңип өтүшү тууралуу сөз кылсак, дүйнөдөгү саясатчылардын бардык аракеттери биринчи төрт «чакранын» деңгээлинде гана жасалууда, болгондо да баары азезил күчтөрүгө бардык жагынан жеңилип жатышат. Жеңиш кечиримдүүлүк, ырайымдуулук, күйүмдүүлүк жана жардамдашып, сактап калууга умтулууга жетишиле турган бешинчи «чакрадан» башталат…

«Акыр Заман» цивилизациянын бизди Кудайдан да өйдө турууга азгырган, бүт дүйнөнү чөгөлөтүп, сыйындырган жалган дөөлөттөрүнүн кыйрашын билдирет. Муса жана Алмамбет байыркыдан бүгүнкүгө, XXI кылымдагы адамзаттын акыл-эсине, аң-сезимине кайрылып, керез айткан десе болот! «Кызыл Деңиздин суусу бөлүнгөндөй» эле, азаркы ажал чакырган цивилизация да терең жаракаланат. Ким «суу дубалдарынын» ортосунан өтүүгө даяр болсо, ошол өтөт, ал эми кимдин рухуна, жанына ушул акырлап бараткан замандын ыймансыз дөөлөттөрү жакыныраак болсо, алар туруштук бере албайт, аман калбайт…

Акырында, «жетинчи чакра» – бул адамдын психоэнергомагниттик борбору. Бул «чакра» – *САХАСРАРА*, баштын чокусундагы чекит же томпок түрдүү без. Анын символу – сыя көк түстөгү миң желекчелүү лотос. Ал керемет энергиянын чексиз ажайып гүлү катары ачылат. Биз Кудай Аң-сезимин, Ага байланышкан ушул каналды түшүнүүчү жана түздөн-түз кабыл алуучу Аң-сезимбиз! Бул борбордо акыл толугу менен тынчтанат, мемиреп, керемет таасирди кабылдайт. Бул – Космостун дал өзөгүнө, бардык нерселердин башатына багытталган жол. Ушул жерде универсалдуу Космостук Аң-сезимге жетишилет. Ушул деңгээлде кудай сүйүүсүнүн деми аркылуу башка адамдар менен, жалпы адамзат менен биригүүгө жол ачылат. Иса Пайгамбар (Иисус Христос) калтырган төмөнкү осуяттын мааниси ушунда: «Жакыныңды өзүңдөй жакшы көр!». Бул жерден ар бир «чакраны» көрөсүз, алар ойгонуп, жарык нурга жана энергияга балкып турат. Бүт дүйнө рухий жана материалдык Дүйнөлөрдү туташтырган күн желесиндей же көпүрөдөй болуп, биздин көкүрөгүбүзгө сыят.

Эмне үчүн Тооратта Йеговдун Кудайы бир жагынан кекчил, ичи тар жана жазалоочу да, экинчи жагынан ырайымдуу, мээримдүү жана баарын кечирүүчү күч катары сүрөттөгөндүгүн ойлонуп көрүүзчү? Анан эмне үчүн Манас бир багынан канкор, өч алуучу, экинчи жагынан Айкөл (мээримдүү, кечиримдүү жана кайрымдуу) экендигин эстеңиз. Эми кескин тыянак чыгарууга шашпай, бул жерде ким жана эмне жөнүндө сөз болуп жатканын түшүнүүгө аракеттенели. Эгер Манасты адам десек, эмне үчүн ал Чоң казатта аттанганда колду өзү баштабай, «хандыкты» акылман чоросу Бакайга өткөрүп берди да, анан чечимин өзгөртүп, бийлик тизгинин Алмамбетке карматты? Дагы ойлонуңуз: эмне үчүн Ыйык Китепте адам Кудайга бейнелеш, окшош жаралган деп айтылат? Жооп өзүнөн-өзү келип чыгат: анткени ***Кудай – эч ким эч качан жаратпаган, учу-кыйры жок чексиз материянын «денесиндеги» Ааламдык Аң-сезим жана Акыл-эс!*** Материя бейтарап келет, ал дайым өзүнүн эркек жана аял, оң жана терс башталыштарын теңдештирүүгө (теңирчиликке) ыктап турат. Ошондуктан аң-сезим менен акыл-эстин «кванты» катары биримдик жана күрөш абалында болуучу ошол эле касиеттерге ээ! Эмне үчүн Иса Пайгамбар: «Мен аркылуу гана Баарынан улук Кудай Падышалыгын тааныйсыңар», – деген? Байыркы кыргыздардын «жетинчи ата» түшүнүгү кандай мааниге ээ? Ал жетинчи чакраны – «Сахасрараны» ойготууга туура келет: аны жигердентүү менен, адам нукура кудайлык сүйүүнү таанып-билет! Ошондуктан христиандар: «Кудай – бул сүйүү», – дешет. Буга «Жусуп», «Муса» жана «Иса» чакралары аркылуу жетишилет, ал эми соңку «Христос чакрасы» Кудай Чындыгын Жетик түшүнүү болуп саналат …

Эпосто Манас тоого салыштырыларын эстеңизчи?! Биздин жалпы аң-сезимибиз – ордунан козгоого болбой турган ***«тоо»!*** Ошондуктан аны ободу ***«Булутка»*** айлантуу керек. Ыйык китепте Кудай Мусага жана анын элине булут болуп келет. Дегеле ***«булут»*** символу Ыйык китептин бардык тексттеринде кездешет. Муну айтып жатканымдын жүйөсү бар: тилекке каршы, наадандыктан арыла албай, жалган такыбалыгын далилдеш үчүн «шейит» болуп жарылууга, башкаларды жок кылууга даяр пенделер көбөйүп кетти. Ажырагыс бөлүгү өзүң болгон системаны жок кылуу кандай оор кылмыш?! Өзү жаратпаган нерсени жок кылууга эч кимдин акысы жок. Кудайдын амирине каршы мындан артык күнөө болбостур! Мындай кадамга адамдарды козголгон абалында «Шайтандын» азезил күчтөрүн өзүнө чагылгандай тез тартып ала турган эң пас психоэнергетикалык магниттик борборлор гана түртөт. Бул эң төмөнкү борборлор болгондуктан, адамдын ар кандай жагдайларга зордукчул жана зулум мамилеси үстөмдүк кылат да, көңүл чөгөттүккө, ачуулануууга, кыжырданууга, жек көрүүгө жана бардык нерселерди жактырбоочукка себеп болот. Дал ошондой эле, жыныстык катнаштан карманууга салыштырмалуу кумарга баш отуң менен берилүү алда канча жагымдуу, ошондуктан, эң оор күнөө экендигине карабастан, биз баарыбыз муну токтотпой келебиз. Жаман иш жеңил, ага азгырылуу оңой! Биз зулумдук менен кастыкты жайылткан үгүтчүлөргө жол бербешибиз керек, анткени алар, кээде өздөрү билбей, ШАЙТАНга

кызмат кылат! ШАЙТАНдын амалкөйлүгүн караңыз – ал канкор, бүлгүнчүл саясатчылар кейпинде эле эмес, молдонун кийимин кийип, Ыйык Китептерден аяттарды жатка айтып да келет. Тооратта айтылгандай, Жусуптун жана анын бир туугандарынын урпактары 430 жыл ичинде «Египет кулдарына» айланышты. Алар «Египеттин» азгырыктарына туруштук бере алган жок. Манастын чоролору да ушундай болуп, акыры «Кытайда» кырылды. «Манастын аң-сезими» кыргыз «жеринде-денесинде» көмүлдү! Бул ошол аң-сезимди кайра ОЙГОТУУ мүмкүндүгүн урпактар түшүнүп, аңдап-билиши үчүн айтылган!

Биз диндерден кайсы негизги Билимди алышыбыз керек? Бардык диндер адам табиятында эки башка Табият – Дене Табияты (материалдык) жана Рух Табияты (рухий) бар деп окутат. Бул карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү адам жашоосунун терең маңызын түзөт. Ушул эки табиятты бириктирүү Акылмандыкка жана **Тең**салмактыкка (**Тең**ирчиликке) жетишүүнү билдирет. Адамдын Материалдык Табияты өмүр бою үстөмдүк, басымдуулук кылууга умтула берет, ошондуктан биз бүт бойдон физиологиянын, психологиянын, физиканын, химиянын, биологиянын ж. б. у. с. мыйзамдарына баш иебиз. Андыктан биздин социалдык уюмдашуубузда материалдык мыйзамдар: экономиканын, каржынын, саясаттын жана социологиянын талаптары үстөмдүк кылат. Бирок бул мыйзамдар адамдын кеңири маанидеги материалдык табиятынын талаптарына туура келет. Ошентип, адамзат өзүнүн материалдык табиятынын кулу болуп, адамдар ортосундагы мамилелер жана жүрүм-турум эрежелери ушул зарылдыкка баш иет десек болот. Жогоруда сөзгө алынган Пайгамбарлардын (Аталардын) ар бири Жети психоэнергомагниттик чөйрөнүн тийиштүү деңгээлин таанып, жеңип өтүп, бийликке жетет.

Улам кийинки Пайгамбарга (Атага) мурунку деңгээл да таандык, анткени мурунку Пайгамбардан (Атадан) калган маалымат кийинкиге да белгилүү. Ошондуктан бул «жетиликте» «Христос» Көктөгү Кудайдын – Атанын Падышалыгына жол ача турган «Чындык босогосу же эшиги» катары каралат. Дал ушул Чындык жолунда жүргөндө гана адам Аны тааный алат! Атүгүл ток, төө же пил да ушул Жолдун белгилүү аралыгында барат, бирок адам дайыма баарынан алыс-алыс алдыда болот. Адамдын эркин эрки жана тандоо мүмкүнчүлүгү эмнени тандаганына жараша ага жол ачышы да, тоскоол болушу да ыктымал. Адам бүтө турган, өлө турган нерселерди жана күнүмдүк жан кумарын тандайт, бирок бул анын мыйзамдуу тандаганы. Рухий мурас катары Тооратты калтырган Муса кийинки иудейлер, христиандар жана мусулмандар үчүн бул китепке дал ушул Билимди шифрлеген, антпесе мунун эч кандай мааниси болмок эмес…

### *2-тема: Өкүлчүлүктүү бийлик системасы жана башкаруу маселелери жөнүндө*

Өкүлчүлүктүү бийлик системасы биздин жашообуздагы эң орчундуу таламдарыбызды кимдир бирөөлөр мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарында коргойт дегенди билдирет. Эгер бул өкүлдөр формалдуу түрдө «шайлоо» аркылуу тандап алынса, анда өлкөдө «демократия» бар деп эсептелет. Бирок бийликке кандай адамдар көп умтулат деп ойлойсуз? Жалаң гана биринчи, экинчи, үчүнчү жана төртүнчү «чакраларына» материалдык Табияттын «азезил күчтөрү» эң агрессивдүү таасир эткен адамдар гана бийликке жулунат! Дал ушундай жарандардын колуна өлкөбүздү башкаруудагы эки тизгин бир чылбырды дайым тапшырып жүрөбүз. Ыйык Китептердеги Чындыкты төгүндөөгө эч ким батынбаса керек? Алсак, Ыйык Куранда, «Мал» деген 6-сүрөөнүн 123-аятында жогоруда айтылган ой мындайча бекемделген:

***«Бийлик кумарына берилген жана адамдарды***
***Кудайдан азгырган кыйдылыктарын ашырсын деп***
***Биз бузук адамдарды ар кайсы***
***Айылдарга башчы кылып койдук.***

***Бирок алар өздөрүнүн жанына гана***
***Арамзалык менен зыян келтиришет,***
***Муну өздөрү да билишпейт».***

Бул сөздөрдүн айныксыз чындыгын СССРдин мисалынан өзүбүз деле көрдүк го.

Коммунисттер Советтер Союзу үчүн ыймандын бийик үлгүлөрүн жар салып, бийик идеалдарды жана асыл дөөлөттөрдү жактагандай көрүнчү эмес беле. Бирок бийликтин өкүлчүлүктүү системасы канчалык натыйжалуу жана адилеттүү уюштурулган болчу?! Партиялык төбөлдөрдүн насили тез эле бийликтин мурда мамлекетте боло келген ыплас салттарына жана чирип бүткөн маданиятына ооп кетти. КПССтей күч-кубаттуу саясий уюм жетектеген Советтер Союзу кулаган кезде, биз жалгыз партиялуу бийлик системасынан көңүлүбүз калган болчу. Мунун жүйөсү да көп эле. КПССтин «жол башчылары» бийлигине эсирип, элдин таламына чыккынчылык кылды. Партиялык төбөлдөр коммунизмдин идеалдарына өздөрү ишенбей, эл болсо коммунисттерге, тагыраагы, бийлик башындагыларга ишенбей калган эле. 70-жылдардан тартып: «Сен – мага, мен – сага», «Чоң айлыктан көрө чоң кампаң болсун», «Жашагың келсе, эпчил бол» ж. б. у. с. бузук макалдар кеңири жайыла баштады. Теледен, гезиттерден, саясий трибуналардан элдин укканы бир башка да, күнүмдүк турмушта көргөнү такыр башка, теңирден тескери баалуулуктар басымдуулук кылып жатты…

Албетте, Батыштагы жашоону биз түстүү журналдардагыдай жалтырак, кооз элестетчүбүз. Мындай ажайып турмушка жетүү үчүн бизде капитализм куруп, көп партиялуулукка негизделген демократияны орнотуу гана керек деп ойлочубуз. Биз батыш цивилизациясын үлгү тутабыз деп чечтик. Бирок баары биз ойлогондой жөнөкөй, оңой эмес экен! Батыштын социалдык маселелерди чечүүдөгү ийгиликтери капиталисттер ушундай каалагандыктан эмес, коммунизмдин «жугуштуу» идеясынан коркконунан болуп келген тура, көрсө! Коммунизмге өздөрүнүн капиталисттик системасынын артыкчылыктарын каршы коюу менен, батыштын өкмөттөрү коомдук мамилелерди уюштуруунун социалисттик негиздерин колдонууга өтүшкөн экен. Биз социализмде жеке менчикке жол берилбейт деген тар түшүнүктөн арыла албаптырбыз. Бул такыр ката экен! Чындыгында социализмде менчиктин бардык формалары шайкеш айкалышып, көп нуктуу экономика болушу керек, экономиканын стратегиялык, негизги жана түпкүлүктүү курамдары гана мамлекеттин колунда кармалат тура! Менчиктин дал ушул түрлөрүн бүгүнкү күндө өнөржай-каржы олигархиясы мамлекеттен ажыратып, трансулуттук корпорациялардын (ТУК – ТНК) жеке менчигине өткөрүп берүүнү талап кылууда, атайылап уюштурулган дүйнөлүк каатчылыкка шылтоолоп.

Бирок азыр Дүйнө жалгыз уюлдуу болуп калды, капиталисттер өздөрүнө каршы койгудай эч ким жок эми, мунун кажети да жок. Мына эми «капитализмдин сонундары» ачыкка чыкты! Азыркы каатчылыктардын башкы себеби дүйнөдөгү акча системасын «демократия» тескебей эле, тескерисинче, «акча системасы» демократияны өзүнө ыңгайлаштырып алгандыгында! «Коммунизм» кооптуу болуп турганда, капитализм адеп сактоого аргасыз эле, эми корко турган эч нерсе жок кезде уят-сыйытты сыйрып ыргытты. Капиталисттик Дүйнө – бул майда же атүгүл орто ишканалардын менчик ээлери эмес, Жер шарындагы каржы ресурстарынын ааламдык ээлери. Эми алар Дүйнөдөгү жашоо-тиричиликти бүт камтыган ички түзүмдүн (инфраструктуранын: жолдордун, унаанын, байланыштын, билим берүүнүн жана саламаттык сактоонун ж. б. у. с.) басымдуу бөлүгүн ээлеп алууга, дүйнөлүк экономиканы өздөрүнүн каржы ресурстарынан көз каранды кылып салууга умтулууда. Дүйнөдөгү саясий системалар акча каражаттарына көз каранды болгондуктан, чындыгында бардык саясатчыларды дүйнөлүк каржы магнаттары тымызын башкарып турат. Дал ошол күчтөр шайлоо өнөктүктөрүндө, өкмөт жана парламент түзүүдө, ошондой эле мамлекеттин саясатын аныктоодо ачыкка чыгуучу «демократиялык процесстерди» жөнгө салып турушат. Европадагы бардык өкмөттөрдүн жана Америка бийлигинин жүрүм-турумуна көз чаптырсаңыз, жогорудагыдай тыянакка келбей

койбойсуз. Каатчылык (кризис) мезгилинде мамлекеттердин өкмөттөрү өз шайлоочуларынын эмес, ааламдык каржы системасынын кызыкчылыктарын жактап иштейт, анткени ага толугу менен көз каранды. ***Бүгүнкү саясатчылар элди, адамдарды эмес, банктар менен банк системаларын сактоого жанталашат!***

Каржы Дүйнөсү ресурстар үчүн: чийки зат, энергетикалык, минералдык булактар үчүн согушууда, демек, өз аймактарын жана таасир чөйрөсүн кеңейтүүгө умтулууда. Алардын дүйнөлүк капиталын айлантууга мамлекеттик чегаралар, саясий жана экономикалык жактан эгемен түзүлүштөр тоскоол гана болот. Азырынча алар саясатчылар менен сүйлөшүп, дүйнөлүк капиталдын мейкиндигин жана таасирин кеңейтүү максатында аларды көндүрбөсө болбойт. Бүткүлдүйнөлүк Соода Уюмунун (БСУ – ВТО) алкагында жер жүзү өндүрүп-керектөөчү жана жетеленип-керектөөчү деп экиге бөлүнгөн. Булардын экинчиси, албетте, толугу менен көз каранды, анткени өзү эч нерсе өндүрө албаса, негизинен тышкарыдан ташылуучу нерселерди сатып алуу менен эле чектелсе, анан кантсин! Жетеленме мамлекеттерден ресурстар сыгып алынат да, алардын акчалай пайдасы өндүрүүчү өлкөлөргө товар баасы катары кайра агылып барат. Бул процесстердин дирижеру жана саясий уюштуруучусу – Бүткүлдүйнөлүк Валюта Кору (БВК – МВФ). Атүгүл прогрессивдүү капиталисттер да алар түзгөн системанын бетпактыгына таң калууда. Джорж Сорос өзүнүн ***«Капиталисттик коркунуч»*** китебинде мындай деп жазат***: «Базар идеологиясы «ачык жана демократиялуу коомго» кооптуу болуп баратат, анткени акча бардык нерселердин чен-өлчөмүнө айланууда, мунун кесепетинен, башкасын айтпаганда да, өзүмчүл кызыкчылыктар коомдук байгерлик мүдөөдөн жогору коюлууда».*** Биз бир айкын чындыкты аңдап билүүгө тийишпиз: Дүйнөлүк монополисттер байлык булактары үчүн согушуп жаткандыктан, мыкты товар өндүрүп, эл аралык базарга чыгаргыдай жаңы, бакыбат өлкөлөрдүн пайда болушун жактырбайт. Эгер ушундай өлкө Дүйнөнүн экономикалык картасынан орун алса, ал ресурстардын бардык түрлөрүн керектөөчү, товар өндүрүү жагынан ири атаандаш болот да, өзүнүн импортко болгон муктаждыгын азайтат! Демек, Кыргызстандын дүркүрөп өнүгүшүнө башкалар кызыгабы? Албетте, жок!

Пристон университетинин профессору Питер Кэнэн жакынкы жылдарга мындай божомол жасайт: ***«Келечекте дүйнө жүзү бай, туруктуу өнүгүүчү мамлекеттер жана көпчүлүк байкуш өлкөлөр болуп бөлүнүшү мүмкүн, атүгүл кансыз согуш болушу да ыктымал…».*** Бирок бул сылык-сыпаа киши дүйнөлүк «каржы акулаларынын» мүмкүнчүлүктөрүн анча билбейт окшойт, анткени согуш бардык фронттордо эчактан бери эле жүрүүдө, болгондо да кансыз эмес, кадимки эле кан күйгөн согуш! Батыштын колдоосун жана жардамын күткөн биз «көз көрүнөө каракталып калганыбызды» түшүнбөдүк. Башкасын айтпаганда да, улуттук валютабызды Малайзияда бастыруу жана паспортторубузду даярдоо үчүн кызылдай алтын кирешени британиялык «Томас де ля Ру» алып жатпайбы. Канаданын «Кумтор Оперейтинг Компани» компаниясы биздин өлкө насыяга алган акчаны пайдаланып, биздин өлкөдө алтын казып алууда. Алардын менчиги алтын өндүрүүчү ишкана жана казылып жаткан алтын экен да, биздин үлүшүбүз «салык» менен жумуш орундары имиш?! Мындай «жардам» чындыгында биздин ансыз да чабал өлкөбүздү талап-тоноо экендиги көпчүлүккө белгилүү болуп калды. Бирок чечимди «демократиялуу» жол менен түзүлгөн өкүлчүлүктүү бийлик системабыз – Жогорку Кеңеш кабыл алат. Эми өзүңүз тыянак чыгарыңыз – 21 жылдан бери кайсы бийлик сиз менен биздин таламыбызды коргоду эле? 2010-жылга чейин бийлик өз элине каршы ачыктан-ачык кылмыш жасап келгендиги дайын болуп калды! Бирок жаңы бийлик деле коомдук-экономикалык жана саясий мамилелер системасына эч кандай өзгөртүүлөрдү киргизген жок. Балким, азыркы бийликтегилердин дурус ниети болсо болгондур, бирок колунан эч нерсе келбей жатат. Айыл өкмөтүнөн тартып райондук, шаардык кеңештерге, акимчиликтерге, борбордук бийлик органдарына чейинки башкаруунун бардык деңгээлдерин карап көрүңүз: сиздин таламыңызды коргогон бир адам барбы бийликте?

Эгер бирөө-жарым табылса, анда реформа эч болбосо айрым бир учурларда оңунан чыкты дейт элек. Ырас, бийликте жалаң шүмшүктөр келген дешке болбостур. Бирок эмне үчүн азыр жакшы эле кишилер да бийликте натыйжалуу иштей албай жатат? Себеби, ***биздин өкүлчүлүктүү бийлик системабыз такыр туура эмес!*** Бул система совет бийлигинин мамлекетти көп сандаган «партиялык-комсомолдук мителер» бүлүнтүп жаткан акыркы жылдарындагыдан да жийиркеничтүү. Дал ошол мителердин психологиясы, «маданияты» жана пейили азыркы саясий бийликке түз эле көчүрүлүп келгендей. Азыркынын айырмасы – «заманаң бөрү болсо бөрү, түлкү болсо түлкү бол» деген «эрежени» ураанга айлангандыгы. Ушундай негиз менен түзүлгөн бийлик элге кызмат кылышы мүмкүнбү? Эч качан!

Өкүлчүлүктүн «атактуу» мажоритардык системасын эстеңизчи? «Мажорлор» кимдер эле? Булардын басымдуу көпчүлүгү жердештерин, уруулаштарын алдап, акыры аларга да чыккынчылык кылган шүмшүктөр болчу. Алар саясий бийлик үчүн күрөштү. Саясий күрөш коомдук турмуштун табигый абалы деп биздин аң-сезимибизди да ууктурушту. ***Чындыгында бул накта адашуу жана алдануу!*** Адамдардын эт көргөндө көзү кызарган карышкырдай болуп бийликке жулунуп жатканы жакшыбы?! Бул наадан түшүнүктөн арыла турган учур келди! Бул наадандык биздин эле жарандарга эмес, бүткүл дүйнөдөгү элдердин баарына мүнөздүү. Саясий көмүскө кутумдар, шайлоодогу бузукулуктар, эрегишкен саясатчылардын позиция – оппозиция болуп тирешүүсү менен коштолуучу жалган демократиялык стандарттар бардык мамлекеттерге таңууланды. Биринчи Темадагы айтылгандардын негизинде биз коомдун ушундай мүчөлөрү кандай азезил күчтөрүнө таянып жатканын аңдап билишибиз керек! Алар Исхак жана Жакып пайгамбарлар жеңип өткөн ашкере бузуку энергиялардын деми менен иш-аракет кылууда! Ушундай жарандарыбыздан кандайдыр бир жакшылыкты күтүүгө болобу? Бул суроонун жообу баарыбызга өз тажрыйбабыздан улам дайын: мындай системада адамдын Кудай буюрган парзына каршы келер терс энергиялар гана топтолот.

***Биздин коом эки ирет катуу алданды.*** Бизге бийликтин пропорционалдык өкүлчүлүк системасын сунуш кылышты! Мында шайлоочулардын таламын партиялар коргойт делет. Бирок насилинде бул мурункудан да ыплас, бетпак түзүлүш болуп чыкты. Аны илгерки советтик бир партиялуу же азыркы Россиянын көп партиялуу бийлик системасы менен, же болбосо өзүбүздүн эле кечээки бийлик менен салыштырып көрүңүзчү?! Коопсуздук кызматында (КГБда) иштеп зор тажрыйба топтогон урматтуу В.В.Путиндин «Бирдиктүү Россия» партиясы текши жайылган коррупцияга күчү жетпейт – президенттин тегерегиндеги өзү ишенген адамдары баштап уурдап жатышат! Мындай уурулуктун арааны төбө чачты тик тургузат! Эгер сиз Батышта жагдай жакшы деп ойлосоңуз, катуу жаңыласыз. Ал жакта бийлик системасы бир аз башкача колдоого алынат – бийликтеги партия башка жактан, дүйнөлүк булактардан уурдайт. Ырас, аларда деле мамлекеттин казынасына колун салуудан тартынбагандар кездешет.

Өлкөдө жеке менчик ыйык дөөлөт деп, ал эми коомдук турмуштун негизги эрежеси катары «Кандай жол менен болсо да баарыңар байый бергиле, башкы максат – каалагандай ишмердиктен колдон келишинче көп пайда өндүрүү! Жеке менчиктин көлөмүнө чек коюлбайт!» деген эреже жарыяланды. Ушундай шартта бул «эң жогорку, эңсеген кыялына жеткен» адамдар эмне кылат деп ойлойсуз? Ачтан көзү тунарган кишини тамак бөлүштүр десе, дароо эле өзү сугуна баштабайбы? Мындайда Путин эмес, Ху Дзен Тао кылычын кезеп турса да, уурулук тыйылбайт – баарынын башын кыя чабуу мүмкүн эмес! Ар бир мамлекеттик кызматкердин баскан-турганын аңдып тура албайсың. Коом кайсы идеалдарды жана ыймандык дөөлөттөрдү туу тутса, андагы жарандар, айрыкча мамлекеттик кызматкерлер ошондой болору анык…

Дагы бир чоң жаңылыштык капиталисттик система түзүлсө эле коомдогу бардык адамдар жыргап калат деген түшүнүккө байланышкан. Жашоо деңгээли капитализмдин кайсы өнүгүү баскычында турганына жана ага каршы уюлдун бар же жоктугуна жараша

болот. Каржылык, постиндустриалдык капитализмдин азыркы шартында бир ууч шылуундардын колуна капитал менен байлык топтолушу үчүн гана эң жакшы мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Ресурс булактары үчүн тирешүүдөн мамлекет аралык эле эмес, дүйнөлүк согуш да чыгып кетиши толук ыктымал! Мында базар экономикасы менен чайкоочулук экономикасын чаташтырбоо керек, бул такыр башка-башка нерселер.

Дүйнөлүк геосаясат айдыңындагы мамлекеттин орду кандай экендиги да абдан зор мааниге ээ. Бул жагынан да капитализм менен демократияны бирдиктүү нерсе деп кабылдоонун кажети жок! Бирок биздин жарандар эч болбосо жарым-жартылай социалдык акыйкат болушун каалайт, муну келечекте демократия камсыздайт деп үмүт үзбөй келет. Анткен менен Кыргызстан деп аталган «кеме» кайдан чыгып, каякка сүзүп бара жатканы белгисиз бойдон калууда. Көздөгөн максатыбыз анык болбосо, качанга чейин каңгып жүрөбүз? Ошондуктан, бул жана башка көптөгөн бейжооп суроолорду эске алып, биз азыркы адамзат тушуккан бардык орчундуу көйгөйлөрдүн чечилиш жолун ачкан Таза Мамлекет Теориясын сунуштап жатабыз. Аны иш жүзүндө колдонууга толук мүмкүнчүлүк бар!!!

Эң оболу Социалдык Система жасалма түзүм эмес, жандуу заттын бардык касиеттерине ээ кадимки эле табигый Тирүү Организм экендигин айталы. Мындай организмдин айрым гана бөлүктөрү өнүгүп, башка жактары токтоп турбашы керек. Мисалы, адегенде баш өсүп чыгып, анан бут, андан соң кол ж.б. болуп кезектешпейт эмеспи. Кайсы бир дене мүчөсүн өзүнчө багып, кычкылтек менен ашыкча камсыздап, калгандарын таштап салганга болбойт. Биз коомубуздун түркүн улут өкүлдөрүнөн, ар кайсы диний же динден тыш көз караштарды жактоочулардан, түркүн мүнөздүү, пейили жана маданияты да ар башкача адамдардан турарын эске алышыбыз кажет. Мындай түзүмдүн шайкеш, табигый өнүгүшү үчүн социалдык уюшуу принциби сакталышы баарынан зарыл. ***<u>Буга бийликтин өкүлчүлүк системасы мыкты болгондо жетишүү мүмкүн</u>!*** Ар бирибиз бийликтин бардык деңгээлдеринде таламдарыбыз жакшы корголоруна 100% ишенгидей болушубуз зарыл. Эгер мындай болбосо, бул чыныгы демократиянын бизде жоктугун билдирет. «Куттуу орун бош калбайт» дегендей, бийликке кайра эле бүтүндөй Коомдун мүдөөсүн ойлобогон өзүмчүлдөр келет. Натыйжалуу иштей турган бийлик төмөнкүдөй негизги касиеттерге ээ болууга тийиш экендиги жалпыга белгилүү:

1) Салттардын, максат, милдеттердин жана көздөгөн багыттын туруктуулугу;
2) Кадрларды кесипкөйлүгүнө карай дайындоо;
3) Башкаруу усулдары менен ыкмаларынын мурастуулугу;
4) Башкаруу чечимдерин туура кабыл алынышы;
5) Социалдык акыйкаттын сакталышы;
6) Мүмкүнчүлүктөрдүн бирдейлиги;
7) Конкреттүү натыйжаларга умтулуу.

Биздин аң-сезимибизге «бийлик АКЧАЛУУЛАРДЫКЫ» деген арамза түшүнүк таңууланды. Мурдагы мажоритардык система шартында талапкерлер добуш сатып алуу аркылуу шайланып, Улуттун бузулушуна – уруучулдуктун, жердешчилдиктин, жек-жаатчылдыктын ж.б. илдеттердин саясатка кеңири жайылышына түрткү беришти. Өкүлчүлүктүн пропорционалдуу системасы да мурдагы амалкөйлүктөргө ылайыкталып бурмаланды. Эми айрым АКЧАЛУУЛАР биригип, «мафиячыл партияларды» түзө салып, добуштарды дүңүнөн сатып ала баштады. Бийликти уюштуруунун жаңы системасы мурункудан да жаман. Анткени саясий партия – бул бизнестин чет өлкөлүк кызыкдар күчтөр да тымызын аралашкан «инновациялык» түрү. Саясий ишмердик Коомдун эмес, бир ууч ач көздөрдүн таламын жактоого багытталат.

Бийликтеги туруктуулук менен уланмалуулукту табияттагы чыныгы шайкеш жана ажайып кооз кубулуштарга салыштырып даана түшүнүүгө болот. Мисалы, биздин Ысык-Көлүбүз – кебелбес ТУРУКТУУЛУКТУН үлгүсү. Бул көлгө тоолордогу түркүн

булактардан, мөңгүлөрдөн чогулган миң сан өзөндөр агып түшөт да, андан бир агымга бириккен Чүй дарыясы болуп агып чыгат (ырас, азыр агып чыкпай калган, мунун рухий, экологиялык жана социалдык себептери тууралуу өзүнчө соз кылабыз). Бул агымдардын баары бирге УЛАНМАЛУУЛУКТУ элестетип турат! Мажорлор жана каалагандай саясий партиялар – «жасалма агымдар», алар табигый элдик «көлдү» жарата албайт, ошондуктан жасалма «суу сактагыч» гана пайда болууда. Ысык-Көл болсо көптөгөн тоо сууларынан төмөн жайгашкандыктан, бул абал ОТЧЕТТУУЛУКТУ жана КӨЗӨМӨЛДҮҮЛҮКТҮ да туюнтат. Дал ушул принцип боюнча мамлекеттеги бийлик системасы уюшулууга тийиш!

Биз туруктуулук, уланмалуулук жана отчеттуулук талаптарынын баарына туура келгидей бийликтин шайкеш ТҮЗҮМҮН же, башкача айтканда, бийлик СИСТЕМАСЫН жаратуубуз керек. Эгер бул жерде «партия» деген терминди колдонсок, анын аныктоочу катары эч качан «саясий» дегенди кошпогонубуз оң. Андан көрө «коомдук» дегенибиз туура болот. Өкүлчүлүктүн негизги принциби КОШУНАЛЫК болууга тийиш! ***300-400*** үй-бүлөдөн турган ар бир мааледен (короодон, кварталдан) бир татыктуу КОШУНА бийликтин өкүлчүлүк системасына шайланышы керек. Башкаруу илиминде белгиленгендей, бардык эле жарандар башкарууга жана жоопкерчиликтүү чечим кабыл алууга шыктуу боло бербейт. Мындай талант жүз кишиден бирөөндө болушу ыктымал. ***300-400*** үй-бүлөнүн ар биринде жок дегенде жашы жеткен эки киши болсо, ***600-800*** шайлоочу өздөрүнүн катарынан өкүлчүлүктүү бийликке ***6-8*** талапкер көрсөтө алат. Ар бир шайлоочу мындай талапкерлерди түздөн-түз көрүп-биле алат. Француздардын чыгаан ойчулу Жан Жак Руссо «Коомдук келишим» аттуу эмгегинде биздин оюбузду ырастаган: ***«…Демократиялык принциптер байыркы гректердин полиси же азыркы айылдар сыяктуу чакан жамааттарда болушу мүмкүн, анткени адамдар анда бири-бирин жакшы тааныгандыктан, аң-сезимдүү түрдө тандашат…».*** Бул өтө ОРЧУНДУУ жобо социалдык системаны же организмди бирдиктүү бүтүн кабылдоо үчүн керек!!! Жөн-жай баарлашканда деле адамдар энергия алмашат. Энергия алмашуунун бул процесси дайыма жүрүп турат. Энергетикалык таасирлешүүгө (резонанска) жетишилгенде, дирилдешүү (бирге вибрациялануу) болот да, социалдык климат жаралат жана КООМДУК АУРА түзүлөт.

Коом ИРИ ҮЙ-БҮЛӨ экендигин эч качан эсиңизден чыгарбаңыз!!! Сиз өзүңүздүн үй-бүлөңүздөгү микроклиматка көңүл кош карабайт эмессизби?! Жубайыңыздын, балдарыңыздын, жакын туугандарыңыздын канчалык ыймандуу же ыймансыз экендигине кайдигер болбойсуз да, туурабы?! Анда эмне үчүн СОЦИАЛДЫК КЛИМАТКА жана ЭНЕРГЕТИКАГА такыр кайдигер карайбыз? Мындан мурунку Темада биз адам денесиндеги психоэнергомагниттик борборлор – «чакралар» тууралуу сөз кылган элек. Булар жөнүндө сиз башка булактардан да окуган, уккан болушуңуз мүмкүн. Чындыгында коомдун бүтүндөй «денесинде» да ушундай «чакралар» болот! Коомдун «астралдык денесиндеги» бул «борборлорго» биз жамааттык түрдө «ультрафизикалык» – жогорку жыштыктуу (жаркын, периштелик) эзотерикалык таасирлерди же аларга карама-каршы «инфрафизикалык» – жыштыгы төмөн (караңгы, азезилдик) таасирлерди чакырып турабыз. Кайсы таасир басымдуулук кылганына жараша бизди курчап турган чөйрөдөгү, мейкиндиктеги климат жана энергетика калыптанат! Эгер бүтүндөй социалдык организм узак убакыт бою тынчсыздандыруучу жана басынтуучу таасирге кабыла берсе, жагдайдын оңолушуна ишенич пайда болбосо, анда Коом эбегейсиз катуу ЧЫҢАЛУУГА – ШОК абалына тушугат. Ага салыштырмалуу соңку «революция» баланын оюнундай көрүнүшү мүмкүн! Бул дүрбөлөңчүл опуза же божомол да эмес, бул – «апаат тууралуу эскертүү»! Жаңы саясий бийлик төмөнкүдөй максаттарга жана багыттарга коомду ээрчитмекчи экендигин жар салды:

1) Жеке менчикти «кол тийгис, ыйык» деп саноо;
2) Өлкөбүздө болгон мамлекеттик бардык стратегиялык объектилерди мамлекеттен ажыратып, менчиктештирүү;

3) Чет өлкөлүк инвестицияларды тикелей тартуу;

4) Коммерциялык банктардын сүткор ишмердигин колдоо;

5) Шайлоочулардын таламын саясий партияларга – мафияларга ишенип тапшыруу;

6) Коррупцияны жеңүү;

7) Улуттун биримдигин, байгер турмушун жана гүлдөп өнүгүүсүн камсыздоо.

Бул «жол картасындагы» соңку эки нокот теориялык түрдө да аткарылбайт, анткени буга өйдөкү беш нокоттун барлыгы мүмкүндүк бербейт. Биринчи беш нокоттун насили соңку экөөнүн жүзөгө ашырылышына тоскоолдук гана кылбастан, толугу менен жокко чыгарат да, такыр тескери натыйжага алып келет! Эмне үчүн? Себеби биринчи беш нокот байлык кудайы Мамонанын идеалдарына, дөөлөттөрүнө туура келет. Буларга сыйынган адамзат соңку эки нокотто белгиленген дөөлөттөрдү сактай албайт, анткени кийинкилер – рухий дөөлөттөргө багытталган! Бул эки башка идеалдар Түндүк жана Түштүк уюлдарындай карама-каршылашып турат. Чындап эле ушундай ниеттенген күндө да, бул түшүнүктөрдүн табияты өзгөрүлбөйт! Азыркы Батышты, анын бүткүл дүйнөгө жайылтып жаткан азезилдик таасирин караңызчы…

Бүтүндөй Коом жана анын ар бир мүчөсү өлкөдөгү шайкеш жана натыйжалуу башкарууну уюштуруу жагынан өз жоопкерчилигин күчөтүшү абзел. Жашаган жерине карай бириккен ***300-400*** үй-бүлөнү жалпысынан ***«жамаат»*** (чакан коомдоштук) дейли. Бирок адегенде мындай жамааттардын өзөк бөлүкчөлөрүн аныктап алышыбыз кажет. Жамааттын өзөк түйүмү – бул кыргызстандык ар бир ***ҮЙ-БҮЛӨ!*** Коомдоштукта жалпы КЕЛИШИМГЕ негизделген адилет жана натыйжалуу иштеген өкүлчүлүк бийлиги орношу үчүн, мындай бийликке ар бир жаран адегенде өзүн башкара билүү жагынан ээ болушу зарыл. Анан мындай бийлик ар бир үй-бүлөдө болушу керек. Азыркы заманда чексиз ӨЗҮМЧҮЛДҮК, пайдакечтик жана ачкөздүк кеңири жайылтылып жаткан чакта, ҮЙ-БҮЛӨ дагы эле эң маанилүү дөөлөт бойдон калганына шүгүр дейли!!! Ашынган паракор деле өз үй-бүлөсүнүн кызыкчылыгын ойлобой койбойт. Башкача айтканда, бул деңгээлде жеке Аң-сезим мурдагыдай эле Үй-бүлөлүк Аң-сезимге тамырлаш. Бул башкача типтеги Аң-сезим, анын бар экендиги абдан маанилүү! Эмне үчүн? Себеби, бул «чакан жамааттык» ЭНЕРГИЯНЫН «чакан генератору» болуп саналат!

Конфуцийдин окуусу менен тааныштыгы бар адам мамлекеттин жакшы иштешине ыйык «ДЭ» даремети чоң таасир этерин билет. Бул дареметтин күчү Конфуцийден алда канча илгери белгилүү болгон. Ал Кытайга өзүнөн 800 жыл илгери – б.з.ч. 12-11-кылымдарда – Чжоу-гунн алып келген ушул түшүнүктү жөн гана кайра жаңырткан. Дал ушул окуу Кытай мамлекетин негиздөөгө түрткү берген, анын рухий өзөгүн түзгөн. Ыйык «ДЭ» даремети – бул Бийик күчтөрдүн керемети же КӨКТӨН БЕРИЛҮҮЧҮ КАСИЕТ, муну кыргыздар «КУТ» деп эзелтен билип келген. Кытайларга сунушталган мамлекетти уюштуруу системасы эң байыркы Сибирь расасындагы элдерге мүнөздүү эң байыркы КЫРГЫЗЧЫЛЫКтын каада-салттарына, жөрөлгөлөрүнө жана эрежелерине негизделген. Демек, биз таптакыр жаңы нерсени ойлоп таап жаткан жокпуз, болгону Коомду уюштуруунун эң байыркы системасын азыркы замандын шарттарына ыңгайлаштырууну гана сунуш кылабыз. Байыркы Кытайдын мамлекеттик системасы ата-бабалардын арбагын сыйлоо салтына негизделген. Бирок биз муну өзүбүз деле билебиз, мурунку Темада байыркыдан калган ***ЖЕТИ АТА*** дөөлөтүн талдаганда кыйла терең түшүнүп алдык!

Ошентип, Үй-бүлө – бул жамааттык «ДЭ» же «КУТ» баштапкы ыйык дареметинин жалгашуу башаты. Бул заттык дүйнөдө Шайтандын, Азезилдин корко турган эң башкы душманы – дал ушул Ыйык Күч!!! Ушул күч менен Иса Пайгамбар шордуулардын денесин айыкпас илдеттен арылткан, атүгүл өлгөндү тирилткен! Бирок биз бул күчтү бүтүндөй мамлекетке таасир эткендей кылып кайра өзгөртмөкчүбүз!!! Эгер туура өзгөртүлүп, топтолсо, бир Үй-бүлөнүн энергиясынын күчү бир Олуянын кубатына

барабар болот. Биздин өлкөдө, чет жакка кеткен мекендештерибизди кошо эсептесек (алардын бүт баары Таза Мамлекет курууга багытталган ишибизге салым кошот), ***миллион Үй-бүлө*** болот! Дүйнөдөгү бир дагы монастырда же мечитте эч качан ушунча сандагы ыйык кишилер топтолбосо керек. ***Биздин башкы мүдөөбүз – азыркы ээрчиме, жоопкерчиликсиз жана оңой жетеленүүчү Коомду сергек ойлонуп, ыкчам иштеген, акыл-эстүү, аң-сезими тунук, ийкем уюшуучу жана өзүн өзү башкаруучу Социумга айлантуу***. Бизге жаңыдай көрүнүп жаткан өкүлчүлүк бийлиги илгертен КУРУЛТАЙ деп аталып келген. Ар бир Жамаат буга өзүнүн ***адамдын жана жарандын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүн*** шайлайт. Ошентип, Курултай азыркы саясий партияларды жана ар кандай өзүн мактаган капчыгы калың «мыктыларды» алмаштыруучу дилгир жарандар болот. Ушундай өркүндөтүлгөн система бийликтин бардык деңгээлдериндеги кадрларды даярдап туруучу өкүлчүлүк болот. Б.а. Курултай бүткүл өлкөнүн парламентаризмин, мыйзам чыгаруу бийлигин күчөтүүчү өзөктүү системага айланышы керек. Бирок мыйзам чыгаруу функциясы жалгыз эмес, Курултайдын үч функциясынын экинчиси гана. Биринчиси шайлоо системасына тиешелүү. Бул системага эч ким таасир эте албашы керек, демек, ал манипуляциядан эркин болууга тийиш.

Азыркы шайлоо системалары эбегейсиз зор социалдык илдеттин булагы болууда – биздин өлкөдө эле эмес, бүт дүйнөдө ушундай. Эгер бизде бир миллионго жакын үй-бүлө бар десек, ***300-400*** үй-бүлөгө ***3000*** жамаат туура келет экен. Бүткүл өлкө боюнча дал ошончо ШАЙЛОО УЧАСТКАСЫ түзүлүшү керек. Бул азыркы бар шайлоо участкалардан бир аз көптүк кылат. Ар үй-бүлө жашы 18ге жеткен шайлоочуларын каттоодон өткөрүүгө тийиш. Ошондо уул, кыздардын кимиси кайда жүргөнү мааниге ээ болбой калат. Ар үй-бүлө ШАЙЛООЧУ катары кимге ыйгарым укук берүүнү өзү чечет. Ал эми ШАЙЛООЧУнун добуш берүүгө катышуу укугу эле эмес, социалдык милдети анык белгиленет! Эгер коом рухий жана ыймандык жактан кайра жаралууну көздөсө, анда муну биринчи кезекте шайлоо процессинен баштоо зарыл. Анткени социалдык апааттардын тамыры дал ушул жерде!!! Шайлоо ЖАНДУУ, ОРГАНИКАЛЫК ПРОЦЕСС болууга тийиш. Биз жашыруун добуш берүү деген шайтан оюндан баш тартышыбыз керек! Алдамчылык, кыйдылык, арамзалык жана кыянатчылык – мунун баары жашыруун добуш берүү системасына байланышкан!

Эгер шайлоо кайсы бир күнгө белгиленсе, анда 3-5 күн мурун ЖАМААТтын адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү (ал КУРУЛТАЙДЫН делегаты да болуп саналат) же анын шайлоо процесси боюнча жардамчысы ар бир үй-бүлөдөн канча шайлоочу катталганына жараша жетиштүү сандагы бюллетень алып келиши керек. Бул арада ар бир үй-бүлө өз чечимин тактайт, ал эми ҮЙ-БҮЛӨнүн ШАЙЛООЧУсу белгиленген күнү шайлоо участкасына келет да, үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн атынан ачык-айкын добуш берет. Бул сунушту ойлонуштурулбаган же башкалардан жөн эле көчүрүп алынган нерсе катары четке кагууга шашпаңыз. Биз бул маселеге абдан олуттуу карап, шайлоо процесси ЖАНДУУ ЭНЕРГИЯ АЛМАШУУ экендигин эске алып жатабыз! Атүгүл ҮЙ-БҮЛӨнүн алысты жүргөн мүчөсү менен телефон, Интернет же башка байланыш каражаттары аркылуу баарлашуу да чыныгы рухий, энергетикалык күч-кубат алмашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Экинчи жагынан алганда, бул процесс жарандарды өзүн-өзү тарбиялоого, өздөрүнүн социалдык жоопкерчилигин күчөтүүгө, кайдигерлик менен ээрчимеликтен арылууга көндүрөт.

Эсиңиздеби, мурдагы тынч заманда лотерея белеттерин кандай текшерчү элек? Биз белетти гезитке жарыяланган утуш жыйынтыгы менен салыштырчубуз. Азыркы сунушталып жаткан система боюнча да ар бир ЖАМААТ өздөрүнүн участкасындагы шайлоочулар кандай жыйынтыкка жетишкендигин анык биле турган болот. Эгер кимдир бирөө бул жыйынтыкты бурмалоого аракеттенсе, ал эң катаал жазык жоопкерчилигине тартылат, анткени мындай кылмыш «диверсия» катары айыпталууга тийиш». Өлкөнүн ар бир жараны өзүнүн добушу эсепке алынарына 100% ишениши керек – мейли, атасы,

апасы, бир тууганы же жубайы аркылуу добуш берсе да. Мындайда жаран өзү шайлоо күнү айчылык алыста жүрсө да, жүрөгү МЕКЕН деп согот! Анын рухий, ыймандык чечими эске алынат. Ошентип, шайлоо процессине элдин баарын убара кылуунун, көп сандаган байкоочуларды чакырунун, бюджеттен акчаны самандай сапыруунун зарылдыгы болбой калат. Шайлоо өнөктүгү ондогон эсе аз чыгым менен өткөрүлөт, СОЦИАЛДЫК АКЫЙКАТ орнотулат.

Мурдагыларды эмес, кечээ жакында эле өткөрүлгөн жергиликтүү кеңештерге, мисалы, Бишкек шаардык кеңешке болгон шайлоону алалычы. Сиздин оюңузча, ошол кеңештерде сиздин таламыңызды коргой турган бирөө-жарым барбы? Же болбосо Жогорку Кеңеште сиздин маселелериңизди ойлогон жан барбы? Депутаттар менен шайлоочулар ортосунда энергетикалык байланыш жок, демек, рухий таасирлешүү жана катышуу жөнүндө сөз кылуунун да кажети жок! Андыктан коомдогу жагдай эч качан жакшы болбойт. Албетте, КУРУЛТАЙДЫН бардык эле мүчөлөрү ар кайсы деңгээлдердеги кеңештерге депутат болуп шайланбайт. Курултайдын мүчөлөрү бардык деңгээлдердеги мыйзам чыгаруу бийлигинин кадрлык резервин түзүп турат. Ошентип, Курултай бүткүл элдик партиядай болуп калат. Биринчи, ылдыйкы деңгээлдеги өкүлчүлүк анча чоң эмес аймактарда, белгилүү сандагы ЖАМААТТАРЫ менен түзүлүшү керек. Элет жеринде бул айылдык кеңештер деңгээлине туура келиши мүмкүн. Шаарда тийиштүү сандагы шаардык участкалык кеңештерден куралса болот. Аларда жүргүзүлүүчү ички шайлоо натыйжасында Курултайдын ар бир экинчи, үчүнчү же төртүнчү мүчөсү депутат болушат. Ылдыйкы деңгээлдеги кеңеш депутаттарынын катарынан Жер Округдарынын парламенттерине делегаттар шайланат, алардан болсо дагы бир тандап иргеп алуу аркылуу Республикалык Парламентке өкүлдөр жиберилет. Республикалык Парламент ***<u>45 депутаттан</u>*** турат, ал туруктуу иштейт. Жер Округдарынын парламенттери, ошондой эле ылдыйкы кеңештер сессиялык негизде иш жүргүзөт.

Ошентип, мыйзам чыгаруу бийлигинин бүтүндөй системасы төмөндөн жогоругачейин өз ара байланыштуу болот. Бардык деңгээлдери бири-бирине айкалышып турат. Бирок Курултай мүчөлөрү аыркы формалдуу партиянын мүчөлөрү сыяктуу эле бири-бирине теңдеш, бирдей макамга ээ. Ошондуктан шайланышына өзүңүз түздөн-түз катышкан КОШУНАңыз дайым көз алдыңызда болот: каалаган учурда сиз ага барып, конкреттүү маселени чечүү үчүн ага кайрыла аласыз. Ал тийиштүү деңгээлдеги кеңештин депутаты экендигин, бардык деңгээлдердеги аткаруу бийлиги кеңештерге отчет берип турарын билет. Ошондуктан сиздин укуктарыңызды коргоо боюнча мындай ыйгарым укуктуу өкүл мамлекеттеги каалагандай кызмат адамына түз кире алат. Курултайга шайлангандар шайлоочулардай эле социалдык шартта жашай тургандыгы зор мааниге ээ. Азыркы депутаттар байлар менен жогорку кызматтагылардын катарында заңгыраган тамдарда жашайт, андыктан «ач кадырын ток билбей» жатат. Кызыкчылыктар да асман менен жердей айырмаланат. Дал ошондуктан учурдагы өкүлчүлүктүү бийлик жалганчылыкка жана алдамчылыкка негизделген!!! Демек, туташ өзгөртүүлөрдү жүргүзүү зарыл.

Бүгүнкү күндө бийликтеги партия эмнеге умтулууда? Бардык деңгээлдердеги кеңештерге өз партиясынын мүчөлөрүн шыкап, аткаруу бийлигин да алар менен толтурууга далбаса кылып жатат. Ушундай мүмкүнчүлүккө жетүү үчүн партиялар жаатташып, касташууда, бирок булардын бири да, иш жүзүндө эмес, теориялык ыңгайда деле, биздин таламдарыбызды коргоого жөндөмсүз. Анткени азыркы система азезилдин зулум энергиясына таянат, ал эми шайтан бийлеген жерде эки жүздүүлүк, калпычылык жана кыянатчылык гана үстөмдүк кылат. ***<u>Ошондуктан биз ушундай жашап жатабыз!</u>***

Биздин Концепцияда административдика-аймактык реформаны кечиктирбей жүргүзө баштоо керектиги белгиленген. Анткени биринчи кезекте экономикалык маселелерди чечүү үчүн бүткүл өлкө ***<u>экономикалык өз алдынчалыгы жетиштүү камсыздалган 14 административдик-аймактык Жер округуна бөлүнөт.</u>*** Ар бир Жер Округу азыркы төрт

районду камтыйт. Б.а. бул райондон чоң, облустан кичине аймак болот. Мында Талас менен Баткенди өзүнчө карап, бул реформанын алкагында өз алдынча Жер Округдары бойдон калтыруу керек. Ошентип, райондор жана облустар жоюлат. Экономикалык өз алдынчалык аймактын өнүгүүсү үчүн толук жоопкерчилити да билдирет. Азыр аймактык бийлик органдары эч нерсени чече албайт, эч нерсе үчүн жооп да бербейт. Баары мурдагыдай эле Ак Үйгө жалдырай бериши керекпи?! Коомдук мамилелерде акыйкат жок экендигин эл сезип турат. Апрель «революциясынын» мааниси болбогондуктан (анын натыйжасында эч нерсе өзгөрбөгөндүктөн), өлкөнүн энергетикалык мейкиндиги наразылык, кастык жана зулумдукка толуп-ташып кетти…

Азыркы «демократиялар» Шарль Луи Монтескье сунуштаган бийликти үчкө: мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактарына бөлүштүрүү принцибине негизделген. Бирок иш жүзүндө эч кандай бөлүштүрүү жок! Үч «бутактын» түбү бир эле сабактан өсүп чыккан, бир «тамырлык системага» бириккен. Ушул одоно жаңылыштыкты түзөтүү зарыл. Бийлик бутактарын чындап, иш жүзүндө ажырымдабаса болбойт. Саясий партиялар азыр мыйзам чыгаруу бийлигин талашып, тытышып жатат, анткени ал аткаруу жана сот бутактарын калыптандырат. Эмне үчүн? Себеби бийлик мамлекеттин негизги акча агымдарын көзөмөлдөп, улуттук ресурстарды бөлүштүрөт, тыштан каржылык жардам алат! Бийликтин бирдиктүү «тамырында» мына ушул кызыкчылык бар! Таза Мамлекет Концепциясы бир бийликтин функциясы экинчи бийликке ооп кетишине мүмкүндүк бербейт. Ошондуктан КУРУЛТАЙДЫН «жарандык платформасында» өкүлчүлүктүү системага шайланган «жарандардын укуктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу» өкүлдүн каалагандай деңгээлдеги мамлекеттик кызматкерлер болушуна бөгөт коюлат. Отун казанга салынбайт да, эт очокко ташталбайт! Өкүлчүлүктүү системага шайлануу үчүн талапкер төмөнкү чек-ченемдерге туура келиши зарыл:

1) 5 жылдан кем эмес мезгил бою тийиштүү ЖАМААТ аймагында жашоо;
2) КУРУЛТАЙдын «жарандык платформасында» кошуналарынын таламын жактоочу болуп шайлануу үчүн жашоо тажрыйбасы, акылмандыгы, ыймандык кадыр-баркы жетиштүү болуу;
3) Жакынкы мезгилде башка жакка көчүү ниетинин жоктугу;
4) Аткаруу жана сот системасында иштөөгө которулушуна жол берилбегендиги.

Ар бир Жамаатта мындай адам табылат. Биздин кызыкчылыктарыбызды жалаң гана саясий партиядын мүчөлөрү меен шылуундар жактай алат деп ойлобош керек. Байлардын да өзүнчө турган конуштары бар, өздөрү арасынан эң татыктуусун тандай берсин, аларда деле табылат эмеспи! ***<u>Мамилелер системасы жеке адамдардын жүрүм-турумуна жараша аныкталат; система алмашса, «оюн эрежелери» да өзгөрөт, катышуучулардын мүдөөсү да башкача болот</u>***…

Саясий жактан жигердүү адамдарды эмне кылуу керек? Ар кимдин Кудай берген даремети, шыгы ачылышына мүмкүндүк берилбесе, баары бир эртеби-кечпи топтолуп, толуп-ташыган энергия бир жагынан жиреп чыкпай койбойт. Демейде мындай энергия саясий, коомдук, ишкер, илимий, кылмыш же диний ишмердикке бурулат. Бул үчүн өлкөдөгү саясий ишмердик нугун тез арада кайра түзүп, анын шарттарын жана катышуучулардын мүдөөсүн өзгөртүү керек. Биз алардын ашыкча энергиясын оң багытка, жаратман, б.а. «тынч» нукка бурушубуз абзел! Жогоруда айтылгандай, адамдардын баары эле спортко, көркөм өнөргө же илимге шыктуу болбогондой, башкаруу ишмердигине да ар ким жөндөмдүү эмес. Андыктан эл аралык мелдештерге, көргөзмөлөргө же илимий жыйындарга туш келген киши жөнөтүлбөйт эмеспи!? Коом мындай адамдарды калыптанып калган «табигый тандоо» (мелдеш, конкурс) ыгы менен алдыга сүрөп чыгат. Саясий ишмердик оң жана пайдалуу нукта жүрүшү үчүн партиялар мазмуну жана формасы боюнча «БИЛЕРМАНДАРДЫН ЭЛИТАЛЫК САЯСИЙ КЛУБУНА» айлангыдай шарттарды түзүү керек! Алар аткаруу жана сот системалары үчүн мамлекеттик

кызматкерлерди даярдоо, кайра даярдоо жана кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча туруктуу саясий аянтчалар болууга тийиш.

Ошентип, Коом мамлекеттик натыйжалуу башкарууга жарамдуу чыныгы, нукура улуттук ЭЛИТАНЫ сүрөп чыгышы керек! Тилекке каршы, ата-энесинен мыкты тарбия алып, ыймандуу чөйрөдө өскөн, табиятынан таза, таланттуу, татыктуу жана деңгээли бийик абдан көп адистер мамлекеттик башкаруу системасынан четте калууда. Бул жагдай саясий-коомдук системанын эң чоң, эч качан кечирилгис өксүгү болуп саналат, анткени өлкөнү өнүктүрүүгө «сак-саламат клеткалар» тартылбай, организмди өзүн-өзү жок кылууга алып келе турган «оору, жугуштуу илдетке чалдыккан клеткалар» бардык орчундуу жерлерди ээлеп алган. Акылман Конфуций мындай абал тууралуу минтип айткан экен: ***«…эгер ыймандуу адамдар бийликке керексиз болуп калса, анда бул өлкөнүн оор мезгилди баштан өткөрүп жатканынан кабар берет».***

Биз системалык өзгөртүүлөр жөнүндө көп эле угуп жүрөбүз, бирок ошол өзгөртүүлөрдүн маани-маңызы кандай?! Маани-маңызы өткөн кылымдын 30-жылдарынан бери мамлекеттик башкаруу системасы мазмуну жактан жаңыланбай келаткандыгында. Биздин аң-сезимибиз таштай катып калган сенек көз караштардын ширисине чектелген. Үй ичине тигил же бул түрдөгү эмеректер коюлушу керек деген сыяктуу эле, биз эмнегедир мамлекеттик бийлик дал азыркыдай курулууга тийиш деп ойлой беребиз. Эмнегедир бөлмөлөргө «буфет», «текче» ж.б. болушу керек дегендей эле, бизди сөзсүз түрдө саясатчылар башкарышы керек дейбиз. Эмне үчүн банк системасы азыр да илгеркидей иштөөгө тийиш? Биздин аң-сезимибизге акча дайым тартыш болуп баш оорутушу керек, андыктан банктардан пайызы тир укмуш жогору насыя алышыбыз зарыл деген түшүнүк сиңип калган. Биз бийликке жеткен адамдардын баары сөзсүз кыянатчылыкка барат, элдин акысын жейт дей беребиз. Баарыбыз генералдын же министрдин баласы койчу же дыйкан болбойт, малчы менен карапайым мугалимдин баласы эч качан генерал же министр боло албайт деп эсептейбиз. Ушул сенек көз караштардын ширисинен качан арылабыз?! Эгер турмушта туу туткан эрежелерибизди өзгөртпөсөк, жашообуз эч качан оңолбойт, баягы эле кайдигерлик менен ээрчимеликтин сормо сазында кала беребиз…

ТАЗА МАМЛЕКЕТ – бул коомдук мамилелерди социалдык-саясий жана каржылык-экономикалык уюштуруунун жаңы стандарты жана нугу. Ашканада, дүкөндөрдүн кире беришинде, сыра (пиво) ичүүчү жайларда жана коомдук мончолордо саясий ушактарды айтып, мамлекеттик бийликтин кемчиликтери жөнүндө кургак чечендик кылууну токтотуу керек! Өз жашообуз үчүн жоопкерчиликти толугу менен өзүбүз көтөрүп, жашоо-тиричилигибизди оңдоого шымалана киришер убактыбыз келди! Биз САЯСАТЧЫБЫЗ дегендерге бүткүл элдин бул талабын коёбуз: ***«Же силер мамлекетти социалдык-саясий уюштуруунун ушундай стандарты менен форматын түзөсүңөр, же саясий ишмердиктен биротоло баш тартасыңар!!!»***

Кытайдын Лу хандыгынан чыккан акылман, өмүр бою карапайым калктын арасында жашап, элдин муң-зарын ичкериден аңдап билген Конфуций: ***«ДЭ» күчүнө таянып башкаруу башка бардык жылдыздар айланып жылышса да өзү ордодогу ордунан козголбогон полярдык жылдызга окшошууну билдирет»***, – деп абдан таасын белгилептир. «Дэ» сырдуу энергиясы мыкты уюшулган жана өзүн жакшы башкарган, Алтын казык жылдыздын туруктуулугуна жетишкен системага мүнөздүү касиет болуп саналат. «Алтын казык» – бул ЭЛ, анын кызыкчылыктарын башка бардык «жылдыздар» тегеренип жүрөт. Эгер туура курулса, «КУРУЛТАЙ» системасы элдин таламын адилет коргоону бекем жана туруктуу камсыздай алат!

Конфуцийдин жогоруда келтирилген сөзү мамлекеттик башкаруунун туруктуу болушу зарыл экендигин туюнтат. Мындай система иштеп турганда, мамлекеттик бийликтин алмашуусу көнүмүш жашоо ыргагын бузбайт, социалдык апааттар болбойт. Биздеги башкаруу формасын өзгөртүү боюнча эсеби жок эксперименттер туруктуулукка

да, уланмалуулукка да, бекемдикке да эч кандай шарт түзбөйт. Азыркы саясатчылардын ыймандык, рухий деңгээли, пейили жана ички маданияты «Алтын казыкка» да, «Ысык-Көлгө» да окшошпойт! Жашоодо башкы максаты АКЧА болгон бул пенделер КЕРТ БАШЫНЫН кызыкчылыгы үчүн гана иштейт. Мындай шартта бийлик ыймандуу, адамдардын өз ара мамилеси чын ыкластуу болушу мүмкүн эмес. Рухийлик жөнүндөгү бардык сөздөр эки жүздүүлүктүн чүмбөтү гана болот. Коомдук мамилелердин өзөгүндө эки жүздүүлүк, калпычылык турганда, коом, мамлекет да дал ошондой болот!

Бирок бул кырдаалдан чыгар жол жок эмес! Микродеңгээлден алып караганда, Кыргызстандагы ар бир үй-бүлөнүн мукктаждыктары окшош, бирок ар бир үй-бүлөнү эки жүздүүлүк менен калпычылык бириктирип турбайт эмеспи. Үй-бүлөдө баары өз көмөчүнө күл тартпайт го? Эгер Бүтүндүн түзүмдүк элементи туруктуу, таза болсо, анда Бүтүндүн түзүмүн да туруктуу жана адилеттүү кылууга болот! Мында Бүтүн Түзүмдү андагы элементтерден кураштыруу технологиясы жана эрежелери зор мааниге ээ. Эң башкысы, МАКРОҮЙ-БҮЛӨ куруу керек!!! Тилекке каршы, азыркы жашоо принциптери үй-бүлөнүн тирегин да бошоңдотууга, кыйратууга, туугандык байланыштарды үзүп салууга өбөлгө түзүп жатат. Азырынча элибиздин пейили мунун баарына туруштук берүүдө. Демек, ар бир Үй-бүлө Коомдун туруктуулугу үчүн жоопкерчиликти көтөрүшү зарыл, ал эми Коом өзүнүн башкаруу органдары аркылуу Үй-бүлөнүн туруктуулугуна кам көрүшү керек! Эгер биз мындан ары да мамлекеттин туруктуулугун камсыздоо укук-милдетин саясатчылардын колунда калтыра берсек, анда бул Чаржайыт Система болот. Чаржайыттыктын негизин мамлекеттик деңгээлдеги калпычылык түзөт. Мындай мамлекеттин келечеги жок. Советтер Союзундай зор мамлекеттин дүйнөлүк картадан жок болуп кетишине дал ушул жагдай башкы себеп болгон!

Социалдык Организмдин өнүгүүсүндөгү чукул бурулуш учур келди, эми алдамчылыкка негизделген түзүлүштүн ордуна ТАЗА МАМЛЕКЕТ курулушу керек! ТАЗА МАМЛЕКЕТ – бул Кыргызстандагы бардык ҮЙ-БҮЛӨлөрдүн макросоциалдык деңгээлде биргелешүүсү. Мындай биргелешүү дүүйнөдөгү ар кандай социалдык-экономикалык жана саясий каатчылыктардан аман кала турган «Нуктун кемеси».

Бийликтин аткаруу жана сот тарамдарында башкаруу сапатын жакшыртуу үчүн аларды адилет, чыныгы жана натыйжалуу МЕЛДЕШ жолу менен түзүү керек. Орто кылымдарда жана андан илгери эң татыктуу эл башылар эр сайышта, жаа тартышта иргелген эмес беле! Бул тандоо ыкмасы өтө жөнөкөй, баарыбызга белгилүү. Мисалы, спорт клубдарында келечектүү спортчулар иргелип, машыктырылат. Алар ар кайсы деңгээлдеги мелдештерге даярданат. Саясий партиялар да мындан ары өздөрүнүн уюшуу принциптерин өзгөртүп, элиталык саясий клубдар катары иштей баштаашы керек! Айтылуу ***«Эмне? Кайда? Качан?»*** (***«Что? Где? Когда?»***) телеоюнуна катышуу үчүн элиталык интеллектуал клубдар ушундайча иш жүргүзөт эмеспи. Акыл-эс даремети жогору, ден соолугу чың, мамлекеттик башкарууга катышуу ниети жана негиздүү дымагы бар каалагандай жаран мамлекеттик башкаруу кадрларын даярдоочу, кайра даярдоочу жана кесиптик чеберчилигин жогорулатуучу «саясий аянтчалардан» тандашы керек. ***<u>Башкаруу илимин узак мезгил бою, талыкпастан өздөштүрүү зарыл!</u>***

Спортто күрөш килемине же рингге, футбол талаасына же баскетбол аянтчасына машыктыруучулар ар кимди эле чыгара беришпейт эмеспи!? Эмне үчүн анда мамлекеттик башкаруу системасына кесипкөй эмес, ээлегиси келген кызматта кандай иштээри жөнүндө түшүнүгү тайыз, тайкы немелер көп келип жатат? Биз кызматта турган жана турууга умтулган бир катар саясатчылардын интеллект деңгээлин текшерүү үчүн байкатпай сурам жүргүздүк. Көрсө, мен кыйынмын деген «азаматтардын» көпчүлүгүнүн интеллекти өтө төмөн, өздөрүнүн ушундай өксүгүн билгендери да саясий ишмердик менен алектенүү үчүн анча чоң акылдын кереги жок деп эсептешет экен?! Негизинен биздин саясатчылардын билими тайыз, ар кайсыдан аз-аздан, үстүрт түшүнүк алуу менен чектелишкен, бир дагы тармак же адистик боюнча жетиштүү даярдыктан өткөн эмес.

Анткени алар саясатчы болуу үчүн биринчи кезекте *тайманбас* болуу керек дешет, чындыгында муну *уятсыздык* менен чаташтырышат. Азыркы партияларга шайлоодо чачуу үчүн сүрөөнчүлөрдүн акчасы керек. Ыңгайлуу «революциялык кырдаал» түзүлгөндө жолдуураак саясий топко өтүп кеткидей «ийкемдүүлүк» керек. Көптөгөн оппозициячылардан да таянган жүйөөсү бул: «Реформа жүргүзүү үчүн, эң башкысы, бийликке жетүү керек!» Бирок реформа жүргүзүүнүн алгылыктуу чийимин жана планын адегенде өзүң ойлонуштуруuң керек эмеспи?

Өздөрү билбеген, билгендердин акылын укпаган наадандар толуп кетти. Реформа жүргүзүү боюнча сунуштарды айтуу үчүн бир канча партияларга кайрылып көргөнүбүздө, эч кимисинин кандайдыр бир жаңылык жасоого, өлкөнү өнүктүрүү жолун табууга такыр кызыкпагандыгын байкадык. Билбегенди билдирсе болот, бирок билгиси келбегенди, түшүнүүгө дареметі жетпегенди, кайдигерди кантебиз? Алар кайтарым байланыштын кандай таасирлери болушу мүмкүндүгүн ойлобойт, буга баш катырууну да каалабайт. Ошондуктан алар төмөнкүдөй жагдайларга тушугат:

1) бийликке жеткендер эртеси эле өздөрүнө жол ачкан «революциянын» жигердүү катышуучулары менен тил табыша албай, аларды кандайдыр бир тоскоол күчтөр катары карай баштайт.

***2)*** Оппозициячылар өздөрү бийликке келер замат өкмөттүн ишине жалаң гана оң баа берип калат.

***3)*** Бийлик үчүн жооптуу болуп калган мурдагы оппозициячылар каршылык митингдерин жактырбай, «тынч, туруктуу» жашайлы дей баштайт.

***4)*** Рулду эптеп ээлеген соң саясатчы мамлекет деген чоң машинанын куру убадалар, кооз ураандар жана чакырыктар түрүндөгү «күйүүчү май» менен жүрбөстүгүн көрөт. Анан ушундай абалды баштан кечирген мурдагы «айдоочуларды» да аяп калат.

Дал ушул себептен мамлекеттик системаны түп тамырынан өзгөртүп, саясий ишмердик стандарттарын өркүндөтүү, саясатчылардын кесипкөйлүгүн, билимин жана маданиятын жогорулатуу, инсандык сапатын жакшыртуу зарыл.

Административдик-аймактык реформанын натыйжасында 14 Жер Округунун Төрага башында турган жергиликтүү өкмөттөрү иштей баштайт. Демек, ар бир Жер округу өзүнүн жекече экономикалык реформаларды жүргүзүү боюнча планын иштеп чыгышы керек. Мындай пландарды керектөө базарын туташ талдоодон баштоо кажет. Улуттук экономикабыз калыптанган жылдар аралыгында биздин керектөөчүлүк маданиятыбыз, тандоо табитибиз өзгөрдү. Бирок керектөө базары 98% чет өлкөлүк өндүрүшчүлөрдөн импорттолуучу товарларга көз каранды болгон шартта биздин улуттук экономика эч качан туруктуу өнүгө албайт! Өнүгүүдө өз алдынчалыкка жетишүү үчүн өзүбүздөгү жеке, чакан жана орто өндүрүш ишканаларын колдоп, алардын мүмкүнчүлүгүнө таянуу зарыл. Алар дайым ыкчам иштеп, өлкө ичиндеги жана тышкарыдагы опуртал жагдайларда ийкемдүү кадам жасай билишет. Дал ушундай ишканалар жумуш орундарын да көп түзүп, калктын алектенүү жана киреше табуу боюнча макроэкономикалык маселелерин чечет.

Биздеги экономиканы реалдуу секторунун өнүкпөй жатышынын негизги себептери – аймактардын өз алдынчалыкка жетишпегендиги жана адилеттүү сот системасынын жоктугу. Эгер жакшылап көңүл бурсаңыз, дареметтүү инвесторлордун баары улуттук экономиканын чийки зат тармагына, ошондой эле экономиканын стратегиялык бөлүктөрүнө: өндүрүшкө, электр энергиясын ташууга жана бөлүштүрүүгө, байланыш жана карым-катнашка, табигый газды алып, ташуу жана бөлүштүрүүгө, авиакатнашка, темир жолго ж. б. у. с. капитал жумшоону каалай тургандыгын байкайсыз. Бирок бизде кеңири керектелүүчү товарларды жана айыл чарба продукциясын өндүрүү жөнүндө сөз болгондо, баары талкан сугунуп алгансып унчукпай калышат!

1985-жылы кошуна кытайлар кийим тиккенди да, өздөрүнүн айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнү да, кеңири керектелүүчү жогорку технологиялуу

товарларды өндүрүүнү да билчү эмес. Бирок 2000-жылы алардын товарлары АКШнын, Европанын жана Япониянын базарларын каптап кетти го! Мунун кытайлардын кандайдыр бир улуттук өзгөчөлүктөрүнө эч кандай байланышы жок, кептин баары жагымдуу инвестициялык шарттын түзүлгөндүгүндө. Кытай улуттук экономикасын башкалардын валютасы менен эмес, жалаң гана өзүнүн улуттук валютасы менен каржылайт. (Бул тууралуу кийинки Темада сөз кылабыз).

Ар бир Жер Округу ШААР – АЙЫЛ принциби боюнча өнүгүшү керек! Б.а. аймактын экономикалык мейкиндигинде өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшү эриш аркак өркүндөшү керек. ***Адегенде бизден алда канча чакан аймактарда Москва, Москва, Шанхай, Нью-Йорк сыяктуу мегаполистер, ошондой эле калкы биздикинен бир нече эсе көп эргээжел мамлекеттер гүлдөп өнүгүп жатканына көңүл буралы да, ошолордон озуунү көздөйлү!!!*** Биздин улуттук жаңы ЭЛИТАнын жаңы максаты ушул. Бүткүл өлкөнү башкарууга шашпай эле, таза, адилет жана чыгармачыл саясий атаандаштык шартында өзүңдүн акыл-эс дареметиңди конкреттүү аймакты өнүктүрүүгө жумшайсың! Экономиканын келечектүүлүгү жагынан инвесторлорду да көп тартууга болот. Бул ыңгайдагы негизги артыкчылыктар:

1) капиталдын сакталышына жана көбөйүшүнө кепилдик;

2) ашыкча оор эмес салык;

3) келечекте бажы мейкиндигинин кеңейүү мүмкүндүгү;

4) электр энергиясынын баасы акылга сыярлык болуп, кыштан чыгуунун алгылыктуу шарттарынын түзүлгөндүгү;

5) жумушчу күчүнүн адилеттүү бааланышы;

6) өндүрүш имараттарынын жана курулмаларынын арзандыгы же оңой ижараланышы;

7) жана башка көптөгөн зарыл шарттар.

Эгер Жер Округунун өкмөтүнүн жетекчиси мыкты иштей тургандыгын далилдей алса, Мезгил аттуу эң адилеттүү сот өзү эле аны улуттук саясий бийлик чокусуна алып чыгат! Аянттарда ызы-чуу салбай, мыктылыгыңды жана элге керектигиңди бүт дүйнөгө айтып кыйкыра бербей эле кой. Эгер сен чын эле татыктуу болсоң, Улуттук телеканал аркылуу «Эмне? Кайда? Качан?» сыяктуу ачык мелдешке чыгып, каалагандай Жер Округунун өкмөт башчысы болууга даярдыгыңды көрсөт! Азыркы заманда адамдын каалагандай сапаттарын, жөндөмдөрүн, кесипкөйлүк деңгээлин тест аркылуу оңой эле текшерүүгө болорун жакшы билесиз. Мындан ары ***элиталык саясий клубдар ушундай конкурстарга өз талапкерлерин даярдоого тийиш***. Бул клубдардын алкагында талапкерлерди даярдоого эч кандай чек коюлбашы зарыл. Адегенде мыкты талапкерлер клуб ичиндеги мелдештерде иргелет. Анан саясий клубдар арасында жалпы республикалык конкурс уюштурулат!

Интеллектуалдык конкурстан кийин милдеттүү түрдө жер-жерлерде ШАЙЛОО өткөрүү керек. Бирок Жер Округдарынын башчылыгына конкурстун жеңүүчүлөрүнөн үчөө гана талапкер боло алат. Үчөөнүн кимисин шайлоочулар эң татыктуу десе, ошону тандап алат! Дал ушундайча өткөрүлгөн шайлоодо өлкөнүн өнүгүшү үчүн эң орчундуу процесс жүрөт – «ДЭ» Ыйык Даремети иштелип чыгат! Мамлекеттин саясий иерархиясында (баш ийүүчүлүк баскычтарында) бул кызмат ***вице-премьер-министрдин*** даражасына теңдеш болот. Жер Округдарынын баарынын өкмөт башчылары биригип ***Республиканын Мамлекеттик*** Кеңешин түзөт, аны Республикалык Өкмөттүн Башчысы жетектейт.

Республикалык Өкмөттүн Башчысы жалпы республикалык шайлоодо 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Бул жогорку кызматка беш жыл бою социалдык-экономикалык өнүгүү көрсөткүчтөрү боюнча алдыңкы сапта болуп келген үч Жер Округунун башчылыгына талапкер боло алат (эгер алар өз аймактарында баштаган чоң иштерин таштап, борборго келүүнү кааласа). Мындай конкурстар адилеттүү жүргүзүлөт, анткени

утулган эки талапкер да байгеге ээ болот: «жакшы кадрлар көчө таптап жүрбөйт» эмеспи. Алар Жер Округдарынын өкмөт башчыларынын биринчи жана экинчи орун басарлары болуп дайындалышат. Бул конкурстардын ырааттуулугу мында: УЛУТ САПАТТУУ БИЛИМДИ ЖАНА ЧЫНЫГЫ КЕСИПКӨЙЛҮКТҮ БААЛАП-БАРКТАП КАЛАТ!!!

Эгер 19-кылымдын башында кимдир бирөө келечекте монархиялар жоголот, алардын ордуна демократиялык жана коммунисттик түзүмдөр орнойт десе, андай «пайгамбарды» жинди болуп калыптыр деп күлүшмөк. Бүгүн да биз сунуштаган мамлекеттик түзүмдү кабылдоо кыйынга турушу мүмкүн. Ошентсе да Кыргызстан жаңыча башкаруу жана социалдык жайгаруу системасы орногон биринчи мамлекет болот!

Азыркы саясатчылар эмне үчүн күрөшүүдө? Мамлекеттин бардык ресурстарын, ошондой эле тышкы карыздарды алып бөлүштүрүү жана көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү үчүн! Аймактарды жакшы өнүктүрүү жана улуттук экономиканы көтөрүү үчүн эмес. Азыркы шартта, эл аралык келишимдерди да эске алсак, биздин саясатчылардын колунан эч нерсе келбейт. Алардын айынан туюкка кептелген абалда турабыз…

Жер Округдарынын өкмөттөрү болжол менен бирдей түзүмгө ээ болот. Бул өкмөттөгү ар бир кызматка тийиштүү конкурстан өткөн талапкер гана көрсөтүлүшү мүмкүн. Өкмөт башчысы департаменттердин жетекчилигине өзүнүн досторун, партиялаштарын, туугандарын же капчыгы калыңдарды эмес, конкурстук тандоодон өткөн үч талапкердин бирин дайындай алат. Калган экөө орунбасар болушат. Департаменттин жетекчисинин даражасы азыркы өкмөттөрдөгү министрдин биринчи орунбасары менен теңдешет, ошондо жаңы саясий ишмерлердин дымагына туура келет. Мамлекеттик башкаруу системасында көптөгөн татыктуу талапкерлерге жеткидей иш көп болот! Мындай адамдар азыр көппү же азбы – бул башка маселе. Республикалык Өкмөттөгү министрлик кызматтарга да тандап алуу дал ушундайча жүргүзүлөт.

Бул Чакырыктын алкагында бийликтин бардык деңгээлдердеги аткаруу органдарын түзүү ыраатын толугу менен сыпаттап бериш мүмкүн эмес, бирок түзүмдүн маңызын кыскача айтып өтсөк болот. Белгилүү болгондой, мыйзам чыгаруу демилгелеринин 90 %ы аткаруу бийлиги тарабынан көтөрүлөт. Биздин концепцияга ылайык, мыйзам чыгаруу бийлиги такыр башка жол менен, башкача принциптердин негизинде түзүлөт, ошондуктан өкмөттөр тигил же бул мыйзамды кабыл алуу пайдалуу жана зарыл болорун жүйө менен далилдей билиши керек…

Акырында, КУРУЛТАЙдын үчүнчү иш-милдети – бул КӨЗӨМӨЛ ЖҮРГҮЗҮҮ. Эл ЖАМААТТАРдын адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аркылуу жыл сайын бийликке баа берип, каалагандай кызмат адамына ишеним көрсөтөт же кызмат ордунан кетирет! Мындай укукту сиз күн сайын көрүп-билип жүргөн КОШУНАЛАРЫҢЫЗ аркылуу жүзөгө ашыра аласыз!!! Кызматкерлерди «калтыруу же кетирүү» үчүн алар Жер Округдарында жыл сайын өткөрүлүүчү жыйындарына толук курам менен чогулушат. Республикалык жыйынга жыл сайын чүчү кулак кармоо жолу менен ар бир Жер Округунан 20 өкүл жиберилет. Ар 5 жылда улуттук КУРУЛТАЙ өткөрүлүп, анда сиздин татыктуу КОШУНАҢЫЗ – ИШЕНИМДҮҮ АДАМЫҢЫЗ да катышат…

***Биздин системалык өзгөртүүлөрдө жетишер эң негизги мүдөөбүз – демократиялуу деп аталган митинг, пикет, жол тосмой, революция сыяктуу бүлдүргүч көрүнүштөрдөн арылабыз***!!! Азыркы «демократиянын» алдамчы, митаам формалары элге такыр кереги жок саясий партиялар менен шылуун «ишмерлерди» таңуулап жатат. Мындай саясий ишмердик бүт бойдон «БӨЛҮП-ЖАР ДА, БИЙЛЕЙ БЕР» деген шайтан эрежеге негизделген!!! Адамгерчиликсиз, АДАМдан өйдө коюлган, анын рухун басынтып жок кылуучу кыйды баалуулуктар дал ушул себептен пайда болгон. Азыркы өкүлчүлүктүү бийликти уюштуруу системасы баарыбыз тилеген БИРИМДИККЕ жетүүгө мүмкүндүк бербейт. Мамлекеттин жалаң гана тышкы атрибуттары: желек, герб, гимн, мамлекеттик тил, аймак мейкиндиги жана күч түзүмдөрү бул үчүн жетишсиздик

кылат. Биримдикке жетүү үчүн ички мазмун: ыйман нугу, Коомдун бийликке болгон ишеними, Бийлик менен Коомдун тыгыз байланыштуулугу, мекенчилдик жана мамлекетти азыркы шартта сактап калуу максаты болууга тийиш. Мазмун менен форма бири-бирине төп келип, бири бирин чагылдырып турушу керек. Бийликке ишеним жок кезде буга жетишүү мүмкүн эмес! Дили керең, көкүрөгү сокур, рухий дөөлөттөрдү кабылдоого жөндөмсүз саясатчылар ыктымалдуу коркунучтардын келатканын сезип-туя албайт! Алар мурдагыдай эле «саясий партиялар» жана «демократиялуу шайлоо» деп аталган алдамчы оюндарды улантып, бүтүндөй өлкөнү толугу менен көз карандылыкка, накта кулчулукка кептей турган чет өлкөлүк инвестицияларды көбүрөөк тартууга жанталашууда. Муну кийинки Темада далилдөөгө аракеттенебиз…

### ***3-тема: Дүйнөлүк каржы жана экономика системасы жана Кыргызстандын геосаясий мейкиндиктеги орду***

Бул дүйнөдө адамдардын өз ара мамилесинен маанилүү эч нерсе жок! ***Заттык Дүйнө – бул биздин өз ара мамилелерибизди түзө турган мейкиндик***. «Коомдук керектөө» аркылуу биз түркүн түрдүү карым-катыштар системасында бири-бирибиз менен мамиле жасайбыз. Ошентип, эмгекти акчага, акчаны товар менен тейлөөгө, тейлөө менен товарды акчага, товарды товарга, тейлөөнү өз ара кызмат көрсөтүүгө ж. б. у. с. алмашуунун түгөнгүс процесси келип чыгат. Бул экономикалык мамилелерди бириктирип турган каражат – бул АКЧА! Б.а. акча – бул баарыбыз ишенген ***жалпы ИДЕЯ.*** Биз кагазга тартылган же виртуалдуу эсептерибизде электрондук түрдө чагылдырылган кайсы бир ***СИМВОЛДОРДУ*** колдонууга эмне үчүн унчукпай макул болгонубузду толук аңдап билбейбиз. Көрсө, ЖАШООбуз биздин өз ара мамилелерибизди АКЧА аркылуу багыттап, жөнгө салып турган БИРӨӨЛӨРГӨ көз каранды экен! Бирок өлкөдө кабыл алынган акча системасы дуруспу, адилетпи? Анын артында ким турат да, ал кандай максаттарды көздөйт? Мындай система биздин байгер жашап, өнүгүүбүзгө өбөлгө түзөбү?

Азыркы дүйнөлүк каржылоо системасы **шыкакчыл** мүнөзгө ээ, анын кесепеттери өтө зор. Бул система каныбызды соруп жатса да, ой жүгүртүүбүз сенек болгондуктан, андан баш тарта албай келебиз. Бирок ***Бүткүлдүйнөлүк Акча Жүгүртүү*** мыйзамына таянып, геосаясий кызыкчылыктарды коргогон, ааламдашуу (глобалдашуу) процессин күчөтүп жаткан Эл аралык Валюта Кору, Бүткүлдүйнөлүк Банк, Бүткүлдүйнөлүк Соода Уюму жана Дүйнөлүк Өнүктүрүү Банкы (ДӨБ – МБР) сыяктуу түзүмдөрдү ***талкалоого эчак эле убакыт жетти***!

Азыркы адамзат кайсы жылдары туруктуу, шайкеш өнүккөн? Албетте, Экинчи Дүйнөлүк согуштан кийин, өткөн кылымдын 80-жылдарына чейин. Бирок 70-80-жылдары келип чыккан себептердин айынан каатчылык башталды. Ар кандай эле системанын өнүгүшү үчүн эң зарыл жана урунттуу шарт – бул ***ЧЕН-ӨЛЧӨМ*** сактоо ***принциби***! Бул жобо акчаны колдонууга да тиешелүү! Ушундай чен-өлчөм 1944-жылы августта Бреттон-Вуд келишимдеринин натыйжасында дүйнөлүк каржы-экономикалык системага киргизилген эле. Дүйнөдөгү 45 алдыңкы мамлекеттин ортосунда түзүлгөн бул Келишимди биринчи жана, тилекке каршы, акыркы ***Бүткүлдүйнөлүк Акча Конституциясы*** катары кароого болот. Ошол Келишимге ылайык, дүйнөдөгү 45 өлкө валюта аралык алмашуунун АКШ долларына болгон катышын аныктап, доллардын өзүн алтындын үчтүк унциясына (31,1 грамм) 35 USD өлчөмүндө туруктуу байлап коюшкан. АКШ Өкмөтү ушул ***ЧЕН-ӨЛЧӨМДҮ*** сактоого милдеттенген.

АКШ доллары ошентип эл аралык товар алмашуунун *камертону* болуп, артыкчылыктуу абалды ээлеп калган. Бул абалды сактоо үчүн Эл аралык Валюта Кору (ЭВК - ***МВФ***) түзүлгөн. Вьетнам менен Америка согушуп жаткан мезгилде, АКШнын Президенти Линдон Джонсон согуштагы ийгиликтерди саясий башкы максатка айлантып, «камчы жана токоч» (күч менен мажбурлоо жана материалдык пайдага кызыктыруу)

ыкмасын колдоно баштаган. Бул кадам Американын улуттук валютасын сыртка агызууга алып келди. Мунун натыйжасында белгилүү убактан соң Американын валютасынын кыйла зор бөлүгү Бреттон-Вуд келишимине катышкан өлкөлөрдүн борбордук банктарына топтоло баштады.

Ошентип, Американын валютасын алтынга алмашууга азгырылгандар көбөйдү. Американын Өкмөтү мындай чоң сурамды канааттандырууга даяр болбогондуктан, 1971-жылы июлда АКШнын Президенти Ричард Никсон Бреттон-Вуд келишимин бир тараптуу түрдө жокко чыгарып, бул зыяндуу азгырыкты токтотту. Бирок ошол кезге чейин дүйнөлүк соода эл аралык товар айлантуу бүтүмдөрүндө Американын валютасын колдонууга ушунчалык көнүп алгандыктан, АКШ доллары андан ары да эл аралык экономикалык мамилелердин ***«камертону»*** бойдон кала берди. Албетте, АКШнын өзү дүйнөлүк каржы маселелеринде абдан күчтүү таасирге ээ болду.

Ошол абал азыркыга чейин сакталып келет! «Түнкүсүн асманда жылдыздар жаркырата күйгүзүлсө, бул кимдир бирөө үчүн керек экен да?!» Дал ушундай эле Бреттон-Вуд келишимин бузуу кимдир бирөө үчүн зарыл болуптур! Бул кадам кайсы бир «боорукер» немени эрки бош бирөөнү бекер баңгизатка көндүрүп, бир топ убакыт өткөн соң кокусунан эле баары үчүн төлө деп катуу талап койгонундай болгон. Ошол кезден тартып Американын валютасынын наркы алтын же товардык мазмун менен эмес, ага болгон сурамга жараша аныкталып калды. СУРАМ СУНУШту жарататат эмеспи! Эгер башка мамлекеттер бир тонна рудадан 5-50 грамм алтын алуу үчүн кен иштетүүгө эбегейсиз инвестиция жумшоо керек болсо, Американын Өкмөтү жөн гана акча басып чыгаруучу станоктун кнопкасын басып коёт…

Чыгыштын мындай жакшы макалы бар: «Акчаң көп болсо, соода кылганга жакшы, жеңиң узун болсо, бийлегенге жакшы!». Бул макалды минтип толуктаса болор эле: «Эгер сенин акчаңды бүткүл дүйнө колдонсо, анда соода кылганга да, бийлегенге да, согушканга да жакшы!». Эл аралык сооданын улам кеңири кулач жайышына жараша доллар агымы да көбүрөөк керектеле берди. Бүткүл дүйнөлүк экономикадагы үстөмдүккө жетүү үчүн атайын ушундай кыйда иштерди жасашкан тура! Эгер Бреттон-Вуд келишимин шарттары сакталса, Америка акчасын каалаганча көп чыгарып, дүйнөгө таасирин ушунчалык күчөтө алат беле?! Албетте, жок! Дал ошол ***1971-жылдан*** тартып ВАЛЮТАЛАРДЫН ӨЗГӨРҮЛМӨ КУРСУ колдонула баштаган. Акчанын наркы ага болгон сурамга жараша аныктала турган болду. Сурам эч качан бүтпөйт, тескерисинче өсө берет, ошондуктан эртеби-кечпи көз карандылык чегине жете оорлошот.

Бирок дагы бир кыйла убакытка чейин башка тоскоолдук сакталып турду. Улуттук мамлекеттердин өкмөттөрү өздөрүнүн валюталарынын наркын эл аралык товар алмашуу каражаты катары АКШ долларына катышы боюнча көзөмөлдөп, жөнгө салууну улантты. Бреттон-Вуд келишими бузулгандан кийин ЭВК (МВФ) эл аралык валюта алмашуудагы «текшерүүчүлүк» иш-милдетин сактап турду. Дагы он беш жылдай акча эмиссиясынын көлөмүн АКШнын жана дүйнөдөгү башка алдыңкы улуттук экономикалардын өсүш ылдамдыгына тууралап келишти. Б.а. ошол жылдарды акча наркынын ЧЕН-ӨЛЧӨМҮ сапаттык мазмунуна карай негизинен сакталып турду.

80-жылдардын ортосунда АКШнын Р.Рейган жетектеген Өкмөтү менен Улуу Британиянын Маргарет Тэтчер башкарган Өкмөтү ***«БЕЙКЕР ПЛАНын»*** ишке киргизген соң, бул бөгөттөр жоюлду (бул план АКШнын ошол кездеги казына катчысы Бейкердин ысымы менен ушундай аталган). Ал планга ылайык, адегенде өнүгүп бараткан 16 өлкөнүн валюта курсун тескешине салуусуна тыюу салынган. Ошентип, алардын экономикасы көз каранды болду. Бүгүнкү күндө бул ЭВКнын мүчө өлкөлөргө (Дүйнөнүн дээрлик бардык мамлекеттерине) койгон жалпы талабына айланды. Дүйнөлүк Өнүктүрүү Банкынын маалыматтарына ылайык, эл аралык валюта алмашуунун бир күндүк көлөмү ***1986-жылы*** АКШнын ***60*** млрд долларын түздү. Борбордук банктардын жыйынды резервдери ***1,3*** трлн. доллар болуп, мунун ***340,0*** миллиарды алтын түрүндө камдалган. Бул көлөм дээрлик

толугу менен бардык дүйнөлүк фонду базарларындагы товар жүгүртүүнү жана баалуу кагаздардын айлануусун чагылдырган. Бүгүнкү күндө суткалык валюта соодасы АКШнын ***8,0*** трлн. долларына туура келет, мунун ичинен ***1,5-2,0 %*** гана реалдуу экономикага, калганы бүт бойдон валюта чайкоочулугуна тиешелүү! Б.а. валюта соодасынын күнүмдүк көлөмү бүткүл дүйнөдөгү товар жана тейлөө кызматын керектөөдөн ***жүздөгөн эсе*** көптүк кылат…

1986-жылы борбордук банктардын резервдери базардын улуттук валютага жасаган каалагандай чабуулуна туруштук бере алчу, азыр резервдердин жыйынды көлөмү бир нече саатка да түтпөйт. Бул манипуляциялардын (амалкөй таасир этүүлөрдүн) баары бир гана максатты – дүйнөлүк банк системасынын «желесине» өз ара чырмалышкан жөнгө салынуучу ***БИРДИКТҮҮ ААЛАМДЫК ВАЛЮТА БАЗАРЫН*** түзүү мүдөөсүн көздөйт. Валюта аралык алмашуудагы «эрке баланын» ордун, албетте, АКШ доллары ээледи. Өткөн кылымдын 80-жылдарына чейин банк ишмердигинин өзү туруктуу консерватизм менен айырмаланып келген, б.а. ар кандай жаңылануу ага оңой менен киргизилчү эмес. Акчанын 5000 жылдык тарыхын изилдеген америкалык журналист жана каржы талдоочу Дэвис Глин минтип жазат: ***«…эки эң башкы өзгөрүү болгон, бири – орто кылымдардын аягында, теңгелердин ордуна кагаз акчалар басып чыгарыла баштаганда; экинчиси – биздин доордо, акчаны электрондук жол менен жиберүү ыкмасы ойлоп табылганда…».*** Бул валюта соодасынын көлөмүн кескин түрдө өсүшүнө түрткү болду. Ошентип, банк операцияларын компьютерлештирүү жана электрондук акча системасын киргизүү банк ишмердиги жаатындагы түп тамырынан өзгөрүүнүн башкы себеби болуп калды. Банк технологияларынын өзгөрүүсүн эске алуу менен, күнү-түнү тынбай иштеген ***бирдиктүү дүйнөлүк валюта базары*** түзүлдү! Бул базардагы чайкоочулуктун ургаалдуу өнүгүшүн мурдагы бшка бир дагы базардагыга салыштыруу мүмкүн эмес! Батыштагы эксперт-талдоочулар валюти соодасынын системасын «ААЛАМДЫК КАЗИНО» деп эң туура атаган!

Акча системасынын үрөй учурган тездикте өзгөрүүсү карапайым кишилерди эмес, кесипкөй банкирлерди да чоочутат. Банкир Шолом Розен мындай дейт: ***«Бул укмуштуудай жаңылык, революциялык көрүнүш, бирок биз муну көргөндө Тозоктун отуна түш келгендей коркушубуз керек***». Кагаз акча басылып чыгарыла баштаган кезде, ага чейин теңге согуп чыгарууну көзөмөлдөп келген саясий системалардын үстөмдүк ролу банкирлерге ооп кеткен. Азыр даана сезилип калган өзгөрүүлөрдөн улам жакынкы келечекте банк системасы көнүмүш «демократияга» негизделген «саясий башкауу системасын» жоюп, анын ордуна ***бүткүл дүйнөлүк банк башкаруусун жана ТУК (трансулуттук корпорациялардын) ҮСТӨМДҮГҮН*** орнотот! Чындыгында муну бүгүн эле ишке ашты десек болор, азырынча чүмбөттөлгөн түрдө?! Азыркы Дүйнөдө каржы төбөлдөрүнүн ортосунда акчанын жаңы түрлөрүн көзөмөлдөө үчүн айыгышкан күрөш жүрүүдө. ТУК (ТНК) Дүйнөдөгү каалагандай саясий системага өз эркин таңуулап, каяша кылгандарын белин мертинтип, чөгөлөтүп коёт!

Эгер бүгүн кайсы бир өкмөт каржы базарынын өкүмүнө баш ийбесе, ошол өлкөдөн капитал агылып кете баштайт да, бары-жогу белгисиз оппозиция «тирилип», бийлик заматта жоошуганга аргасыз болот. Каржы базарынын таламдары мындан ары элдердин жана мамлекеттердин кызыкчылыгынан жогору коюлат. Ушундай катуу кысымга соңку жаңы тарыхта Франциянын президенти Франсуа Миттеран 80-жылдарда; Англиянын премьер-министри Джон Мейджер 90-жылы кабылган. Өз эрки менен иш жүргүзмөкчү болгон Скандинавияга 1992-жылы, Мексика 1994-жылы; Тайланд, Малайзия, Индонезия жана Түштүк Корея 1997-жылы, ошондой эле Россия 1998-жылы ушундай болгон. Кечээ жакында мунай өндүрүүчү Магриб региону АКШнын долларына жарыш өздөрүнүн «АЛТЫН ДИНАРЫН» түзүүгө умтулган эле. Бул демилгени көтөргөн Ливия Жамахериясынын башчысы полковник Муаммар Каддафи региондогу мындай опуртал кыялга берилип, өзүнүн максатынан такыр баш тартпай койду. Бул көктүгү үчүн аны

мыкаачылык менен өлтүрүп, көчүгүнө канжар сайып, кордолгон денесин жашылча дүкөнүнүн муздаткыч витринасына көргөзмөгө коюшту, башкаларга сабак болсун деп! Бул алааматты эң адамгерчиликтүү жана прогрессивдүү жүйө (шылтоо!) менен актоого аракеттеништи: көрсө, бул региондо «демократия» жок экен, аны шашылыш түрдө орнотуу керек болуп калыптыр! Кечээ эле баарына толугу менен жагып келген киши бүгүн жек көрүнүп…

Лиетар Бернар 90-жылдардын аягында минтип жазган: ***«Ачуу чындык ушундай – дүйнөлүк каржы системаларын сактап калуу үчүн улуттук экономикалар бүлдүрүлүп, өкмөттөрдүн эрки мокотулууда»***. «Business Week» таанымал журналы жазгандай: ***«Бул жаңы валюта базарында миллиарддаган акча бир секунд ичинде экономикага агып кириши же чыгарылып кетиши мүмкүн. Акча ушунчалык зор күчкө айлангандыктан, кээ бир серепчилер азыр «ысык акча» (бир өлкөдөн башка өлкөгө тез өткөрүлүүчү капитал) улуттук мамлекеттердин эгемендигин кыйратуучу өзүнчө эле «ДҮЙНӨЛҮК КӨМҮСКӨ ӨКМӨТ» болуп баратат»***.

Ошентип, жүргүзүлүп жаткан иш-аракеттердин натыйжасында эч кандай камсыздалбаган эбегейсиз зор акча массалары пайда болууда. Бүгүн ЭВКге (МВФке) мүчө болгон бардык улуттук өкмөттөр өздөрүнүн экономикасына инвестицияны жалаң гана АКШ доллары менен жасоого милдеттүү. Бул эреже өз экономикасын өзүнүн улуттук валютасы менен инвестициялаган Кытайга гана тиешеси жок. Анткени кытайлар башынан ушундай багыт тандаган болчу, антпесе бул өлкөнүн экономикасы очорулуп отуруп калмак.

***Көз карандысыз жана көз каранды акча системалары кандайча айырмаланат?*** Дүйнөдөгү валюта базарын каптап кеткен «көңдөй акчалар» кайдан чыгат? Көз карандысыз улуттук валюта банк ссудасы катары, башкача айтканда, кардарга банк белгилүү мөөнөткө бере турган акча суммасы катары колдонула баштайт! Кимдир бирөө бир нерсеге сарптоо үчүн кандайдыр бир өлчөмдө карыз алууну чечсе, банк суралган акчаны «***жоктон бар кылып***», карызкордун эсебине которот. ***Дал ушул учурда акча жаралат!*** Акча жаратуунун ушул жөнөкөй процесси латынча «***fiat акча***» деп аталат. Библиядагы: «Жарык болсун!» деген белгилүү сөз айкашы латынча: «Fiat Lux!» болот. Бул чындыгында эле кудайдын амирине тете көрүнүш: кандайдыр бир нерсе жок жерден, бир гана Сөздүн кудурети менен жаралып жатпайбы?!

Эгер Коомдук Керектөө болбосо, эч кандай Коомдук Өндүрүш да болмок эместигин, анткени сурам сунушту туударарын билебиз. Мында улуттук экономиканын моненталашуу деңгээли жетиштүү жогору болсо, экономика тийиштүү ылдамдыкта өнүгө алат. Бирок мындай мүмкүнчүлүк айрым тандамал өлкөлөрдө гана бар. Калгандары булардын экономикасын чийки зат жана башка өндүрүштүк зарыл факторлор менен камсыздап, алардан келген товарды керектөө жана алардын валютасын тездетилген ылдамдыкта айландыруу менен чектелишет! Россияга кетип жаткан кээ бир баёо «жолдоштор» бул өлкө гүлдөп өнүгөт деп жаңылууда. Өнүгүү үчүн негиз болушу керек эмеспи. Россиянын өнүгүшүнө эч кандай өбөлгө жок. Дүйнөдөгү өз ордун кайрадан аңдап билмейинче, саясий, экономикалык өнүгүү нугу өзгөрмөйүнчө, монетардык эгемендик калыбына келтирилмейинче, биздин «улуу агабыздын» абалы эч кандай өзгөрбөйт.

Россиянын БСУга кириши азыркы абалын ого бетер оорлотот! «Россиянын келечеги тууралуу эки очерк» аттуу китебинде А.О. Недосекин бул өлкөнүн бүгүнкү абалын абдан таасын сүрөттөгөн: ***«Россия – Батыштын колониясы (көз каранды мамлекети. – ред. ). Колониялык макам анын мунайзатты жана газды кесме кагазга – доллар менен еврого – тынымсыз алмаштырып жаткандыгы менен шартталган. Бул кагаздар каржы шылуундарынын бетпактыгы жана Американын аскер кубатынан башка эч нерсе менен камсыздалган эмес. Россияда бастырылып жаткан акчанын баары – бул чиймеси, түсү гана өзгөртүлгөн доллар менен евро, анткени Россияга экспорттон канча пайда алса, ошончо гана акча чыгарууга уруксат берилген, дүйнөлүк каржы***

***коомдоштугунун талабы ушундай**…Эгер өлкө колония болсо, ал өзүнүн инвестициялык муктаждыктарын тышкарыдан каржылайт да, «насыя баңгисине» байланып калат. Эгер бул өлкө Кытайга окшоп өз алдынчалыгын сактаса, инвестициялык муктаждыктарын өзүнүн акча эмиссиясынын эсебинен каржылайт. Россия менен Кытайдагы монеталаштыруу деңгээлдери ушул жагынан айырмаланат: каржы жагынан көз карандысыздык канчалык бекем болсо, монеталаштыруу деңгээли да ошончолук жогору болот».*

Мамлекеттеги монеталаштыруу саясаты жана экономикасынын өнүгүшү үчүн жетиштүү монеталаштыруу деңгээли жөнүндө сөз кылганга чейин бул суроого жооп издейли: «Болуп жаткан процесстердин мааниси эмнеде же, иш жүзүндө, эч кандай мааниси жок, эч кандай жөнгө салынбаган чаржайыттык өкүм сүрүүдөбү?». Ааламдык саясатты жүргүзүү үчүн ресурстарын колдонуу менен ири масштабдуу долбоорлорду жүзөгө ашыргыдай күч-кубаттуу мамлекеттер болушу керек. Дегеле ааламдашуу идеялары кимдердин «акылман баштарында» жаралууда же бул Болмуштун адамга ачыла элек пландарынан келип түшүүдөбү? Бизге белгилүү болгон тарых барактарында Дүйнөлүк империя түзүү максатына умтулуу дайым боло келген: Рим Империясы, Византия, Македондук Александр, Чыңгызхан, Темирлан, Наполеон, атүгүл Гитлер да бүткүл дүйнөнү каратып алууга катуу аракеттенишкен. Адамзат ушундай бура бастырбай жабышкан идеялардан кутулдубу? ***ЖОК, КУТУЛА ЭЛЕК***!!! Кеп биздин демилгелерде эмес, Азезилдин азгырыгына туруштук берер алыбыз жоктугунда, рухубуз чабал экендигинде!

Биздин Чакырыктын биринчи темасында ар кандай психоэнергомагниттик тартылуу борборлору тууралуу бекеринен сөз кылган жокпуз. Дал ушул «***жаркын же караңгы күчтөр***» биздин иш-аракеттерибизди, умтулуубузду багыттап турат. ***Азыркы дүйнө*** **–** бул ***бүт Жер шарына таасирин жайылткан Шайтан сектасы***, ага көпчүлүк өлкөлөр мүчө. Адамдар көкөлөтүп, Кудайдан (дилибиздеги «Жетинчи Атадан» же «Христтен») өйдө коюп алган ошол жалгыз «ДҮЙНӨЛҮК ӨКҮМДАРДЫН» амирине кыңк этпей баш иебиз! Кудайды кимибиз туура түшүнөбүз деп биз талашып, согушуп жатканча, Кудайдын ордуна АНТИХРИСТтин тактысын тургузуп салышты. Сөзмө-сөз которгондо «Антихрист» «***Кудайдын ордуна***» дегенди билдирет. Буга чейин ар ким улуттук акча түрүндөгү өз «кудайына» сыйынып келген жана иш жүзүндө көп кудайлуу дин үстөмдүк кылган! Бирок ок атуучу куралдын күчү менен империяны куруу мүмкүн эмес! Адамзат унчукпай баш ийип ишене турган, өзүнө карата колдонулушун тилей турган башкача курал керек. Бул курал – ДҮЙНӨЛҮК АКЧА!!!

Бүгүн адамзатка каршы АКЧА согушуп жатат. Бул душман бардык жерлерди ээлеп, атүгүл чөнтөктөрүбүзгө чейин кирип алган. Ал дартка даба катары колдонулуучу «Ысык-Көл тамырына» окшош, бирок кичине эле ашыра ичсек, ууланабыз. Муну күнгө өтө күйгөнгө же аязда көп жүрүп тоңуп калганга салыштырсак болот. Дүйнө коому долларды ченинен ашыкча колдонуп ийди! Эми эмне болобуз? Бүткүл дүйнөдө ***«Бирдиктүү Укук Мейкиндиги»*** кулач жаюуда. Анын негизги талабы: ***«Жеке менчик ЫЙЫК жана кол тийгис!»,*** менчикти каалагандай мыйзамдуу жол менен коргоо керек, а бирок мыйзамдуу каражаттар БУМдун алкагы менен чектелет. Биздин аң-сезимибиз дагы бир урунттуу мыйзамга көндүрүлүп жатат: ***«Мамлекет менчикти жакшы күтө албайт!».*** Демек, мамлекеттик мүлктү бүт бойдон милдеттүү түрдө жана дароо менчиктештирүү зарыл имиш! Жер шарындагы ар кандай эле менчиктин наркы аны чагылдырган кандайдыр бир символго дайым көз каранды экендигин түшүнүү керек. «*Ал символдор кимдин колунда болсо, дүйнөдөгү мүлктүн баары ошого таандык!*» Дүйнөдөгү акча агымын көзөмөлдөгөн айрым ТУКтар (ТНК) таасир чөйрөсүн өздөрүнүн улуттук мамлекеттеринин чегинен алыс чыга кеңейтип, башка кыйла чабал өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүшүнө бөгөт коюуда. Эмитен эле дүйнөлүк ***стратегиялык ресурстардын*** басымдуу бөлүгү ошол ***ТУКтардын менчигине айланды***. Калган стратегиялык ресурстар да жеке менчикке ыкчам өткөрүлө

баштады. Муну Европанын көптөгөн өлкөлөрдүн мисалынан, ошондой эле башка ар кайсы өлкөлөрдүн, атап айтканда, Россия менен Кыргызстандын жетекчилери айтып жаткан билдирүүлөрдөн көрүүгө болот!

Көздөлгөн максат толугу менен орундалышына аз калды: эми Европадагы мамлекеттерде социализмдин изи өчүрүлүп жатат! Азыркы дүйнөлүк акча системасы кыйрап, мунун натыйжасында Жер жүзүндөгү товар алмашуу процесси толугу менен бузулушу ыктымалбы? Бул Акыр замандын келишиндей же Тозок өртү тутангандай алааматка тете болмок. Джордж Сорос азыркы жагдай жөнүндө мындай дейт: ***«Эркин түзүлүүчү акча алмашуу курстары туруктуу эмес; анын үстүнө жалпысынан туруксуздук ушунчалык зор болгондуктан, эркин алмашуу системасы жарабай калышы көбүрөөк ыктымал»***. Бул ойду дүйнөлүк валюта базарындагы ири оюнчулардын бири өзү айтып жатат. Муну «*The New York Times*тын» редактору Джоуэл Курцман да өзүнүн ***«Акчанын өлүмү: электрондук экономика дүйнөлүк базарларды туруксуз кылып салды»*** деген китебинде ырастап жатат. Жогоруда айтылгандарды тереңирээк түшүнүү үчүн биздин атамекендик валюта базары башка бардык өлкөлөрдүкүндөй эле, Бүткүл дүйнөлүк валюта базарынын ажыратып алгыс курамдык бөлүгү экендигин эске алуу керек. Капитал банк системасынын бириккен дүйнөлүк «желесиндеги» трансакциялар аркылуу агызылат.

Дүйнөлүк валюта базарынын каалагандай өлкөнүн акча системасына чабуул жасашы ири оюнчулардын улуттук валютага кол салышын билдирет! Жакында эле Белоруссиянын рублуна каракчылык чабуул жасалганда, катуу дүрбөлөң болуп, үч күн ичинде алардын товар базары эңшерилип калбады беле? Белоруссиянын Өкмөтү тың экен, кулап кала жаздаса да, ушундай оор соккуга туруштук берди…

Империялардын азыркы түрү каалагандай экономикалык мейкиндикке каржылык зор таасир менен каптап кирип, көзөмөлгө алынган аймакты толук баш ийдирип алууну билдирет! ТУКтун акчасы колдонулган мейкиндикти Империянын иш жүзүндөгү карамагында десе болот. Ошондуктан ТУКтун капиталдары негизинен саясий мүнөзгө ээ. ТУКтун милдети – жакпай калган улуттук акча системаларын жок кылуу. Андан соң көп кечиктирбей кадыры кеткен жалган демократиялык түзүмдөргө таянган дүйнөлүк улуттук системаларды жоюуну көздөшөт. Адегенде Дүйнө мамлекеттерине Трансулуттук корпорациялардын (ТУК) ***Менчик Акчалары*** сунушталат. Бул акча реалдуу товардык мазмун менен бекемделет: мунайзатчылардын акчасы – мунай жана андан алынуучу өнүмдөр менен, медиамагнаттардыкы – эфир убактысы менен, энергетиктердики – электр кубаты менен, металлургдардыкы – металлопрокат жана профиль менен, газчылардыкы – газ жана ТУК колуна алууга үлгүргөн нерселердин баары ж. б. у. с. менен камсыздалат. Армия, полиция жана соттор саламаттык сактоо жана билим берүү мекемелериндей эле жеке менчик болот. Азыртан эле ТУК дүйнөлүк ***корпоративдик башкарууну*** орнотууга жеткидей ресурстарга ээлик кылууда. Мындай ааламдык корпорациялар Жер шарында 200гө жакын, бирок алардын ичинен он чактысы гана үстөмдүк кылат, ресурстар үчүн күрөш негизинен ошолордун ортосунда жүрүүдө.

Улуттук өкмөттөр чындыгында эч кандай роль ойнобойт, өз жарандарын жалпы аң-сезимине таасир этүү жагынан гана убактылуу милдет аткарат. Мисалы, жакында саясатчылардын бири оюндагысын жашырбай айтты го, Кыргызстан үчүн калкты табигый газ менен камсыздоо маселесин чечүүнүн эң мыкты жолу – «Кыргызгаз» мамлекеттик ишканасын Россиянын «Газпромго» сатуу деп. Эртең бүтүндөй энергетика системасын дагы бир ТУКка бере салып, андан соң темир жолду, аэропортту ж. б. у. с. баарын түгөтүшөт окшойт!!! Андай болсо, саясатчылардын кандай кереги бар бизге? Кайсы бир процесстерди көзөмөлдөмүш этип, биздин таламдарыбызды коргогондой түр көрсөтүп отурушат бийликтегилер. Эсиңизде болсун: ***«Акча уят дегенди билбейт, ага кул болгондордун социалдык жоопкерчилик сезими эч качан, такыр ойгонбойт!»***. Мындай эмес деп ким айтса да, атүгүл депутат, премьер-министр же президент сүйлөсө да, эч

качан ишенбеңиз! Акча башкаруу системасын дайым жолдон буруп, азгырат, өз элине калп айттырат, биз болсок бүт өмүрүбүздү ТУКтун кызматына коммуналдык эсептерди төлөөгө арнайбыз, алардын акчасына өздөрүнүн эле товарын сатып ала берип, кул болобуз! Биз алдамчы элестер менен жашап келебиз! Чындыгында алар айтып жүргөн базар экономикасы да, таза атаандаштык да эчак эле жоголгон. Мунун баары ***ТУКтар өз ара калчап жаткан*** дүйнөлүк байлык түзүлгөндөн кийин индустриалдык капитализм доору аякташы менен кошо жок болду!

Адамзат азыр заманбап, өркүндөтүлгөн ***кул ээлөөчүлүк түзүм*** дооруна жакындап калды. Сиз буга ачууланып, маселенин ушундай коюлушуна каршы чыгышыңыз мүмкүн, бирок анда төмөнкү бир суроого жооп берип көрүңүзчү: «Экинчи Дүйнөлүк согуш алдында адамдардан курман болгуңар келеби деп ким сурады эле? Вьетнамдыктардын үч миллиону кырыларда ким алардын макулдугун алды эле? Бүгүнкү күндө кайдагы бир сириялыктардын пикирине кызыккан жан барбы? Ыймансыз, адепсиз дөөлөттөрдү жайылтып жаткан, акча, депутаттык мандат, ээнбаш секс, аң-сезимди бузуучу оюн-зооктор, модалуу кийим-кече, машина, баңгизат жана Кудайга жакпаган башка бардык нерселерди гана ойлогон элдин эртеңи кандай болот?». Адамдар кимге жагынып окшошууга умтулса, аларды ошол кул кылат! ***АҢ-СЕЗИМИБИЗ өзгөрсө гана буга жол берилбейт***…

Кайсы мыйзам ченемдүүлүк Дүйнөнү ушундай абалга алып келди? Жооп бирөө – ПАЙЫЗга жүгүртүлүүчү АКЧА! Дүйнөдөгү белгилүү диндердин баарында сүткордукка бекеринен тыюу салынган эмес. Маселенин маңызын ачып көрсөтүү үчүн бир кыска маселди айтып берейин: «Илгери, илгери бир чоң Жамаат жашаган экен. Бир адам кырсыкка кабылса, жакындарынын баары жардам берүүгө шашчу, анткени өздөрү да ушундай абалда калганда башкалар көмөктөшөрүн билишкен. Алардын жашоо-тирлигинин башкы өзгөчөлүгү – КЫЗМАТТАШТЫК болгон. Жамааттын ар бир мүчөсү өзүнүн жакшы көргөн, шык-жөндөмүнө туура келген жумуш менен алектенчү. Эл ким маңдай тери, чыгармачылыгы менен нан таап жашаса, Кудайга ошол жагат деп билчү! Сенин колуңдан жаралган товарды кимдир бирөө керектесе, ал сага алкыш айтпай койчу эмес. Адамдар акылмандыктын бул эрежелерин дайым эсинде сактачу:

«***Эгер адам кылган ишинен ырахат алса, анда жумушу шайкеш жүрөт.***
***Эгер жумушта шайкештик (гармония) болсо, элде да шайкештик болот.***
***Эгер элде шайкештик болсо, Дүйнөдө Тынчтык болот!***»

Ар жекшембиде эл жарманкеге чыгып, өз товарларын өздөрүнө керектүү нерселерге алмашчу. Адам баласы Жерде пайда болгон кезден бери жашоо ушундай нукта жүрдү. Бир жолу жарманкеге кызыктай шляпа, жалтырак кара туфли кийген БЕЙТААНЫШ киши келди. Ал чоң дарактын түбүндө баарын байкап отурду. Жарманке аяктап калганда, бир киши себетиндеги балапандарын уй этине алмаштыра албай убаралanganын көрүп, Бейтааныш каткырып күлдү. Адамдар ага таң кала карап: «Эмнеге күлүп жатасың?» – деп сураштты.

«Силердин соодаңар өтө жупуну! Мен силерге соодалашууну үйрөтөм, ошондо товарыңарды да ыкчам өндүрө баштайсыңар, – деди Бейтааныш. – Мага бир уйдун терисин апкелгилечи!». Анан ал уй терисин майда кесиндилеп, өзүнүн ойло-чиймелүү мөөрүн бастырып чыкты. Ар үй-бүлөгө ЖҮЗ кесинди берип: «Булардын ар бири бир тооктун же 30 жумуртканын, же болбосо ундун ж. б. у. с. наркына барабар. Бирок бул алмашуу каражатын колдонгондо, ар бир үй-бүлө жыл сайын 10 кесиндини мага берип турат, менин акым ушунча»! Жамаат акылмандарынын бири: «Сен баарыбызга 100дөн таратсаң, биз кантип сага 10дон кесинди алып келебиз?» – деп сурады. Бейтааныш: «Азыр бара бергиле, араңарда эмне болорун кийин өз көзүңөр менен көрөсүңөр!» – деп, элдин көңүлүн тынчытты. Биринчи жылы чын эле өндүрүш жана соода ылдамдады. Жамааттагы өндүрүш жалпысынан өстү, бирок күтүүсүз жагдай келип чыкты: мурдагыдай эле тырышып эмгектенсе да, ар онунчу үй-бүлө жакыр болуп калды?! Бирөөнүн үйүнүн

чатырын катуу шамал кыйратты эле, эч ким ага жардам бербеди. Жамааттагы КЫЗМАТТАШТЫК түшүнүгү биротоло жоголду…»

Ушул жупуну маселде социалдык-экономикалык системанын өнүгүүсүндөгү калктын санынын өсүшү сыяктуу көптөгөн макроэкономикалык факторлор эске алынган эмес болсо да, сүткордук капиталдын табияты абдан туура чагылдырылган. Акча менен ойноо Жамаат мүчөлөрүн эрегишүүгө, аман калуу үчүн жарышууга, б.а. атаандашууга түрттү. Жамаат акылмандарынын бири туура болжолдогондой, «пайыздык сумма» түзүлбөгөн бойдон кала берди. Сүткордуктун мүнөздүү кесепеттерин төмөнкү мыйзам ченемдүүлүктөр менен туюнтууга болот:

1) ***Пайыз акча системасынын катышуучуларынын ортосунда тынымсыз атаандашууга кыйыр түрткү берет;***
2) ***Жашоо деңгээли өзгөрүүсүз кала берсе деле, пайыз экономикалык чексиз өсүшкө болгон муктаждыкты күчөтө берет;***
3) ***Пайыз жалпы көпчүлүктү бир ууч топтун пайдасы үчүн иштөөгө мажбурлап, дүйнөдөгү байлыктын баарын саналуу гана шылуундардын колуна топтоштурат.***

Ошентип, Пайыз жарандарды өз ара эрегиштирген, бири бирин басынткан кыянатчыл МЫЙЗАМды жаратат! Чындыгында банктын насыя бөлүмүнүн кооз жагоо тагынган, жылмая караган кызматкери сиз менен насыя келишимине кол койгондо, пайызды түзбөй эле, жөн гана сизди башкаларга жана бири-бирине көр казган элдин баарына каршы согушууга жиберип жатат! Банк ишмердиги дал ушул «сырдуу ырым-жырымга» негизделет! Биз баарыбыз шордуу же жалкоо экендигибиз үчүн эмес, Пайыздын Табияты кыйды болгондугу үчүн насыядан жабыр тартуудабыз: өлкөбүздөгү орточо пайыз өлчөмү – 20%, бул ар он насыячынын экөөн жакырчылыкка кептебей койбойт.

Чөгүп бараткан киши колу жеткен чөпкө же агындыга жабышат, куткаргысы келген адамды да суу түбүнө ала кетиши мүмкүн. Демейки турмушта да ушундай: карайлаган карызкор мурунку карызын төлөө үчүн жаңыдан насыя алат. Ошентип, СУРАМ пайда болот да, ал дароо эле утурлай пайда боло калган СУНУШ менен канааттандырылат! Ошондуктан акчага жутап тургандарга тир укмуштай чоң пайыздуу насыя сунуштаган күрөөканалар, чакан насыя компаниялары жайнап кетти. Пайыз коомдун пейилине жана психологиясына таң кааларлыктай зор таасир тийгизет. Бирок бул коомдук **аура**нын абалына жана энергетикалык демине канчалык таасир этерин эч ким ойлобойт…

Кыянатчыл атаандаштыксыз коом жашай албайт, бул анын табигый касиети деп баарыбыздын аң-сезимибизге сиңирүүгө аракеттенип жатышат. Бул атаандаштык Чарльз Дарвин «табигый тандалуу мыйзамы» деп атаган биологиялык түрлөрдүн аман калуу үчүн күрөшүү мыйзамынан келип чыккан имиш. Ушул теорияны ашынган улутчулдар менен фашисттер эле эмес, банкирлер да жан дили менен курал катары колдонуп калышты, анткени бул алардын сүткор капиталын актайт! Бирок бул теория түп тамырынан ката. Эгер ар кандай системалар биргелешип, кызматташпаса, Дүйнө дегеле болмок эмес. Бул чындыкты Киото университетинин биосоциология профессору Иманиши мырза да ырастайт. Ал Чарльз Дарвиндин теориясында эволюциянын жүрүшүндөгү ***бүтүндөй табиятта басымдуулук кылган*** өнүгүшүү, симбиоз (бири-бирин толуктап жашоо) жана шайкеш жанаша жашоо учурлары такыр эске алынбагандыгын белгилейт. Башкасын айтпасак да, бир гана ичеги-карындагы тамак сиңирүүдө миллиарддаган микроорганизмдер симбиоз ыгы менен кызматташпаса жана байланышып турбаса, организмибиз биз билгенчелик узак жашай алмак эмес!

Чыгаан футуролог (цивилизациянын келечеги жөнүндөгү илимдин адиси), биолог-эволюционист Элизабет Сатурис мындай дейт: «…жүрүм-турумдагы атаандашуучулук Дүйнөгө алгач ирет келген жаш, жетиле элек системаларга мүнөздүү. Тескерисинче, карт токойдогудай (джунглидегидей, тайгадагыдай) өнүккөн системаларда ошол эле жарыкка жетүү үчүн күрөш түрлөр ортосундагы тынымсыз кызматташуу менен теңдештирилген.

***Башка, бирок байланышкан түрлөр менен кызматташууга көнбөгөн түрлөр сөзсүз түрдө жок болуп кетет.*** Бирок эмне үчүн анда бизге «саясий партиялар бийлик үчүн күрөшүүгө тийиш», «ишкердик (бизнес) бири бирин басып салууга багытталган катаал атаандаштык шартында гана өнүгөт» деп улам эле кулагыбызга куя беришет? СССРди экономикасы пландуу жана камсыздоо системасы борборлоштурулгандыгы үчүн сындашчу эмес беле? Эми өздөрү Бүткүл дүйнөлүк соода уюму (БСУ – ВТО) деп аталган ааламдык «Мамплан» түзүп алышты. Бир гана айырмасы – БСУ бирөөлөр пайда көрүп, башкалар зыян тарткыдай кылып пландайт! Тилекке каршы, бул чакан китепте Дүйнөдөгү жана биздин өлкөдөгү маселелердин бардык өңүттөрүн кеңири жана кылдат талдоо мүмкүн эмес, ошондуктан эң негизгилерине гана сереп салабыз…

Ааламдашуу айдыңында Кыргызстандын ордун эчак эле аныктап салышкан! Эгемендик деп аталган мезгилибиз жаңы эле башталган кезде биздин өлкөнү «ЭРКИН СООДАга» («Free market») багытташкан. Анан бат эле Кыргызстан «четтөөгө болбос» жолго түштү да, тармактар аралык түзүмдүк баланстын болгон күчү бүт бойдон экономиканын бирден-бир багытына – ДҮҢ-ЧЕКЕНЕ СООДАга топтоштурулду!!! Өзү эч нерсе өндүрбөгөн экономикалык системада «трафиктин» (ташып өткөрүүнүн) каалагандай түрлөрүн түзүү оңой болуп, булардын ичинен «МАНИТРАФИК» (акча трафиги) баңгизат ташып өткөрүү бир менен катарда эң башкысына айланат. Бүгүнкү күндө өлкөнүн керектөө базары түзүмү боюнча 98% импорт товарлардан турат! Азыркы тышкы төлөм балансы ошол эле чет өлкөлүк товарларды сатып алуу үчүн бир гана булактан – экспорттук валюта пайдасынан алына турган эркин жүгүртүлүүчү валютанын (ЭЖВ - СКВ) агылып келишине негизделерин аңдап билүү керек. Бул деген биздин саясатчылар дайым оозунан түшүрбөй айтып жүргөн Базар Экономикасынын Мыйзамы!

Бирок биздин экспорттук дареметибиз негизинен чет жакка барып иштеп жүргөн мекендештерибиздин жумушчу күчүнөн, атамекендик болор-болбос көлөмдөгү өндүрүштөн: айыл чарба өнүмдөрүнөн, темир-тезектен (металл сыныктарынан) жана чийки заттын айрым түрлөрүнөн, ошондой эле товарды реэкспорттодон түшүүчү валютадан турат. Жалпысынан алганда, экспорттук пайдабыз ЭЖВга болгон муктаждыгыбыздын 10 %ын да каптабайт! Бирок Кыргызстан кантип бул жагынан эч кандай тартыштыкты сезбей келет? Тышкы соода процессин камсыздоо үчүн зарыл валюта агымы каяктан келүүдө? Балээнин баары ушул жерде катылып жатат! Биздин атамекендик валюта базар дүйнөлүк валюта аралык системага мындайча кошулган: биздин коммерциялык банк системасы аркылуу «киргилт» жана «кара» акчанын эбегейсиз агымы «адалданып» турат.

Дүйнөлүк «акча мухити (океаны)» бар десек, андан ЭЖВнын «баркан-шаркан» агымы чыгып турарын, ал агымды акчанын зор бөлүгү мыйзамсыз, көмүскө базарларды (баңгизат, курал-жарак сатуу, сойкулук, порноиндустрия, Дүйнөдөгү каалагандай өкмөттөрдүн коррупциялык иш-аракеттеринен түшүүчү ири каражат) толтуруп ийбегидей кылып кармап калуу такыр мүмкүн эместигин да түшүнүүбүз керек. Бул арам акча агымын мыйзамдуу нукка буруу зарыл. Дал ушул максатта «таштанды жайлар» өлкөгө аба менен суудай зарыл. Бул «жайлардын» банк системасы аркылуу ушундай акчаларды «кир жуугуч машинадагыдай» жууп алууга ыңгайлуу! Мисалы, биздин импортчулар товарды тыштан ташып келип, улуттук валютага соодалаганда, өздөрү дүңүнөн сатып алып, дагы товар сатып келүү үчүн чет жакка алып кетип жүргөн АКШ доллары же евро кайдан келерин ойлобойт. «Киргилт» капитал мыйзамсыз базарлардан ушундай жол менен чыгарылып, мыйзамдуу соодага кайтарылат! «Кара» акчаларды мындай «кайран базар» системаларында «адалдоо» үчүн бул өлкөдө моргдогу санитарлардан мамлекеттин президентине чейин баары текши коррупцияга малынган болушу керек! Мындай өлкөнүн жарандарынын менталитети да «коррупциянын» вирусуна каныгат: майдабы, чоңбу, кызматка бирөө туруп калса, аны куттуктагандар: «Ордуң майлуу-сүттүү болсун!» – дейт эмеспи.

Бирок мындай өлкөнүн жарандардын көзүн «биз кудай мээрин төккөн улуу элбиз» дегендей кооз ураандар жазылган чүпүрөк менен таңып коюу керек. Ошондо эл өзүнүн улуулугун далилдеш үчүн эзелки тарыхты издөө менен алектенет!

Ата-бабасы чындыгында эле улуу, намыстуу болгон элдин бүгүн канчалык пастап, ары жок болуп баратканын көрсөң, бир күлкүң келет, бир өлгүң келет! Мындай өлкөнүн эл башылары бийлик менен байлык үчүн бирде бөрү, бирде түлкү болуп кубулат, ачкөздүгүнө алдырып, ич ара тытышат, алар жанталаша ээлеген улуттук байлыкты дүйнөлүк ТУКтар «чиймеленген кагаздар» менен сатып ала берет…

«Кара акчаны» «адалдап», мыйзамдаштыруу үчүн жасалма баалуу кагаздарды эмиссиялай алгыдай «закым» пай корлорун (фонддорун) көз ачып жумганча түзө салуу мүмкүнчүлүгүнө, ал эми бул «кагаздарды» улуттук фондулук биржада «жалган» листингдер аркылуу өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу керек. Мындай көз боёмо бүтүмдөрдөн түшүүчү пайданы коммерциялык банктардын депозиттерине жайгаштырууга болот, алар муну өзүнүн тышкы соода балансына олуттуу кам көргөн каалагандай «дурус» өлкөгө которуп турушат. Бул операциялар үчүн биздеги паранын өлчөмү анча чоң эмес, трансакциянын 10 гана пайызына барабар! Мына ошондуктан биздин өлкөдө коммерциялык банк ачуу ушунчалык пайдалуу – азыр алардын саны 22ге жетти, дагы канчасы кезек күтүүдө. Бирок алардагы пайыздык коюмдар биздин экономиканын реалдуу секторун өнүктүрүүгө эч кандай мүмкүндүк бербегидей белгиленген! Биз жалаң гана «*Free market*ти» (эркин сооданы) ушунчалык көшөкөрлөнө колдой бердик эле, 500дөн ашуун чакан насыя берүүчү түзүмдөр пайда болду. Алар жергиликтүү калкты «чөөлөрдөн» бетер талап, үй-жайсыз калтырып, чет мамлекеттерге жумуш издеп тентип кетишине өбөлгө түзүүдө.

90-жылдардын экинчи жарымында Бүткүлдүйнөлүк Валюта Кору биздин атамекендик валюта базарыбызга чабуул жасаганда, эки күн ичинде сомдун курсу 16 пунктка төмөндөп, бир долларга 22ден алмашылып келген куну 38ге түшүп калганы эсиңиздеби? Дал ушундай катуу соккунун күчү менен биздин өкмөт менен парламентти бүтүндөй постсоветтик мейкиндиктеги эң либералдуу банк мыйзамдарцын кабыл алууга мажбурлашкан эле. Ошондон бери биздин бийликтегилер бул чөйрөгө «тумшугун тыга албай» калган. Биздеги коммерциялык банктар – бул автономиянын бардык белгилерине ээ өзүнчө эле «***мамлекет ичиндеги мамлекеттер***». Мунун жакшы да, жаман да жактары бар. Бирок буга чейинки айтылгандарды эске алсак, жаман жагы басымдуулук кылары түшүнүктүү. Мындай бир орчундуу ойду эсиңизге түйүп коюңуз: ***«Ким өлкөнүн бюджет түзүмүн аныктаса, акча-насыя системасын көзөмөлдөсө, салык жана бажы системасын жөнгө салып турса, эң башкысы, анын улуттук экономикасынын моненталашуу деңгээлин таңууласа, ӨЛКӨНҮН чыныгы КОЖОЮНУ ошол болот!!!»*** Биз болсо мында саналган функциялардын баарын Бүткүл дүйнөлүк Валюта Коруна (БВК – МВФ) өз ыктыярыбыз менен өткөрүп бергенбиз…

Эми, буга чейинки айтылгандарды жыйынтыктап, акырында биздеги монетардык саясат жана улуттук экономикабыздын монеталашуу деңгээли жөнүндө сөз кылалы. Дүйнөдөгү өнүккөн өлкөлөр теориялык экономика жаатында Нобель сыйлыгын алган Милтон Фридмандын формуласына таянышат:

***M x V = P x Q*** , мында:

M – монеталашуу муктаждыгы;

V – акча агрегаттарынын айлануу ылдамдыгы;

P – жүгүртүүгө товар жана тейлөө кызматтарынын чыгарылышы;

Q – учурдагы товар баалары.

Акча агрегаттарынын айлануу ылдамдыгы товар камдарынын айлануу ылдамдыгына барабар же ошого абдан жакын болушу керек. Эмне үчүн көз каранды өлкөлөрдүн баарында инвестициялык ресурстар тартыш, эмне үчүн алардын монеталашуу деңгээли утурумдук операциялык чыгымдарды каржылоого араң жетет? А.О. Недосекин жогоруда

аталган «Россиянын келечеги тууралуу эки очерк» деген китебинде мындай деп жазат: ***«Монеталашуунун төмөндүгү – бул метрополиялар (үстөмдүк кылуучу өлкөлөр. – ред.) өздөрүнүн колонияларына салган сыйыртмак. Муну колдонуу менен кыңк эткирбей башкарып алат. Эгер метрополия көз каранды өлкөнүн өз акчасын чыгарышына уруксат берсе, мамлекеттик стратегиялык программаларды жүзөгө ашырышына уруксат берсе, анда колониясынан айрылат»***.

Сиз: «Россиянын өзүнүн монета сарайы бар эмеспи, ал өз акчасын өз алдынча бастырып чыгарып жатпайбы?» – деген жүйөлүү суроо беришиңиз мүмкүн. Буга жоопту ушул эле автордун мурдараак келтирилген сөздөрүнөн табабыз. Ал Россия өзүнүн улуттук валютасын колунда бар экспорттук пайдасынын көлөмүндө гана чыгарууга укуктуу, андан бир тыйын да ашыкча чыгара албайт деген эле. Дүйнөлүк каржы коомдошутугунун талабы ушундай тура! БВКтин (МВФтин) катаал талабы. Автор андан ары Россияны Кытай менен салыштырат: ***«М2 акча агрегатынын Россиядагы жылдык ИДПга (ички дүң продуктуга) катышы 45 %ды түзөт. 2010-жылы Россиянын ИДПсы 44,0 трлн. рублду түзгөн, ал эми М2 = 20,0 трлн. рубль. Кытайда бул көрсөткүч инфляциянын тийиштүү темпине жараша 200 %га чаап барган. «Чоң сегиздиктеги» бир дагы өнүккөн өлкөнүн экономикасы Россиянынкындай начар монеталашкан эмес. Иш жүзүндө Россияда өлкөнүн өз акчасы менен өтүмдүү активдерди (товар камдарын, берилген авансдарды, дебитордук карыздарды ж. б. у. с.) жүгүртүү ишмердиги гана монеталашкан. Өз акчасы менен операциялар гана каржыланган. Инвестицияга келсек, буга өзүнүн каражаттары жок болуп чыгат да, чет жактан капитал тартууга туура келет»***.

Мында дагы чаташуу келип чыкпашы үчүн түшүндүрмө берүү зарыл. Экспорттук валюта пайдасынан алынып, өлкөнүн алтын камын – валюта резервин толуктап турууга жумшалуучу ресурстар Борбордук банктын жертөлөсүндөгү кайсы бир «үкөккө» топтоло берет. Улуттук мамлекеттердин борбордук банктарынын бардык алтындарынын – валюта резервдеринин топтоло турган жери – Швейцариянын Базель шаарындагы ***Эл аралык Эсептешүүлөр Банкы (ЭЭБ же BIS)***. Бул бардык улуттук мамлекеттердин борбордук банктары үчүн «Борборбанк» болуп саналат да, мамлекет ичинде коммерциялык банктар системасын өлкөнүн Борбордук банкы кандай тескесе, ЭЭБ да Борбордук банктарды ошондой көзөмөлдөйт. Борбордук банктар анын кардары болот, ал өзү «Соңку инстанциядагы насыячы» жана «кардарлар» дефолтко кабылган учурда «Тобокелдикти жөнгө салуучу» болуп саналат. Бул банк 1930-жылы Биринчи дүйнөлүк согуш мезгилиндеги Германиянын келтирген зыяндарын төлөөсүн тейлөө максатында түзүлгөн. Кийинчерээк ал борбордук банктардын менчигинде турган ***Жабык клубга*** айланган, аны бирок ***«10+1»*** принциби менен башкарышат. Бул ушул жабык мекемени түзгөн 10 борбордук банк плюс «уюштуруучу өлкө»» катары Швейцария катышат дегенди билдирет. Кызыгы, «активдүү бейтарап (нейтралдуу)» эсептелгендигине байланыштуу, Швейцария БВКге (МВФке) мүчө эмес, ***дүйнөдө жалгыз гана ушул өлкөнүн валютасы алтын стадартка негизделген***!

Мамлекеттердин борбордук банктар жүгүртүүдөгү акчанын санына таасир этүүнүн ар түрдүү ыкмалары аркылуу өлкөдөгү инфляция деңгээли үчүн толук жоопкерчиликти көтөрөт. 1936-жылга чейин дээрлик бардык борбордук банктар ар бир өлкөдөгү жеке менчик банктарга таандык болуп келген. ХХ кылымдын аягында 9 гана борбордук банк жеке менчикте калган, булардын катарында Швейцариянын, Италиянын, Түштүк Африканын банктары бар. Япония жана Бельгияда борбордук банктар мамлекет менен биргелешкен жеке менчикте турат. АКШнын ФРС (Федералдык резерв системасы) да «***жеке менчик дүкөн***» болуп саналат. Өзүңүз баамдагандай, дүйнөдөгү акча агымын «***көзөмөлдөгөн он***» өлкөгө дал ушулар кирет! Дал ошол ЭЭБде дүйнөдөгү бардык трансакцияларды бирин да калтырбай «on line» режимде көзөмөлдөгөн «борбордук монитор» иштейт.

А.О. Недосекин Россиянын мамлекеттик долбоорлорун инвестициялоо үчүн тышкарыдан капитал тартууга муктаж деп жазганын эстейличи. Бул Россиянын өз резервдеринин көпчүлүк бөлүгүн өнүккөн өлкөлөрдүн баалуу кагаздары түрүндө сактап, аларга жыл сайын 2% төлөп турарын билдирет. Ага өз муктаждыктарын канааттандыруу үчүн инвестициялык ресурстар керек болуп калса, ал ЭЭБ аркылуу БВКтен жылына 8 (!) %дык насыя алат да, бир эле жылда 30 млрд. чейин чыгашага учурайт. Дүйнөлүк каржы коомдоштугунун талабы ушундай! Эгер экспорттон эбегейсиз чоң валюталык пайда алып жаткан Россия ушундай абалда болсо, Кыргызстан жөнүндө сөз кылбай эле койгон оң…

Ички сурамын жок дегенде 50 %га канааттандыргыдай товар өндүрө албаган өлкө эч качан экономикалык жактан коопсуз болбойт! Анын калтыраган туруктуулугу тышкы күчтөрдүн кызыкчылыгына көз каранды. Мындай туруктуулукту ***2-3 күндө*** бузуп, өлкөнү дүрбөлөңгө түшүрүп, чакчелекей сала алат. Биздин 1,7 млрд. жакын алтыныбызды – валюта резервибизди өлкөдөн импорттун демейки режими сакталган шартта 1,5-2 айда агызып кетүүгө болот. Башкача айтканда, сиз менен биздин экономикалык жашообуз – дүйнөлүк валюта базарынын «өгөй баласы».

Өткөн кылымдын улуу экономисти Джон Мейнард Кейнс 60 жыл илгери мындай деген экен: ***«Өлкөнүн экономикалык өнүгүшү «казинолордун» ишмердигинин кошумча өнүмү болуп калса, бул анын өкмөтү начар иштегенинен кабар берет».*** 21 жылдан бери биздин өкмөтүбүз кандай иштегенин баалай бериңиз! ***Иш жүзүндө жагдайыбыз кандай?*** Улуттук акча системабыз валюта аралык курстарга бекем чырмалышкан, улуттук экономиканын монеталашуу шарттары тышкарыдан көзөмөлдөнөт! Каржы базарынын насыя өнүмдөрү экономикабыздын реалдуу секторун өнүктүрүүгө мүмкүндүк бербейт. ***Эмне кылабыз???***

Закымдай алдаган жалган элестен арылуу үчүн бир ачуу чындыкты баарыбыз билип коюшубуз керек: ***Кыргызстан азыркы дүйнөдө өз алдынча, жок дегенде анча-мынча өнүккөн туруктуу өлкө катары биздин өзүбүздөн башка эч кимге керек эмес!*** Эгер ушул максатты ойлогондор болгондо, БВФ (МВФ) тышкы карыз түрүндө берген аз акча менен деле биз эчак өнүгө баштамакпыз. Бирок бул акчаны жеп жок кылуубузга гана уруксат, экономиканы өнүктүрүүгө жумшоого укугубуз жок. Ошондуктан тез арада банктык да, экономикалык да эмес, ***мамлекеттик чара*** көрүүбүз зарыл! Биз азыркы колдонулуп жаткандан тышкары көмөкчү, кошумча акча бирдигин жүгүртүүбүз керек. Ал пайызсыз берилүүгө тийиш. Мындай акча бирдиги «АЛТЫН» деп аталат! «АЛ + ТЫН!» б.а. көңүлүңдү ***тын***чыткыдай өлчөмдө ***ал***. Бул каражаттын өзөгүндө ***ЧЕН-ӨЛЧӨМ*** сактоо ***принциби*** турат. Бул валютанын сомдон айырмасы – ***сом*** конвертирленет, ал эми ***«алтын»*** валюта аралык алмашууда колдонулбайт. Аны экономикалык процесстерди тездетүү максатында жалаң гана ички товардык бүтүмдөрдүн операциялык активи катары, б.а. ички жүгүртүүдө гана пайдаланууга болот.

Биз бул валютанын эки түрүн: «***социалдык, накталай алтынды***» жана «***өнөр жайлык, накталай эмес алтынды***» сунуштайбыз. Дүйнөдө бүгүнкү күндө эле инновациялык акчалардын жүздөгөн долбоорлору иштеп чыгарылууда. Алардын 99 %ы ар кайсы себептерге байланыштуу жарабайт, бирок 1 %ы товардык жүгүртүүдө ийгиликтүү колдонула баштады. Негизги валюта ЭКВ катары конвертирленип турат, бирок инвестициялык даремет катары пайдаланууга ал такыр жетишсиз болгондуктан, биз бул акчанын кыйла зор бөлүгүн бошотуп, инфратүзүмдүк (жол, байланыш, саламаттык сактоо, билим берүү ж.б. тиешелүү) долбоорлорду өнүктүрүү үчүн жумшообуз зарыл. Акча – бул биринчи кезекте ИДЕЯ гана, өзү чагылдырган товар менен тейлөө кызматынын белгиси, ошол товар менен тейлөө кызматы өндүрүү каражаты гана. Өлкөбүз үчүн алгылыктуу жана пайдалуу инвестициялар тууралуу сөз кылсак, дал ушул капиталдын бизге келишине бөгөт коюлгандыгын, мунун ааламдык өзүнчө себептери бар экендигин айта кетүү керек. Ушундай инвестициялар өлкөбүзгө келсе, товар өндүрүшү өсөт, калкты жумуш менен камсыздоо мүмкүнчүлүгү да артат. Бирок анда «акча адалдоо»

мейкиндиги тарып кетет. Улуттук товар өндүрүшү өскөн сайын «арам акчанын» жүгүртүлүшү чектелип, ЭКВге болгон муктаждык азая берет!

Эмне үчүн соңку революциядан бери үч жыл өтсө да, инвестиция тартуу жөнүндө көп айтылып жатканына карабастан, атүгүл кеңири керектелүүчү товарларды чыгаруу боюнча бир дагы көзгө көрүнөрлүк өндүрүш ишканасы ачылган жок? Эмне үчүн айыл чарба өнүмдөрүн товар катары өндүрүүдө жылыш жокко эсе? Анткени бул үчүн жагымдуу шарт түзүүгө тырмактай да аракет жасалбады! Бизге өз пайдасын гана көздөп, өлкөгө саясий таасирин күчөтүүгө, биздеги орчундуу инфратүзүмдү менчиктештирүүгө, кен байлыктарды иштетүүгө умтулган ТУКтардын жалаң гана «саясатташкан капиталы» келүүдө. Башка эч нерсе келбей жатат! Ал эми коммерциялык банктар пайыздык коюмдарын дагы эле товар өндүрүүнү өнүктүрүү үчүн алгылыксыз деңгээлде кармап жатат!

Экономиканын бардык стратегиялык тармактарын ТУКтардын менчигине өткөрсө деле, ашып барса 20-30 миң жумуш орду түзүлөт, бирок калган калың эл эмне кылышы керек? Эл аралык каржы түзүмдөрүнөн келүүчү бардык кеңешчилерге биздин улут өзүнө кыянат кылган мындай саясаттын улантылышына макул болбостугун билдирүү зарыл! Өз каражаттарын өнөр жай ишканаларын ачууга жумшай ала турган реалдуу инвесторлор экономикалык саясатын бүт бойдон БВК (МВФ) тескеген өлкөлөрдөн качат! Ошондуктан андай инвесторлор капиталын Кытайдын ишканаларына которууга кызыгат. Капиталдын үч түрү белгилүү: ***ссудалык, соода жана ишкер (өнөр жай) капиталдары***, булардын дал үчүнчүсүн биздин өлкөгө жолотпой жатышат. Анткени биздин аймактагы экономикалык мейкиндик азыр дүйнө жүзүн каптаган чайкоочулукту өнүктүрүү үчүн пайдаланылууда.

Н.К. Рерих өзүнүн «Акыл нуру» («Озарение») китебиндеги 306-текстте мындай деп жазган: ***«Кылмыштуу чайкоочулукту тынымсыз кыса бериш керек, анткени Жер жүзү чайкоочулук илдетине кабылган. Ар бир доордун өз оорусу бар. Адамзат эзелтен бери ушул чайкоочулук менен ооруп келген эмес. Бирок ал – орчундуу өзгөрүүнүн жышааны, демек, бул балээни док кылуу үчүн эволюциянын пароксизми керек».*** Ушундай пароксизмди (мында: күтүүсүз курчуган абалды. – ред.) Жер шарында жок дегенде бир эл түзүүгө тийиш! Экономикада каржы таянычтарынын бардык түрлөрүн: негизги валютаны – сомду, көмөкчү акчаны – «алтынды», ошондой эле жергиликтүү да, чет өлкөлүк да ишкер (өнөр жай) инвестиция ресурстарын айкалыштыруу зарыл. Өкмөттүн экономикалык саясаты жалаң гана чакан жана орто өндүрүш ишканаларын түзүү максатын көздөгөн Аймактарды өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаны – бирдиктүү стратегияны жүзөгө ашырууга багытталышы керек. Кызмат адамдары эл үчүн, мамлекет үяүн пайдасыз долбоорлорго алаксыбашы үчүн кен байлыктарды иштетүүгө убактылуу МОРАТОРИЙ жарыялоо керек. Себеби бизди көз көрүнөө алдап жатышат: адегенде ресурстарыңардын баарын бергиле, анан таттуу «момпосуй» аласыңар деп! Бирок «момпосуй» эч качан болбойт, бул кезектеги эле КӨЗ БООЧУЛУК…

Монеталашуу деңгээли кеминде эки эсеге чоңоюшу керек, бирок бул негизги улуттук валюта болбоого тийиш, антпесе гиперинфляция келип чыгат. Бул теманы ушул Чакырыктын алкагында кеңири чечмелеш мүмкүн эмес, бирок «Таза мамлекет теориясында» толук түшүндүрүлгөн. Биздин идеябыз дүйнөдөгү прогрессивдүү экономисттерден жана финансисттерден кыйыр түрдө колдоо таап жатат. Мисалы, Лиетар Бернар мындай дейт: ***«Кошумча валюталар аймактарды расмий акча системасындагы каатчылыктын соккусунан коргонуунун үрүнттүү куралы болушу мүмкүн. Акырында, бул ишкердик үчүн жергиликтүү масштабдагы жеңиш, бүтүндөй коом үчүн да утуш алып келет».*** Мамлекет өз жарандарына бир нерсе бере алгыдай болсо, буга жооп иретинде жалпы калайыктан жана ар бир жарандан тартиптүүлүктү талап кылууга акылуу болот. Ошентип, өлкөдө мамлекеттик тартип жана укук түзүмү келип чыгып, бекемделет. Эч нерсени эч качан бузуунун кажети жок! Колдо бар нерселерди жакшыртып, жаңы, мыкты нерселерди жаратуу керек. Чайкоочулукка эмес, реалдуу товар өндүрүшүнө

байланышкан ***жарыш колдонулуучу көз карандысыз акча системасын*** түзүү менен каржы-экономикалык системаны «дарылап», акырындык менен айыктыра беребиз…

Тарых таразасында саясий бийликке жетип, мамлекеттик экономикасынын бардык түйүндүү жерлерин ээлеп алган 0,1 % өлкө өкүлдөрүнүн эмес, бүтүндөй Улуттун (Элдин) кызыкчылыгы коюлууда. Бир ууч азчылыктын бизнеси стратегиялык товарларды импорттоого негизделген, алардын байып, кутурушу үчүн шартты биз өзүбүздүн жалпы керектөөбүз жана эмгегибиз менен түзүп жаатбыз. Алар ресурстар үчүн өз ара аңдышып, согушуу менен алек болуп калды, ошондуктан улуттун прогрессивдүү ***ЭЛИТАсы*** өлкөбүздүн өнүгүү багытын ***180*** градуска бурууга милдеттүүбүз! Жок, биз ***Таза Мамлекеттин*** жарандарынын ишкердик аркылуу байышына тыюу салбайбыз, бирок биз алардан келесоо, ыймансыз, кайдигер жана өзүмчүл болгонду токтоткула деп талап кылууга акыбыз бар. Мындай адамдардын байлыгы өнүмдүү, адал болуп, бүтүндөй КООМдун жалпы социалдык жыргалчылыгы үчүн өбөлгө түзүшү керек. Адамдын бактысы үчүн абдан өтө көп нерсе керек деген чоң жаңылыштык бар. Чындыгында эгер өзүбүздүн өмүр жолубуздагы эң урунттуу жагдайларды талдап көрсөк, бактылуу болуу үчүн аз эле нерселер керек экендигин түшүнөбүз. Бул: бүгүнкү КӨҢҮЛ ТОКТУК, эртеңки күнгө ИШЕНГЕНДИК. Калган баары өзү эле келет…

Сизди урматтап
Мурат Мусабаев

**Мурат Мусабаев, система талдоочу, публицист, социалдык мастер**

Мамлекеттин ар бир жараны биздин өлкөнүн социалдык уюшуусуна олуттуу коркунуч туулгандыгын аңдап билүүгө тийиш. Мен биринчи кезекте диний жана улутчул экстремизмди көңүлгө тутуп жатам. Окуялардын азыркыдай багытын эске алсак, биз улут аралык касташуунун эң жексур, мыкаачы түрлөрүнө чейин түшүп кетишибиз ыктымал экендигин түшүнөбүз. Анткени диний жана улут аралык чыр-чатактын өртү оңой эле тутанат. Коомдо башаламандыктар, тополоңдор табигый кырсыкка окшоп күтүүсүз чыгып, ойлонууга убакыт калбашы мүмкүн.

Экономикадагы жана каржы чөйрөсүндөгү шал, мунжу абал биздин социалдык турпатыбызга тышкарыдан таңууланган, бирок биз муну ойлобой, бейкапар бойдон калып, өзүбүздүн жашообуз үчүн жоопкерчиликти саясатчыларга жүктөп койгонбуз. Саясий ишмердик болсо эптеп бийликке жетүүгө умтулган мансапкорлордун, бузукулардын жана наадандардын кесибине айланды. Бийликти жаратман эмгектин «чыгармачыл өнөрканасына» айлантмайынча, ага жалаң гана бүлгүнчүл күчтөр жулуна берет. Руху керең, көкүрөгү сокур болгондуктан, саясатчылардын көпчүлүгү эмне кылуу керектигин жакшы билебиз деп ойлошот. Бирок алардын айынан мамлекетте туруктуулук орнобой, көчүбүз оңолбой келет! Баарыбыз ал «экспериментчилерден» тажап бүттүк, биргелешип Таза Мамлекет курбасак болбой калды…